Э 80

Эрмендиров Базар



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
«АРДАКТУУ АКСАКАЛЫ»

# ТОГУЗ-ТОРО МЕКЕНИМ

**Эрмендиров Базар**

# ТОГУЗ-ТОРО МЕКЕНИМ

Чынгыз Айтматов атындагы
райондук борбордук китепкана
Инв.№ 32615

**Бишкек - 2016**

## Эрмендиров Базар

Ардактуу менин балдарым. Мен ойлонуп бала-чакам, кыздарым, келиндерим билип жүрсүн деген ой менен, менин башыман өткөн тарыхымды билсин деген пикир менде пайда болуп ушуну жаздым. Менин жашоомдо өткөргөн өмүр баяндамам төмөндөгүдөй.

Мен Эрмендиров Базар 1935-жылдын 9-майында Өрнөк участкасында туулганмын. Анткени атам 1934-жылы Өрнөк колхозу болуп турганда, атам Өрнөк колхозуна парторуг жана кампачы болуп иштеп калыптыр. Ошондуктан, Базар уруудан төрөлдү деп, атымды карып адамдар бата беришип, атымды Базар деп койгон экен. 1936-жылы күз айында Дөдөмөлгө көчүп келиптирбиз.

Мен 1935-1943-жылдарда ата-энемдин колунда тарбияланып, 1943-1950-жылдарда Дөдөмөл мектебинде окуп, 1950-1953-жылдарда Казарман мектебинде окуп онунчу классты бүтүрдүм. Кадыйча экөөбүз катуу окуучубуз. 1954-жылдын 5-октябрь айында Кадыйча экөөбүз үйлөндүк. Мен 19 жашта Кадыйча 18 жашта эле. Кудайга шүгүр бала-чакалуу, неберелүү болуп этек-жеңибиз жайылып, эл катары болуп калдык.

Менин ишимдин башы Тогуз-Торо селолук советтин алдындагы китепканадан баштадым. 1960-жылы Нарындагы 6 айлык дүкөнчүнүн окуусун бүткөндөн 1963-жылга чейин сатуучу болуп иштедим.

1963-1969-жылдарда колхоздо Комплект бригаданын бригадири болуп иштедим. 1969-1980-жылдарда, колхоздо кой товар ферманын башчысы болуп иштеп турганда 8-9-беш жылдыктын жеңүүчүсү деген значок алып жана айыл чарба министрден ардак грамата менен , эмгек каарман медалы менен сыйландым. Ушул иш менен катар бригадалык баштапкы партиялык уюмдун секретарлык милдетин аткарып жүрдүм.

1980-1988-жылдарда Тогуз-Торо айыл өкмөтүнүн председателинин милдетин аткарып жүрдүм.

1988-1996-жылдарда Тогуз-Торо районун кыргыз почтага караштуу Дөдөмөл, Кош-Булак участкасындагы пенсия-пособия алуучуларга акча таркатып кассирлик милдетти аткардым.

1969-1974-жылдарда Бишкекте эконом факка университетке окууга заочный окууга кирип, 1974-жылы бүтүп, айылчарбасын пландаштыруу боюнча экономист деген спецеалистке ээ болуп, жогорку билимдүү болдум.

Иштеген ишим боюнча эч замичание алган жокмун. Бир нече жолу райондук советке, айылдык советке депутат болуп шайландым. 1996-жылдан тартып пенсияга чыгып, азыр эс алууда жүрөм.

## Илязова Кадыйча боюнча (1936-жылы туулган)

Кадыйча 1953-жылы Казарман орто мектебин окуп 10-классты бүткөн.

Кадыйчанын иш башы колхозго саанчы болуп иштегенден башталды.

1956-жылы Нарындан китепканын окуусун окуп бүтүп келгенден кийин 1957-1961-жылдарда Тогуз-Торо айыл өкмөтүнүн алдында окуу үйүнүн башчысы болуп иштеди.

1961-1966-жылдарда колхоздо Дөдөмөл участкасында кампачысы болуп, 1966-1970-жылдарда Тогуз-Торо айыл өкмөтүнүн катчысы, 1970-1980-жылдарда кой кыркым учурда классровщик болуп иштеп, колхоздун башкармасы тарабынан бир топ сыйлыктарды алып, барктуу, кадырлуу адамдын бири болуп иштеп жүрдү.

Кадыйча балдарын багып өстүрүп эрезеге жеткирди. Уулдарын үйлөнттү, кыздарын турмушка чыгарып, куда сөөк күтүп, бактылуу адамдын бири болуп жүрдү. Кийин 2003-жылдын 15-сентябрнда 67 жаш курагында жарык дүйнөдөн өттү.

## Билип алгыла

Айлар боюнча, мен өзүмдүн билгендеримди силерди билип жүрсүн деп кагазга жазып коюну туура көрүп, ушуну жаздым. Айрымдары ойго алса алаар, албаса калааар.


| № | Орусча айлар | Кыргызча айлар | Жыл сүрү | Кыргызча айда | Мүчөлү жылдар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Январь | Үчтүн айы | Чычкан | 9 | 13 |
| 2 | Февраль | Бирдин айы | Уй | 7 | 25 |
| 3 | Март | Жалганкуран | Жолборс | 5 | 37 |
| 4 | Апрель | Чынкуран | Коен | 3 | 49 |
| 5 | Май | Бугу | Балык | 1 | 61 |
| 6 | Июнь | Кулжа | Жылан | 23 | 73 |
| 7 | Июль | Теке | Жылкы | 21 | 85 |
| 8 | Август | Башоона | Кой | 19 | 97 |
| 9 | Сентябрь | Аякоона | Маймыл | 17 | 109 |
| 10 | Октябрь | Тогуздун айы | Тоок | 15 | |
| 11 | Ноябрь | Жетинин айы | Ит | 13 | |
| 12 | Декабрь | Бештин айы | Донуз | 11 | |

***Жети атасын сураса билбейм десе, анда жигит мырзасы эмес кыргызымдын.***

Ошондуктан туугандарым, уулдарым, кыздарым жети атаңарды билип жүрсүн деп ушуну жаздым.

| | | |
|---|---|---|
| 1. Саяк | 8. Калытакчы | 7. Тегим |
| 2. Сары | 9. Татайболот | 6. Жетем |
| 3. Ботокара | 10. Бөкө | 5. Кубарым |
| 4. Кудайберди | 11. Коконбай | 4. Жотом |
| 5. Бабакайнар | 12. Тынай | 3. Бабам. |
| 6. Чөрдөгөй (Тезек) | 13. Сакы | 2. Чоң атам |
| 7. Бытан | 14. Эрмендир | 1. Атам |

**Биздин уруктун бөлүнүшү**




## Бөкө атабыз боюнча

Түпкү тегибизден бери эсептегенде онунчу атабыз Бөкө болуп айтылат. Бөкө атабыз боюнча өтүп кеткен кары адамдардан угуп жүргөнмүн. Бөкө эмгекчил, оозунан чыккан сөзү эки болбогон, мергенчи адам экен. Бөкөнүн эки аялы болуптур. Улуу аялынан Кенжебай, Базар, Токтор. Кичүү аялынан Коконбай атту балдары бар экен. Бөкө атабыз карып калган кезинде көзүмдүн тирүү кезинде балдарыма энчимди бөлүп берейин деп ойлонуп, улуу аялынан төрөлгөн үч баласына Коконбай жокто энчи бөлүп берет.

1) Кенжебайга дин боюнча билимимди бердим деген экен, ошондуктан Кенжебай уулу динди карманып калганы ушундан.

2) Ортончу баласы базарга бийликти бердим дептир. Базар бий болуп элди башкарып турган. Базар уулу Өрнөк участкасында жашап турушат. Базардын балдарынан Сасиев Бейшенбек,

Нусупбеков Кылыч жана Чокморов Рыскулдун балдары тың болушуп, эл оозунда айтылып жүрүшөт.

Базар атабыз өлгөнү эл оозунда айтылып жүрөт. Базар атанын күмбөзүн бир канча эркечтин майына бышырып тургузган дешет. Ушул күнгө чейин күмбөз бышкан кирпичтей турат.

Ошондуктан атантайлар көрөалбастык менен Базардын күмбөзүн бузуп кетип, кийин кайра тургузган дешет.

Ошондуктан Базардын эки кызы Гүлчө, Мейиз, Алым сабак айтып, кошок кошуп, мындай дептир.

Төөгө жабуу жапкансып,
Төмөнтөн жоону чапкансып.
Атка жабуу жабкансып,
Алыстан жоону чапкансып.

деп Атантай урууну кордогон экен. Күмбөздү бүткүчө Тулпарга көчүп келип отурушуптур. Күмбөзү бүткөндө кыздары:

Салкында үйдү чечебиз
Атамдын сарайы бүттү кетебиз
Күүгүмдө үйдү чечебиз
Атамдын күмбөзү бүттү кетебиз –

деп кайра Өрнөккө көчүп барышыптыр. Кийин ашын Атантайлар каршылык көрсөтөбүз деген менен Жумгалдын Былкылдак деген сазына Базар атанын ашын берген экен. Саздан адам өтөалбагандыктан, ашка союлган жылкынын башын таш ордуна, сазга киши басып өткөндөй катары менен коюп, кишилер басып өтүп турган экен. Ошол учурда бир аксакал киши айткан дешет. Базардын балдарынан эл башкарган адам аз чыгат деген экен. Калппы чынбы кудай эле билбесе 3-Токтор баласына энчиге байлыкты бердим деген экен. Ошондуктан Токтор уруулар малдуу, жандуу болгондуктан, Бөкө атабыздын айтканы туура келди дешип, эл оозунда айтылып жүрөт. Чындыгында Токтор уруулардын 70-80% ти оокаттуу жашашат.

4-Бөкө атабыздын кичүү аялынан Коконбай атабыз болгон. Биздин урук Коконбайдан тараган. Энчини үч баласына бөлгөн. Учурда Коконбай болгон эмес. Коконбай Бөкө атасына нааразы болуп, мага эмне үчүн энчи бербейсиң дегенде, Бөкө атабыз сага

берчү энчим бар, менин чоң өнөрүмдү, аңымды(мергенчилигимди) бердим деген экен.

Ошондуктан биздин уруктун балдары мергенчиликке жакын. Коконбай өзү карапайым, өз эмгеги менен кадыр баркка ээ болгон экен.

Капкан салып, тузак тартып, суусар, сүлөөсүндү алып аны байларга, манаптарга тартуу кылып берип алардан мал алып, оокатту болуп байыган экен. Айрым байлардын малын карышкыркүч болуп, кырып турган учурда Коконбайга ат жиберип, алдырып келип карышкырларды капканга, тузакка алдырып, атабыз өз аңчылыгы менен байларга барктуу болуп жүргөн дешет. Карышкыр алган үчүн байлар ат мингизип, тон кийгизип кадырлуу болуу менен сыйдын үстүндө жүрүп, өз маңдай теринин үзүрүн көрүп, эч кимдин көзүн карабай оокаттуу, жандуу, бирөөгө жамандыгы жок эл ичинде жашап жүргөн. Коконбай атабыз кайсыл жылы экенин билбеймин, кар калың түшүп, төөнүн куйругу карга сүйрөлүп калган учур болгон экен. Менимче кардын калыңы бир топ эле болгон экен деп ойлойм.

Мына ушул учурда атабыз жакадан жапкак менен Дөдөмөлгө келип асмандын белине калың карга ача баш таякты сайып, таяктын учундагы ача учтуу таякка эттен сайып коюп, эртеси кайра келсе, көк жол карышкыр таяктын башындагы этти чапчып алам деп, учундагы ача башына карышкырдын алдыңкы бутунун тобур башынан илинип асылып өлгөн экен. Ошондуктан асмандын бели эмес асма бел деп айтылып жүрүп, кийин эле асмандын бели деп айтылып келе жатат. Негизи асма бел деп айтылып калуусу туура деп ойлойм.

Бул асма бел деп аталып калган атка Коконбай атабыздын аты калды деп биз урпактары кубанып жүрөбүз. Кийинки муундар ушундайларды биле жүрүшүбүз керек.

## Коконбайдын уулу Тынай боюнча

Бизди ушул учурда Тынай уруу деп айтылабыз. Тынай атабыз эгеги жайылган, малдуу, жандуу адам экен. Тынай өзү элге

алынган, бирөөнүн көзүн карабаган, оокаттуу, кадырлуу адам болгондуктан аны өз чөйрөсүндөгү эл сыйлашчу экен. Тынай мергенчи, саяпкер адам болгон. Анын улоо "кызыл" деген аты болуптур. Ашта тойдо алдына ат салбаган, нечен жарышта дайыма байге алып, атактуу күлүк ат болуп аталып жүргөн экен. Бир жылдары кар калың түшүп, жутта жайыттан улуу кызылды көчкү алып, Бөбөөндүн Көл булагында өлүптүр. Көчкүдөн казып алышып, башын кесип алышып, Кайкы конуштун алдында тумшуктагы арчага илип койгон дешет. Ошол күндөн ушул күнгө чейин "Аттын" башы деп айтылып жүрөт. Бул ат түбөлүккө айтылып жүрөт го деген ойдомун.

Тынай атабыздын 3 уулу болгон. Алар Турдукожо, Сакы, Касымбек. Турдукожо атабыздын Дүйшөбай, Касымалы, Дыйканбай балдары жана кыздары болгон. Турдукожо атабыз өмүрү өткүчөктү бардар, малдуу, жандуу жүрүптүр. Атабыздын жайдын күнү дагы жылуу кийинип, кыш тебетей менен жүрчү дешет. Дайыма малдуу болгондон кийин Көл булакка жайлоого чыкчу экен. Кеч күздө жакалап малы менен түшүп кетчү экен. Көл булакта жайлап жүргөн учурда, кыроосунан күнүнө бирден койду жедирип жүрүптүр. Бир күнү караңгыда кою үркконүнөн Турдукожонун байбичеси Алтынчач энебиз түлкү ичигин жамынып алып, короону көздөй басса бир койду илбирс басып алып жеп жатыптыр. Алтынчач энебиз Илбирсти ичиги менен басып калат дагы абышкасын чакырат. Илбирс күркүрөп жата берет. Аңгыча Турдукожо атабыз бычак алып келип, илбирстин жолоорсугун союл менен чаап өлтүрүп алышат. Илбирстин терисин кийин Гүласал апабызга калыңга бериптир.

## Турдукожонун биринчи баласы Дүйшөбай атабыз боюнча

Дүйшөбай атабыз кийин эле 1969-жылы өтүп кетти. Жаш кезинен тартып мээнеткеч, эмгекчил адам эле. Өзү эч кимден тартынбаган, сөздү туура сүйлөгөн эр жүрөк, балбан чалыш улак кеч адам экен.

Өзү мүнүшкөр бүркүт, ителги таптап, табына келгенден кийин илбесинди алдырып жүргөнүн өз көзүм менен көрдүм. Жаш кезинен тартып пенсияга чыкканчакты союз учурунда байбичеси Зейне экөө талыкпай эмгектенди. Колхоздун ишенимдүү уйчусу болуп, көп жыл ак ниети менен иштеди. Иштеген эмгегин баалап жогорку өкмөт тарабынан “Ардак грамота” менен сыйланып медаль алууга жетишти. Элибиздин ардактуу, сыйлыктуу адамы болгондуктан эл абамды ар дайымсыйлап жүрдү.

Абам жаш учурунда Жалал-Абадка көп каттап, бала-чакасын багыш үчүн соода кылып жүрүптүр. Бир күнү Жалал-Абадка бара жатып кеч киргенде бир үйгө жатып калган экен. Ал үй ээси абамдын жай-жайын сураса абам мен силерге күйөө бала болом деп айтып, үй ээси менен таанышып калыптыр.

Сөздөн сөз чыгып отуруп, үй ээсинин аялы жөндүүрөк аял көрүнөт. Абам жөн турбай аялды шалдаакы экенсиң дептир, аялдын жини келип, мени эмне шалдаакы дейсиң деп, үйдон чыгып кет дептир. Анда абам бизде шалдаакы депмыкты аялды айтат десе сүйүнүп кетип, менин 2 эжем, 1 синдим бар ал да мендей шалдаакы дептир. Ошентип абам сөз таап кутулган экен.

## 2-баласы Дыйканбай жөнүндө

Атабыз дыйканбай кара кылды как жарган калыс адам болчу дешет. Балбандык жайы бар эле деп карылардан укканмын.

Турманбет уулу Осмонаалы менен теңтуш бирге жүргөн сырдаш болгон экен. Осмонаалы өзү чыныгы балбан дешет. Бирок Осмонаалы коркок экен. Атабыз Дыйканбай Осмонаалы менен күрөшүп бирин-бири жыгыша алчу эмес дешет. Дыйканбай атабыз Осмонаалынын оюна койбой дайыма күрөшүп жүрүп, күрөштүн ыгын алып, Осмонаалы аке чоң балбан болуп чыкты деп карылар айтчу экен деп Шеримбек аке айтып калат. Чындыгында Осмонаалы акенин балбан болушуна Дыйканбай атам себепчи болгондугу чындык экен. Дыйканбай атабыз 30 жашка жетпей жаш кезинде өтүп кетиптир.

## 3 – баласы Касымалы боюнча

Касымалы атабыз кийин эле кайтыш болду. Акбай акенин айтканы эсимде. Акбайдын атасы өзү тың, созү өтүмдүү адам экен. Абдыразак жезде жаш кезиндекөчмөндүү болуп Аралга, Атайга барып, акырында тезек элине келип, Кайындынын Бөйрөк жайлоосуна көчүп барган учурунда, кайсы жыл экенин билбеймин Камчыбектин Нарын суусуна салдырган көпүрөсү бүткөндө чоң той берген экен. Тойдо ат чаптырып Тогуз-Торо өрөөнү боюнча тойго катышкандар балбан күрөш, эр эңиш болуп ат чабышта Турдукожо атабыздын Кара-Кашка күлүгү чыгып келиптир. Ушул күлүк атты атайын суратып, короолу эжебиз төркүлөп жиберет. Короолу эжебиз жоош киши экен. Акбай уулун кошуп берет. Атты бермейинче келбе деп катуу тапшырат. Короолу эже уулу менен Турдукожо атасына барып, күлүк атыңды төркүлөп сурап келдим десе Турдукожо атабыз унчукпай койгон экен. Бир жума жатат. Акырында кемпири, уул кыздары тегеректеп, ынандырып атты берет экен. Атты Короолу эжебиз минип уулун учкаштырып алып жөнөгөндө күлүк от оолугуп жорголоп жөнөгөндө бергиси келбей атабыз. Короолу чакырганда атасынын аркасына жашынып алып кете бер дегендей белги берген дейт. Ошондон кийин Абдыразактын иши оңолгон деп айтылып жүрөт. Касымалы агабыз көп жыл жылкычы болуп жүрдү. Согуштун учурунда жылкычы эле, ал учурда Бердалиев жыл колхоздун башкармасы болчу. Кыштын күнү Кара-Булактын башына тешик үңкүргө жалпы жылкычыларды көчүрүп жылкыны бүт барып багуучу. Жылкычылар: Турусбек, Эсал, Матыш, Сатарлар болгон Жумгалдан Алманбетов деген Сатар акенин жээни согуштан качып Сатар акеге байыр алып келген. Сатар аке ал жээнин жылкыга кошо алабарып кошо жүргөн. Бир күнү райондук милициянын начальниги баш болгон органдын кишисинен болуп жылкычыларга Тешик үңкүргө барат. Жалпы жылкычылар күндүз Сатар акенин жээнин кайтартып коюп өздөрү жатаканасында турушат. Барган милициялар кырда жылкынын жанында жүргөн кишини көрүп, тиги жылкыдагы киши ким деп сураса Касымалы акем ал киши Качкынбай деп жооп берген экен.

Ошону менен милициялар баса бериптир. Жанындагы жылкычылар милициянын көзүнчө күлүп жиберип уят боло баштадык деп күлүшүптүр. Бир күнү күндүз жылкыны кайтарып жүрүп:

Кара чечен терискен
Кардын суусун эриткен
Каарлуу кыштын тушунда
Калмак үңкүргө көчкүн деп
Башкарма кара жанды кейиткен

деп ырдап коюптур. Бул сөз элге тарап башкарма Ясын угуп наразы болгон экен. Касымаалы акем башкармадан кечирим сураптыр.

Касымаалы акем эл ичинде кадырлуу барктуу адам эле. Сөзмөр, санжыраны жакшы билген, куудул, элди өзүнө тартып күлдүргөн сүймөнчүлүктүү адам деп айтсам мен жаңылышпаймын. Өз теңдүүлөрдүн ичинде авторитети бар. Касымаалы акем сүйлөгөндө теңтуштары унчукпай, сөзүнө кулак төшөп, көңүл бөлүп угуп турaар эле. Касымалы акенин курбулары Иманберди, Борбу, Турусбек, Эсал, Матиш, Сагынбай, Турдакун жана башка адамдар эле. Касымаалы акемдин күлкүлүү көп эле сөздөрү бар. Ошондон айрымдарынан айтууга туура келди. Жогорку жазылган жылкычылар менен чогуу иштешип жүрчү. Кайсыл жылы экени эсимде жок. Жайдын толук кези, июнь айына орозо туш келип калган учуру. Башкарма Иса аке эле жылкычыларды Кашка-суудан Ак көлдүн чырпыктуу бейитке көчүрүп калат. Жылкычылар баары тең орозо кармашат. Жүктөнүп алып көчүп калат. Алдыга Касымаалы акем байбичеси менен жөнөшөт. Касымаалы акем канжыгасына, кол чаначка кымыз байланып алат. Июнь айы күн ысык болсо бел ашып торпуга барганда көчүн токтотуп кемпирине айтат. Сен артта келе жаткан жылкычыларды карап тур. Мен кол чаначтагы кымыздан жутуп алайын деп, кол чаначтагы кымыздан жутуп жатканда артынан Матиш аке барып көрүп калат. Касымаалы эмне кылып жатасын деп обочо жерден кыйкырат. Анда Касымаалы акем Гүласал апамды чанач менен мабап сен жакшы карап турбайсың дептир.

Кийинки жылдарда дагы жылкычы болуп турганда жайлоого Исанын атасы Иманберди Касымаалы акеме барып кымыз сураптыр. Экөө таяке жээн жана ысык теңтуш. Иманбердини тамашалап мындай дептир.

Башкарманын атасы
Бузулган элди оңдогон
Чолок бээ минип куркулдап
Тойчугулдай болбогон

деген экен Тойчугул деген Исполкомдун ат багуучусу. Иманберди акенин мингени куйругунун учун туура кыркып койгон бээ экен. Иса аке башкарма эле, Касымаалы акемдин тамашалап айткан сөзүнө ызаланган Иманберди аке кымыз албай таарынып баса берген экен. Ушул себеп менен бир жылга бири биринин үйүнө киришпей калган экен. Бир күнү ыгы менен Касымаалы акем алдына түшкөн дешет.

Иса аке башкарма болуп иштеп турганда көпчүлүк эл Дөдөмөктөн Өрнөккө көчүп, Өрнөктөн жер алып жүгөрү айдап калдык. Жерди бөлүштүрүүдө Өрнөктүн Кайың суунун оозу Тынай уругуна берилип, жүгөрү айдап калдык. Жүгөрү абдан жакшы чыкты. Бышкан кезде жүгөрүнү кайрып жыйнап алдык. Касымаалы акемдин тиешелүү жүгөрүсү кайрылбай жыйналган боюнча калды. Касымаалы акем жыйылган жүгөрүсүн барып карап турчу экен. Күндөн-күнгө жүгөрү кайрылып, азайып калат. Кичирээк кепичтин изин көрөт дагы жүгөрүнү уурдап жаткан го деп капкан салып коет. Эртеси барса Бармандын Садыгынын кемпири Алыш кемпири капканга түшүп, капкандан чыга албай отурган экен. Аны Касымаалы акем көрүп, Иманбердиге чаап барат. Жакындаганда Касымаалы акем күлөт. Эмне күлөсүң табылгаң бар го деп Иманберди аке айтат. Унчукпа табылгаң бар дептир. Алыш Иманберди акенин жеңеси Өйдөчекти болот. Эмне болду айтчы дейт. Капкара болгон калтор, жүгөрүгө капкан салсам түшүп калыптыр дептир. Экөө атчан жүгөрүгө келсе Алыш отурат дейт. Ошондон ыза болгон Иманберди үйүнө кетип калат. Бул жорук элге тарап күлкү болгон экен. Мына ошентип жээни Иманбердини

экинчи жолу таарынтып алган экен. Теңтуш эмеспи кийин ынтымакка келишиптир.

Илгери 1927-28 жылдарда совет орной элек учурда эл суу жээгинде өзөн-өзөндө жашап турушкан. Жай мезгилде эл тоого көчүп, мал багып, тиричилик жасап, жаз алды менен жакага эгинди буурусун менен айдап, эгин бышканда кол менен оруп, молоташка же темин куруп, азыраак эгинин эптеп жыйнап алышчу жана чөбүн, эгин аянтын тоодон азык түлүгүн алып келип сугарып, чөп чарын чалгы менен чаап жыйнап алып, жашоо ушундай болучу.

Касымаалы акем байдын баласы болсо ат минип алып, айыл аралап шаан-шөөкөт менен жүрчү экен.

Бир күнү Осмонаалы менен Борбу азык түлүгүн артынып алып жаканы көздөй өгүз менен жөнөшөт. Ал учурда коңшу Акталаадан Тогуз-Торого келип мал уурдап каракчылык көп болуп турган. Ошол учурда Осмонаалы менен Борбуну коркутуш үчүн Касымаалы акем, экөө жакага жакындаганда чайыр куурайдан мынтык сыяктуу асынып алып, ар түрдүү кийинип алып, колоттун тигил бурчунан бир чыгып, бул бурчунан бир чыгып коркуткан экен. Минген өгүзүбүздү алып алат деген ой менен жакага барбай, кайра тоого качып жөнөшөт. Тоого жакындап калганда, билмексен болуп жолунан тосуп Касымаалы акем чыгып, салам айтып учурашат. Борбу акем ушул коркутуп жүрбөсүн деп шектенип, аттын тизгининен кармап, мени учкаштырып ал дейт. Касымаалы акем макул болуп, учкаш тизгинди кое бер дейт. Тизгинди кое бергенде качып жеткирбей коет. Бул жорукка эки балбан ызаланып Касымаалы акемдин үйүнө барып, эне атасына айтыптыр. Муну билген Касымаалы акем бир жумалап үйүнө барбай, тигилерге көрүнбөй жүрүп кутулган экен.

Союздан мурда Тогуз-Торонун Табылгыты айылынан Тагайлардан Чолук деген мыкты адам чыккан. Анын үч баласы Сапарбек, Алиякбар, Кашкар деген балдары менен Тогуз-Торонунун өйүз-бүйүзүн бийлеп, катуу турган. Ошол кезде Аралда 30-40 тай түтүн орустар бар экен. Орустар аралды өздөштүрүп, жерин айдап алма өрүк, картошка жана жашылчалардын түрлөрүн айдашып, тегирмен жүргүзүп, устачылыкты жасашып, элге алынып

калган экен. 1929-30-жылдарда союз түзүлө баштаган. Орустардын жасаган жумуштарын көрө албай Табылгыдагы Чолук Тогуз-Торонун бүт элин үндөп, Аралдагы орустарды Тогуз-Тородон кубалап чыгууну ойлогон. Орустарга Чолук жигиттери менен барып тийишип, ыза көрсөтө баштайт. Бул Чолуктун кыстоосуна чыдабай, орустардан түндөп Жалал-Абадка барып, Тогуз-Тородон чыккан Чолуктун орус калкына каршы турганын толук төкпөй-чачпай айтып барат. Ал жерден орустардан кол курап, мылтык, ок дарыны ала келип, Чолукту басып алуу үчүн Казарманга топтолот. Ошондуктан Тогуз-Торо Казарма болуп калганы ушул себептен аталып калган. Орустардын бул кылыгын Чолук угуп Чолок тамга, Сары-Булуңдун этегине Нарын суугa жакын жерлерге таштан чеп жасап даярдашат.

Казарманга чыгуу үчүн Чолук Тезек элден баштап, эр азаматтарды чогултуп суу кирген учурда, суудан өтө албай турган учурда, орустар дүрбү менен көрүп, элдин бул өйүздө топтолуп турганын билип, орустар көз көрүнө сууга түшүп сүзүп чыгат.

Аны көргөн Чолук үй-бүлөсүн көчүрүп бала-чакасы менен тоону көздөй качмакчы болот. Ат мингенге жетишпей Касымаалы акенин курч тыртык сан атын сураса Касымаалы акем атын бербей, мага дагы жан керек, ата-бабанын арбагы колдосо мен дагы агам Дүйшөбайды ээрчитип алып тоону көздөй качып калаарбыз деген экен. Аңгыча орустар ок жаадырганда качкан экен. Качып бара жатып:

Карагер атым жаркылда,
Ок үнүн уксаң тартынба.
Мага жетпей келе жатат,
Дүйшөбай агам артымда.

деп ырдаса качкан эл боору калбай күлгөн экен.

Касымаалы акем, өзү курдуу абашкалар менен Жалал-Абадка эт төгүүгө мал айдап барышат. Абышкадан Сагынбай, Курбалы кошо барган экен. Малды этке төгүп бүтүп, базарлашат, алчуусун алышат. Июнь айы, ысыктын мактанып турган учуру, кошо барган элдер бүт Тогуз-Торого кетип калышып Касымаалы акем менен Сагынбай кете албай бир жумача жүрүшөт. Орусча билбегенден

кийин самолетко бара албай же тааныш киши жок, тыйын-тыпыры аздап калат. Касымаалы акем Сагынбайга айтат: "Бир амал таптым, ошого макул болосуңбу?" – дейт. Сагынбай сөздү түшүнбөй туруп эле, макулмун эптеп үйгө жеткир дейт.

Мен ооруюн, сен мени эптеп жөлөп-таяп, летчиктин канторуна барып, экөөбүз тең кирели дейт. Касымаалы акем көзүн сүзүп, шилекейин куюлтуп, Сагынбайга күч келтирип, жөлөнүп турат. Ошол замат 2-3 кишилик санитарный самолетко түшүп жөнөшөт. Белге жеткенде Касымаалы акем күлүп-жайнап сүйлөйт. Самолеттун маңдайындагы айланган вентиляторду Сагынбайга көрсөтүп, тетиги чүлүгү сынса, экөөбүздүн сөөгүбүз сөпөт болот го деп ойлопмун. Летчиктин бирөө кыргызча түшүнөт экен, башын чайкайт дейт. Летчик конгондон кийин абышкалар менен учурашып күлүптүр. Кээлери менен Акбайдыкына барышып, ушул жоруктарды айткан экен. Мен такси жалдаган жокмун, Сагынбайды жалдап жүрдүм дептир. Сагынбай аке эптеп үйгө келдик болду деген экен. Сагынбайды минген деген сөз ушундан калыптыр.

Кийинки жылда дагы Акбай акени башчы кылып, Турусбек аке, Касымаалы аке дагы жаш балдардан кошуп колхоздун уйларынан Жалал-Абадка этке айдатат.

Этсоюзга барса очередь жок. Бир жумалап жүрүп калышат. Этке айдап барган уйларды күндүр-түндүр кайтарышат. Сегизинчи күнү этке төкмөй болду деп макулдашат. Эртең өтөт деген күнү чөп сатып алышып, короого камап чөп салышты. Акбай аке Турусбек акеге, Касымаалы акеге катуу тапшырып уйдун жанынан чыкпагыла, мен эки үч саатта келем деп, жумуштарын тапшырып, шаарга чыгып кетет. Алар кеткенине бир саат болду. Кеч келет. Жүрү Турусбек экөөбүз базарга барып, үйгө майда чүйдө алалы деп, Турусбек аке экөө базарга барып майда чүйдө алып кайра жөнөп калган учурда жолунан Акбай аке жана зоотехник учурап калат. Абышкаларга Акбай акенин жини келип, силер эмне келдиңер десе, анда Касымаалы акем айтыптыр. Биз этсоюздун окуусуна келгенбиз, өтө албай жатабыз дегенде, Акбай аке унчуга албай калган экен.

Жолдо келе жатып Турусбек аке сөз таап айтканга Касымаалы акеге ыраазы болгон экен. Ушундай чукугандай сөз таап сүйлөгөн адам, үйдөй нааладан кутулат деген сөз туура экен.

Союздун учуру колхоз болуп турганда Касымаалы акем колхоздун кочкорун багып, жайлоого чыгып, күзүндөсү чабандар бөлүп кетчү. Кочкорду эки жылча бакты. Бир күнү Касымаалы акем сазтымоолоп калды, башкарма Иса аке Касымаалы акемди көрүп эмне деген оюң бар деп сураптыр. Мен карыдым, колумдан келе турган эмес, бир жагы сазтымоолоп турам дептир. Иса аке күлүп бир киши жиберем жообун айт деп кетип калат. Эртеси Каш-Булактан Турдакун аке келип Касымаалы акенин акыбалын сурайт. Касымаалы аке Турдакундан шектенип Иса жиберген го деген ойдо болуп турса, Турдакун аке Касымаалы акемден кочкордун багуу шартын сурайт. Касымаалы акем айтыптыр:

-Кочкорду баксаң акча көп, кайтарып убара болбойсуң, кыйналбайсың, үйүңдүн жанынан чыкпайт, бир кенчке жолугуптурсуң. Башкарманы колго алып бирдеме бергенсиң го деп үстүртөн түшөт. Анда жакшы экен деген ойдо болуп Иса аке эртелеп барып кочкорду өткөрүп алган экен. Кочкорду жакшы багайын деп аракет кылат. Бир жумадан кийин кочкорунан беш алтыны карышкырга жедириптир.

Мен Касымаалынын кирбедимби деп айтып жүрдү. Турдакун курбалын ушинтип алдаптыр. Мына ошол жылдын күз айларында колхоздун уйларынын торпогун бөлүп бактыруу үчүн Касымаалыга бактыралы деген сөздү Касымаалы акем угуп калат. Башкарма келет деген күндү билип, Касымаалы төшөктү калың салдырып, оорудум деп жатып калат. Эртеси учурашайын деп барса төшөктө жатыптыр. Кайра-кайра жөтөлүп ыкшып калыптыр. Чын эле састымоолоп калган экен деп ошол күнү чогултуп койгон торпокторун башка кишиге өткөрүп берген экен. Эртеси таякемди көрөйүн деп барса кыргыйдай болуп отурат дейт. Эмне болду деп сураса, аны торпок оору деп айтыптыр. Иса аке күлгөн экен. Касымаалы акем жаш балдары дагы ар кандай сөздөрдү айтып, күлдүрүп отурчу эле. Мурзабай менен Шеримбек жаш кезинде жылкычы болуп, Касымаалы акем менен чогуу иштешип калды.

Экөө тең жаңы үйлөнгөн экен. 2 – 3 айдан кийин Касымаалы акемдикине чай иякени кирип калышат. Тасмалга нан, майлуу жаңы бышырылган чөбөгө менен чай ичишет. Чөбөгөдөн азыраак жешип, эшикке чыга турган болгондо чөбөгөдөн жегиле десе, майлуу экен жүрөгүбүзгө тийип калды дешиптир. Анда Касымаалы акем күлүп, силердей чакта майлуу чөбөгөнү женибизге салып алып, жеңибиздин учун бууп алчубуз. Майын жеңдин учунан шорголотуп, куюлтуп алып колуктубузга алып барып берчүбүз десе, Мурзабай аке менен Шеримбек аке чай иче албай бышкырып, үйдөн чыга качкан экен. Муну Шеримбек аке айтканы эсимде калыптыр.

## Тынайдын экинчи уулу Сакы боюнча

Тынайдын уулу Сакы, Манаптын уулу Сопу делип, эл оозунда айтылганы экөө курдаш, сырдаш теңтуш адамдар экен. Карасуудагы Калдыбай балбандын атасы Касымбай дагы Сакы Сопу менен кошо жүргөн адамдар болчу дешип карыялар айтып калчу. Жумгалдан Байсак болуш чоң той берип, Тогуз-Тородон аттуу-баштуу адамдарды жана балбандарды чакыртып, тоюн Соң-Көлгө өткөргөн экен. Тезек элинен Камчыбек, Айылчы, Сакы, Сопу, Тостоктун атасы Исабек, Бөрүдөн Касымбай балбан, өзүнүн дайыма эңишке минип жүргөн ак жол чабдар айгырын минип, теке шымды кийип камынып барган экен. Той башталып калганда Тогуз-Тородон эңишке чыгаралы деп жар салып калды дейт. Жумгалга бара жатканда жолдон эс алган жерден балбандарын күрөштүрүп жана Касымбай менен Сакыны эңиштирип даярданып барышыптыр. Эңишке деп жар салганда бөрүдөн Касымбайды, тезектен Сакынын экөөнүн бирөө чыксын деп Камчыбек айтканда, Касымбай басып келип, мага караганда Сакы атка даана отурат жана шамдагай деп, Касымбай ак жал чабдар атың жана теке шымын кийгизип, Сакыны Касымбай өзү жетелеп эңишке чыгарыптыр. Эл жабыла бата берип калыптыр.

Жумгал тараптан түшкөн балбан курсактуу, көзү көк олбурлуу киши экен. 2-3 жолу колдорун тартышып, ээрдин кашына басышып, Жумгалдын балбанын тойду башкарып турган

Чыңгыз Айтматов атындагы райондук борбордук китепкана
Инв.№ 32615



Чыңгыз Айтматов атындагы райондук борбордук китепкана
Инв.№ 3556

кишилердин алдына барып таштайт экен. Муну Макиш акем Тостоктун атасы Исабек айткан деп мага айткан.

Көзү көк, курсактуу киши экен, чалкасынан жыгылган бойдон турбай жатты деп Исабек күлкүчү киши эле. Айтып ыкшып калаар эле деп Матиш акемдин айтканы эсимде. Чоң атам уудуң-шуудуңу жок түз жүргөн киши болчу деп Исабек теңтулуу айтчу экен. Чоң атамдын башка кыял-жоруктарын уккан жокмун. Чоң атам Сакы 40 жашка келгенде өлгөн экен. Сөөгү Карачийдеги чырпыктуу бейит Жумгалбек өлгөн сарайдын маңдайында, каналдын үстүндө, Казарманга бар жатканда жолдун оң жак четинде экен. Муну Иманберди, Мамбеткул аке көрсөткөн кий-кимиңер болбосун ошол жерден өткөндө Сакы чоң атама арнап куран окуп жүргүлө Тынайдын үрөөн-бутактары.

## Сакы уулу Эрмендир боюнча

Сакы уулу Эрмендир 1895-жылы туулган, өзү бир үйдүн жалгыз баласы болгондон кийин эрке өсүптүр. Чоңойгон кезде мектепте окуп, толук тамганы тааныгандан кийин баланын жөндөмдүүлүгүнө көзү жеткен Шааркүл чоң энем туугандарына айтып, Кочкорго жиберет. Мугалимге койдун терисин алып барып берип, мугалимдик окууга өтүп, окуп калат. Окууну канча убакытка чейин окуганын билбейм. Муну апам Адими айтканы менин эсимде калыптыр. Окууну бүтүп келгенден кийин 1929-30-жылдарда Совет өкмөтү орногон кезде, сабатсыздарды жоюу боюнча жогору жактан чыгып Дөдөмөлдөн биринчи мугалим болгон экен. Боз-үй тиктирип, аны мектеп ордуна колдонуп окуткан экен. Окугандын ичинде Бөрболдой акенин байбичеси Айымбү бар экен. Айымбү мага айтып калчу. Сейилбү чоң эжем дагы Эрмендир мугалим болгон дечү эле. Колхоз уюшулганда Калдыбай, Токтожумалар болуп чогуу актив болуп чыгышыптыр. Өзү сөзгө бай, шайыр, анча-мынча жамап ырдап жүрчү дешет. Казактын кыз жибек ырын 2 3 саат жатка айтчу дешет карыялар. Кара-Булакта эгин, чөп сугарып жүрүп Осмонаалы экөөбүз жакадан Көк-Дөбөгө өгүз менен жөнөп калдык дейт. Биз менен кошо Эрмендир дагы жөнөдү. Өгүздү

Эрмендирге мингизип алып, казактын кыз жибегин Кара-Булактын башынан Көк-Дөбөгө чейин оозеки жатка айтканын толук билемин деп айткан.

Иманберди, Борбу, Турусбек, Касымаалы болуп чогуу курбалдаш экен. Эки киши нааразылашып учурашса, аларды Касымаалы акем атам ар-түрдүү сөздөрдү а йтып, күлдүрүп бачым эле элдештирип койчу экен.

1934-жылы Өрнөк участкасы өзүнчө колхоз болуп уюшулган кезде атам Эрмендир Өрнөккө парторг-кампачы болуп 1936-жылга чейин иштеп калыптыр. Мен 1935-жылы Өрнөктө төрөлүптүрмүн, ал жердеги кары адамдар бата берип, базар уруудан төрөлдү, аты Базар болсун деп ат койгону ушундан. Менин киндик каным тамган жер Өрнөк болот. Өрнөктөгү Базар уруунун кемпирлери менин атымды айталбай Шаар деп тергеп жүрүштү. Ал эски байбичелердин көзү өтүп кетти. Атам 1937-жылы Кара-Коюнга көчүп келиптир. Кара-Коюндагы кой купкалаган жерде биздин там короо сарай бар болчу. Ошол эле жылы атам 42 жашында кайтыш болуптур. 1937-жылы Керезбү карындашым апамдын боюнда калат. Төрөлгөндөн кийин атын ошол себептен Керезбү койгон экен. Атамдын көзү өткөн кезде мен эки жашта экенмин. Атамдын өңү-түсүн билбеймин. Атам ооруп жатканда жөтөлсө, мен жөрмөлөп барып, таштекти сүйрөп келип, атамдын алдына койчу экенмин. Анткени таштекке түкүрсүн-какырсын деген ой менде болгон көрүнөт. Менин атама кылган кызматым ошол болуп калыптыр. Атамдын чоң кара сумкасы бар эле, мен билип калдым. Апам Адими айтчу сумкасынын ичи толтура деп кагазы бар эле, анын ичинде эмне сыры бар билбеймин. Үйдөн жоголуп кетти деп аман өкүнүп калоор эле.

Атамдын минип жүргөн буурул жоргосу бар эле, мен билип калдым. Борбу аке убактылуу башкарма болуп калганда минип жүрдү. Бир күнү атамдын буурул атын Борбу акем минип, биздин үйдүн жанынан өтүп бара жатканда атты таанып, атамдын атын бербейсизби деп кыйкырдым. Борбу аке унчукпай берейин берейин деп бастырып кетти. Ошол боюнча атты көргөн жокмун. Апам мени тилдеп калды сакалдуу кишини уят кылдың деп. Борбу аке

Эрмендирдин уулу Базар, атасынын атын көрүп мени ушинтти деп аксакалдарга айтып, экинчи ал буурул атты минбей коюптур. Атамдын сүрөтү дагы жок. Сумкасы менен кошо жоголуптур. Атамдын сөөгү 1937-жылы Кара-Коюндагы Турдукожо атанын күмбөзүнүн батыш жагына коюлган дешет.

## Тынайдын үчүнчү уулу Касымбек боюнча

Касымбек атабыз Тынай атабыздын кичүү баласы. Бул киши өмүр бою жашоосун Кара-Коюнда өткөрдү. Өзү эмгекчил, мээнеткеч, өз жашоосуна тың оокат кылган адам эле. Коконбай атабыздын аңчылык кесибин ушул небереси тартты деп эл учурунда кеп кылчу экен, карып калган кезде мен толук билип калдым. Улгайган кезде дагы жонунан мылтык түшкөн жок. Капкан салып, баалуу илбесиндерди алып жүргөнүн өз көзүм менен көрдүм. Анткени бир жыл Кара-Коюнда үйүндө жүргөм. Касымбек чоң атамдан Тартак аке сурап калды. Сиз деги болжолу канча кийик аттыңыз деп, эми сөз сурап калдың сынаган жокмун, кийик ал учурда койдой эле жайылчу, кийик кош ташта, жогорку капчыгайда, Дөдөмөлдө кыштак жок ээн жатчу эле, ушул жерде дагы толгон кийик жүрчү. Асынганыбыз оозуна дары ок салма кара мылтык эле, милтеге от коюп, аман атчу элек. 30 40 жыл жалаң мергенчилик кылып күн өткөрдүм. Татыр болсо менин жайытым болчу. Балдарым этсирегенде чыга калып атып калчумун.

Илгерки карыялар айтчу, миңди аткандан кийин бир кийик оңко турат деп. Бул сөзгө жаш кезимде ишенчү эмесмин. Оңко турат деген сөз туура болот экен деп ойлоп калдым. Кечээ кийин эле Татырдан бир кийик атсам, ташка сүйөнүп тирүү кийиктей турганын өз көзүм менен көрүп, оңкосу ушуг го деп тогоп койдум. Кийикке чыкканда куру келчү эмесмин. Куру күндөр аз болушу керек эле. Дөдөмөлгө кыштак 1933-жылы түштү. Кыштак түшкөнгө чейин Дөдөмөл ээн болуп жайлоо сыяктуу эле. Дөдөмөлдүн түзүндөгү чөптү басса күрт-күрт деп турар эле. Ошол учурда майлуу колот, Бөбөндүл жакадан чыгып келип кийиктеп кетчүбүз. Кургак колотко тумшук менен чыгып бара жатканда жолдун оң

жагындагы бурчтагы оозунда чийи бар үңкүргө нечен жолу жаттым. Ошондуктан Касымбек үңкүр болуп аталып калган. Муну биздин уруктун кийинки муундары билип жүргөнү туура болот. Касымбек чоң атам көптү көргөн, көп жашаган адам эле.

Чоң атамдын дагы өзгөчөлүгү прогноз боюнча жылдын кандай болорун толук билчү. Көрсө жылдын мезгилин мурунку өткөн кыйын адамдардан билип, түшүнүп карманып калган көрүнөт. Кийин карып калган кезинде айрым мергенчилер кийикке чыгып калган адамдардан атайын барып кийик күнгөйдөбү же тескейдеби кандай жерде жайылып жүрөт деп сурачу экен. Мен ойлойм кайберен аркылуу дагы жылдын кандай болушун дагы билет го деп. Үркөрдүн тогошун жана жылдыздар аркылуу билчү эле. Айрым активдер жана малчылар күз болгон кезде жыл кандай болоорун чон атамдан сурап турчу. Ошол боюнча айрымдары малын тейлеп багып жүрчү. Айрыкча башкарма фермалар кыш боюнча кеңеш алып турар эле. Касымбек чоң атамдын балдары Сагындык, Шоңко, Жолдош, Мүйтү, Жумакадыр.

Сагындыктан Төлөгөн, Шоңкодон Баймыт, Жолдоштон Дайырбек, Мүйтүдөн жок, Жумакадырдан Ырыспү. Жолдош, Мүйтү согуштан жок болду. Касымбек чоң атамдын сөөгү Дөдөмөлгө коюлган.

## Апам Адими боюнча

Апам Адими 1907-жылы жарык дүйнөгө келиптир. Атам Эрмендир 1937-жылы көзү өткөн. Апам 28 жашында жесир калыптыр. Апамдын боюнда бар ошол эле 1937-жылы Керезбү төрөлөт. Керезбү экөөбүздү бейиши болгур апам бизди эмне кылып бакпады. Тумшуктууга чоктурбай, канаттугаактырбай, курсакты ачтырбай, кийимден тостурбай, кара жанын карч уруп, өзү аял болсо да эл катары бизди багып чоңойтту. Чындыгында Керезбү экөөбүздүн апамда эч кандай өктөөбүз(наразычылыгыбыз) жок.

Уулун үйлөнтүп, кызын күйөгө берип, биздин жашообузду жана неберелери Сыйбү-Жийдекүл, апалдарды өз көзү менен көрүп анан көзү өттү. Апам Керезбү экөөбүздүн кийинки жашоо

турмушубузду уул үйлөгөндөгү кыз берүүдөгү жакшылыктарды апам жаш эле, өз көзү менен көрбөгөнүнө биз ушул күнгө чейин арман кылабыз. Жашоодо өктөсү жок турмуш болбойт эмеспи. Буга дагы шүгүр деп жашап туралы. 60 жашында кайтыш болду. Апам атамдын көзү өткөндөн кийин Керезбү экөөбүз чоңоюп эрезеге жеткичекти башынан көп кыйынчылыктарды өткөрдү. Бизди кор кылбай багуу үчүн нечен азаптарды тартты. Ошол учурда отун-суунун жоктугунан, тамак-аштын тартыштыгынан бир жыл Смадыярдыкында кыштадык. Смадыяр апама төркүн болуп жүргөн. Шоңкоо акемдикинде бир жыл, Касымбек чоң атамдыкында эки жыл баш калкаалап жашап жүрдүк. Акырында кабакка барып, таятамды, таянемди, Жүгөштү, Сыябүнү, Карыны алып келип бапырап жашоо турмушубуз жакшыра баштады.

Согуштун учуру, кийинки татаал турмушта апамдын колхоздун кандай гана жумушу болбосун, колу тийбеген жумушу калган жок. Чөптү чийне менен тарткан апам, орулган эгинди кырманга алып келген апам, төлгө болсун жада калса Кабактан койчулардын коюна барып айдашып келчү. Ушундай азап-тозокту тартып жүрүп бизди эрезеге жеткирди. Чындыгында өзүнүн жүрүм туруму менен элге алынган, намыскөй адам эле. 1967-жылы 14-октябрда көзү өттү. Күмбөзүнө Сакиева Адими деп жазылып темир менен тосулган (куран окуп жүргүлө эстесеңер).

## Дыйканбай уулу Назараалы жана энеси Шааркүл боюнча

Сакы чоң атам жаш кезинде өлгөндөн кийин Шааркүл чоң энемди кайниси Турдукожо атабыздын экинчи уулу Дыйканбайга алып берет экен. Илгеркилер жакшы өз жеңелерин кетирбей, башка бирөөгө бербей, намыс кылып, өз уругунун ыктууларына алып берчү. Менин өз атам Эрмендир, Назараалы экөө энелеш болот. Сөз чындыгынан бузулбайт. Мен Эсенгул экөөбүз билгенибиз менен бизден кийинкилер толук түшүнбөйт, же билбейт. Ошондуктан биздин уруктун бизден кийинки муундагы адамдар билип алганы оң дегени ой менен ушуну жазууну туура таптым. Жети атаңды билбейсиңби деген нускалуу сөз бекеринен айтылбаса керек. Ар

бир адам билип жүрсө жаман болбойт. Эгерде дагы бирөө жети атаңды билесиңби, кайсы уруктан болосун? оңго же солго кошуласыңбы десе билбесең уят болот го деп ойлойм. Ошондуктан анча-мынча санжыраны, өзүңдүн тегиңди ажырата билип жүргөн адам жаман болбойт жана адам болгондон кийин биз милдеттүүбүз.

Назараалы атам чоңоюп эрезеге жетип, үй-бүлөлүү, бала-чакалуу болуп калган кезде каргашалуу согуш чыгып калып 1941-жылы согушка барып, андан аман келет. Кайсы жылы келди толук билбеймин Назараалы атамдын жөнөкөйлүгү, кичипейилдиги, ак-көңүлдүгү, бала болсо дагы ак куштай болуп көңүл калтырбаганы, ушундай жакшы сапат-мүнөздөрү менен айырмаланып турчу. Өзүн-өзү таза алып жүргөн намыскөй адам эле. Назараалы атам жаш кезинде Чамындыны тойлоп же жайлап жүргөн кезинде Кемпир-Булакка мал жайып жүрүп уктап калган кезде, Назараалы атама жакшлык үчүн сыр берип, өзүнөн-өзү молдодон үйрөнбөй, намазды аллаа талла жышаан бердиби, намаз окуп калган экен. Ушунун аркасы менен келие оозунан түшпөй, боло турган иштин алдын-ала билчү жана себеп болчу.

Назараалы атам мындай мүнөздөрүн ошол учурдагы адамдар айтып жүрүшөт, Эсенгул экөөбүз дагы билип калдык. Назараалы атам көп жыл малчы болуп, иштеп жүрдү. Баккан малын жакшы багып жүргөндүктөн колхоздун бащкармасы тарабынан сыйланып жүрдү. 1949-жылы малчы кезинде Кабакка Кызыл жээкке барып,Молдобакиров Аширбек, Сатаров Эшенкул болуп, чогуу бир өзөнгө аймакташ болуп жашап калат. Март айы жакындап чабандар Тогуз-Торону көздөй көчүп келүүгө даярданып калган кезде, Назараалы атам эртең менен эрте туруп, жанындагы Ашырбекке, Эсенкулга айтыптыр:

- "Бүгүн Тогуз-Тородон кабар келет"- деп айткан күнү Шеримбектин атасы Исмайыл барган экен. Анткени Кара-Коюндан Турду уулу Кансаада өлүп, туугандары Бекеев Сартпайга кабарга барыптыр. Сартпай ал кезде ферма болуп иштечү, ошол себеп менен Кабакка барган.

Ушундай эле койчулар Тогуз-Торого биринин артынан бири көчүп жөнөшүп узун Кабактагы Көк-Ташка келип, түнөп калышат. Таң атканда Назараалы атам айтыптыр:

- "Мен алдыга койдун алдын айдай берейин, силерди Богойдун алдынан тосуп алам. Силер менин аркаман койду чубатып айдап келе бергиле, корпогула анча-мынча кырсык болот" – дептир. Айтылган сөздү уккандан кийин түпөйүл болушуп, жүгүн жүктөнүп кой артынан жөнөшөт. Богойго аз калганда жолдо жарташка урунуп, сууга ат жүгү менен түшүп кетип, суунун айлампасынан айланып агып жээк жакындаганда Ашырбек аттын чылбырынан тартып келет. Атка жүктөлгөн жолдо туулган козу улаты жүктү аркасынан бычак менен кыркып жиберип, жүктөлгөн козу улактар суруга агып кетиптир. Мына ушундай иштkрди Назараала атам алдын-ала билчү экен. Муну мен Сатар келини, Турсумбай кызы кошо жүргөндүктөн билет экен, Жүкөштөн уктум.

Шааркүл чоң энемдин ата-тегин билбеймин, угушумда Жалал-Абаддан дейт. Эсенгулдун кемпири Айтбүбүнүн айтымына караганда, анын энеси Саадат эне менен жердеш деп уктум. Шааркүл чоң энем кайс жылы экени эсимде жок, чоң энем анча-мынча малы менен Чамындагы жайлоого чыгып калат. Эсенгул экөөбүз Чамындагы чоң энебизге барып жүрүп келели деген ой менен өгүзгө учкашып алып, Чамындыга барып калдык. Биз кичирээк кезибиз барсак чоң энем жаны калбай сүйүнүп, менин балдарым келди деп, коңшусу Борбунун эжеси Ырыскүлгө барып сүйүнчүлөп келди. Баарыбызды Ырыскүл эже үйүнө чакырып алып, май-сайын коюп сыйлады.

Ырыскүл эженин үйүндө Борбу акенин кичүү уулу Сейит бар экен. Ал бала төрт беш жаш кичүү болуш керек. Ал учур эл тартыш согуштун таасири тийип, элибиз эптеп-септеп күн өткөрүп жүргөн учур. Эгин жокко эсе, эл мал менен күн өткөрүп калган.

Бир күнү чоң энем эрте туруп, ашканасын караса табак-чарада каймактатып койгон сүттүн сүтү жок. Каймагы калыптыр, бул эмнеси деп баамдап караса, согуштун учуру же айрым адамдар согуштан качып, кыштакка жолобой тоолоп качып жүргөн. Алар түндөсү сүттүн тушундагы чийди кесип жиберип, куурайдын

көндөй түтүгү менен сүттү ичип жүрушүптүр. Мына ушундай турмуштар баштан өттү. Ушундай эле ошол качкындарды түндөсү чоң энем эшикке чыгып кыйкырып, балдарым болосуңар, ким деле болсоңор үйгө келе бергиле, мен Шааркүл деген эжеңер болом. Менин уулдарым Назараалы, Кармышбек жана тууганларыман согушка кетип, кан кечип жүрүшөт. Менин силерге жардамыман башка жамандыгым жок деп кыйкырганда, Жанаалы, Адамаалы, Насиринбектер келип, ошолорду тамак менен багып жүрүптүр жана элге оозунан чыкпаптыр. Ошентип Эсенгул экөөбүз тоого жүрүп калдык. Бир күнү ойноп жатып, Борбунун уулу Сейитке менин ыргыткан ташым Сейиттин башына тийип, анча-мынча жери сыйрылып кетти. Сейит өкүрүп-бакырып ыйлаган үнүн уккан Ырыскүл эже кыйкырып, ким урду! ким урду! Деп Сейитти колунан жетелеп жөнөгөндө Шааркүл чоң энем Ырыскүлдүн жолунан чыгып:

Менин уулум уруптур
Ал тулпардан калган туягым
Эми эмне кыламын
Аны кантип тыямын! – деп мени муштап, угуп ал дегенде, мени уялбадыңбы деп Ырыскүл эже апама айтыптыр. Ошол сөз эсимде.

## Тогуз-Торо деген сөздү чечмелегенде төмөндөгүдөй

Тогуз-Торо деген сөздү кээ бири, илгери бул жерде тогуз төрө жашаган экен десе, ошондуктан Тогуз-Торо болуп аталып калыптыр дешет. Бул туура эмес десе айрымдары илгери калмактын жалчырыгындабы, кара кытай каптап келген туштабы, казак, кыргыздар качып, туш-тушка тентиген кезде, казактын бир сынчысы тиги кырдан карап туруп, Кара гөө, Каргалык, Айры таш, Көк арт, Калдама, Сарыкыр, Чаткарагай, Чамынды, Каракум, Тогуз ашуусу кышындасы кар калың түшүп, эки жакка каттам болбогондуктан, Тогуз жагынан торолгондуктан, Тогуз-Торо деп аталып калыптыр. Бул жер малга жай, дыйканчылыкка ылайыктуу жер экен. Бул жерде жашагандар жайлата чөп, эгин даярдап албаса, кышы узак 5-6 айга созулса малы кырылып, эли ачарчылыкка учурайт эмеспи. Ошондуктан карысы карап турбаган, жигити

жилик албаган мээнеткеч эл жашайт экен дептир. Чындыгында Тогуз-Торонун жери оттуу, дыйканчылыкка ылайыктуу жер. Тогуз-Торонун кышы жылуу, жайы салкын, даңазалуу кооз жерлери, саймалуу таш, жыгалач буугу, Беш-Көл сыяктуу ыйык жерлери жана алтын, көмүр, тузга бай көрүнүктүү жогору жактан көзөмөлгө алынган сонун жерлери бар.

**Тогуз-Торо (алтын чөйчөк)**

Тогуз-Тором, туулуп өскөн Мекеним,
Тогуз-Торо десем, толкунданып кетемин.
Туруктуумун мен, түбөлүккө жашаймын,
Жашоодо мен турмуштун көрдүм нечени.
Тогуз-Тором, кенен сенин кулачың,
Кылым санап, түбөлүккө турасың.
Мекенимди башка жерге теңебейм,
Ойлонтуп мени, оюмду дайым бурасың.
Тоолорумда казылып жаткан кени бар,
Төө өркөчтүү, ашуусу бийик бели бар.
Кылым боюу туруктуу болуп жашаган,
Берекелүү пейли кенен элим бар!
Алтыны бар, асылы бар, тузу бар,
Элибизге жаралган экен ушулар.
Мекенимди мактап айтсам жарашат,
Абасы таза, мөлтүр булак суусу бар.
Тоосунда жүрсөм боло түшөм жашарып,
Көңүлүм ачык, болгондой болом тазарып.
Бекеринен айтылбаптыр жерибиз,
Тогуз-Тором алтын чөйчөк аталып.
Айланам бүт чеп сыяктуу тосулган,
Ортосунда Нарын дарыя созулган.
Алтын чөйчөк касиеттүү жеримде,
Теңи менен ойноп жүрсүн боз улан.
Үйрүнбаштын, Көкарттын болот катары,
Ыйык жерим, Саймалуу таш мазары.
Жогору жактан көзөмөлгө алышып,
Саймалуу таштын чыгып жатат атагы.
Тогуз-Торону Алп Тобок ата жердеген,
Эл жерин коргоп, өз намысын бербеген.

Жанболотту Кытайдан алып келгенин,
Даңазалап айтып жүрөт эл деген.
Көктү тиреп, жыңылыч бугу тоосу бар,
Кайберен жүргөн, заңгыраган зоосу бар.
Түрдүү жандар жердеп жүргөн мекендеп,
Адам өткүс, Каначу деген коосу бар.
Жыңалач бугу, ыйык тоо деп түнөгөн,
Жакшылыкты жараткандан тилеген.
Чанда адам чыгат экен койнуна,
Сүйбөгөн пенде ойдо калып жүдөгөн.
Элибиздин намысы бар, ары бар,
Жерибизде кең байлыгы дагы бар.
Ынтымагы ширээлешип жуурулган,
Калкыбыздын таалайы бар, багы бар.
Заманыбыз өнүгүү жолунда,
Даңазалап айтыла турган жагы бар.
Бир кездерде акылдуу сынчы сындаган,
Тогуз-Тором, алтын чөйчөк наамы бар.
Даңазалуу Беш-Көлдүн бар көлдөрү,
Дайым барсаң сүзүп жүрөт өрдөгү.
Кооз жерим, касиеттүү Беш-Көлдү,
Айрым адам, барып жүрөт көргөнү.
Кыштын күнү жапкак менен таптаган,
Каракумду жок го дейм киши ашпаган.
Бел аркылуу татаал ашуу болсо да,
Тезек эли Жумгал жакка каттаган.
Карагөө ашуу айтылып жүрөт кылымга,
Ойруп-сайрып араң чыгат кырына.
Күңдүр-түңдүр татаал жолдо жол жүргөн,
Биздин шофер баатыр экен чынында.
Кырына чыксаң Тогуз-Торо деп сезесиң,
Колду сунсаң, ай жылдызга жетесиң.
Ашууда туруп, көз чаптырсаң жериме,
Мына ошондо толкунданып кетесиң.
Түндүк түштүк авто жолу салынат,
Өйдө-төмөн авто унаа агылат.
Жол аркылуу өнүгөбүз, өсөбүз,
Мына ошондо Тогуз-Тором таанылат.

Бул жазгандарым калың элге таралат,
Жүрсүн элим Тогуз-Торону аралап.
Ынтымак болуп түбөлүккө жашайлы,
Ардактуу эл-журт жүрсөк болду саламат.

**Биздин айыл (Дөдөмөл) жана чыгаан инсандар.**

Дөдөмөл жердин сереси,
Соң Көлдөй түз элеси.
Мал жайылса жарашкан,
Бетегелүү белеси.
Дөдөмөл түзү кең болот,
Айланасы бел болот.
Кашкасуу капка төрүнө,
Калдайып барып эл конот.
Айланам тоого курчалган,
Бетеге белден буралган.
Жайы салкын жеримдин,
Малы семирип чыңалган.
Жерим коoз саймадай,
Айланасы малга жай.
Айдап койсоң жеримди,
Түшүмү мол данга бай.
Тоолуу жер менин турагым,
Көңүлүмдү бурамын.
Гүлдесте кылып элиме,
Ырымды белек кылып сунамын.
Ынтымак бизге ыктаган,
Чыр-чатак бизден чыкпаган.
Сырттан келген меймандар,
Ыраазы болуп суктанган.
Атырдай жыттуу жыттанган,
Көргөндө адам суктанган.
Уюткулуу элденбиз,
Салт-санааны бузбаган.
Теңир тоолуу жерденбиз,
Тезек деген элденбиз.
Карылар айтып жүрүшөт,
Барды-жокту көргөнбүз.

Оргуштап агат булагым,
Ой-тоодо жашыл булаңым.
Туулуп өскөн жериме,
Мен кубанып турамын.
Мекенин дайым жердеген,
Тоосунда болот кайберен.
Ар түрдүү жан бар айлымда,
Таң калат муну көрбөгөн.
Тоомдо сайрайт улары,
Жеримдин көркү бул дагы.
Түбөлүк жашап турса да,
Таркабайт элдин кумары.
Тоолорун бассам аралап,
Оргуштап суусу шар агат.
Ышкынын терсем шагылдан,
Ыргалып турат карагат.
Таптаттуу болуп ширеси,
Кыпкызыл болуп чиеси.
Туурасын айтып жатамын,
Чындык бар сөздүн жүйөөсү.
Чындыкты айта кетели,
Согуш жыл өткөн кечеги.
Тостурбай элди бакты эле,
Тогуз-Торо Мекени!
Эл үчүн ишке берилген,
Мыктылар чыккан элимден.
Артында өчпөс из калды,
Ар дайым кетпейт көңүлдөн.
Азамат уулу башкарган,
Эл ишеничин аткарган.
Тогуз-Тородон чыккан деп,
Калдыбай ата даңкталган.
Жашынан чыккан Калдыбай,
Эч кимден камчы салдырбай.
Башкарыптыр элимди,
Ар намысын алдырбай.
Улаптыр Иса агабыз,
Чындыкты кантип танабыз.

Элимден чыкты мыкты деп,
Кубанып биз да калабыз.
Тобокту жазган катыра,
Кантип баткан башына.
Сыдыктын уулу Азирет,
Чыкпаптыр мунун астына.
Желмогуз фашист жойлогон,
Жеңебиз деп ойлогон.
Немистти кайра талкалап,
Ыдырыс аке коргогон.
Калк үчүн эмгек кылышып,
Кайрандар өттү дүйнөдөн.
Ардактуу мындай адамды,
Жок го дейм адам билбеген.
Талыкпай иштеп бергени,
Тарыхта калды өрнөгү.
Урматтуу мындай адамдар,
Унутулбайт эмгеги.

**Беш-Көлүм**

Айткан сөзгө көнгүлө,
Көңүлүңдү бөлгүлө.
Касиеттүү Беш-Көлдү,
Өз көзүң менен көргүлө!
Мазар көлдүн сыры бар,
Баардыгыңар билип ал.
Коопсунган адамга,
Башкача болгон сүрү бар.
Өзгөрүлүп ар түрдүү,
Тарала көлүм кулпунат.
Катар-катар тизилип,
Өрдөгү алга умтулат.
Узун көлүм таптаза,
Берки көлдөн башкача.
Көрбөгөндөр ишенбейт,
Ар бирин тактап айтпаса.
Как көл кайрак жер болот,
Калдайып барып эл конот.

Айланасы малга жай,
Туш тарабы жол болот.
Самын көлдү көрсөңөр,
Саргайыңкы көрүнөт.
Саздан чыккан булагы,
Самындай болуп көбүрөт.
Беш-Көлгө көпүрө менен өтөсүң,
Курорттой болуп сезесиң.
Көрүп калсаң Беш-Көлдү,
Беш-Көлгө ошол күнү көчөсүң.
Беш-Көлдүн кенен жайыгы,
Беш-Көлдүн жок айыбы.
Узун көлгө барсаңыз,
Бир метр бар балыгы.
Балыгын өзөн сууга өөрдөтөт,
Жалил өзү барып көргөзөт.
Уругун чачар мезгилде,
Жалил өзү барып төлдөтөт.

**Чоңойсо экен батыраак**

Айланайын неберем,
Айланчыктап үч келем.
Арсаңдап күлүп койгонуң,
Ар дайым мага дем белең.
Садагасы неберем,
Санаам тынбай беш келем.
Куудулданып күлгөнүң,
Кубатыма дем белең.
Таарынып калсаң күлбөйсүң,
Нары тур деп жиндейсиң.
Тойтоңдоп басып алдыма,
Жөлөп колдон жүр дейсиң.
Мени көздөй ыктайсың,
Жанымдан такыр чыкпайсың.
Торсоюп жатып койнума,
Быш-быш этип уктайсың.
Бытырайган колуңдан,
Сакадай болгон боюңдан.

Бирпаска бир жакка кетсем да,
Эч качан кетпейт оюмдан.
Балдай таттуу тилиңден,
Баскан сайын сүйүнөм.
Балдарым минтип турганда,
Жашарамын күндө мен.
Ой тентегим, тентегим,
Өзүнчө басып кетпегин.
Кийген кийимиң булганат.
Чылчык сууну кечпегин.
Баланы барктап сүйөсүң,
Күлсө кошо күлөсүң.
Кыйт этип калса кокустан,
Сен жамансың десе күйөсүң.
Тил албаса тилдеймин,
Жакшы бол деп үндөймүн.
Талыкпай иштеп жүрсөм да,
Чарчаганымды билбеймин.
Бири эңкейгин деп асылат,
Бири этегиме жашынат.
Жакшылыгын көрөйүн,
Деги чоңойсо экен батыраак. (1-июнга карата)

## Жарашабы мурутум

Мен өңдүү тели-теңтуштарымдын көпчүлүгү мурут койдурганын көргөн Кадыйча мени кепке сындырып, өзүң курактуулар айрым сенден кичүүлөр мурут койдуруптур, уят эмеспи, сенин жаштыгың барбы деп айтты. Кемпир туура айтат деп мурут койдургандагы айткан сөзүм.

Кыргыз болот улутум,
Кырчын жашты унуттум.
Карылыкка баш коюп,
Калдайып турат мурутум.
Жакшыдан болот улутум,
Жаш кезекти унуттум.
Жабылып кара теңтуштар,

Жарашабы мурутум.
– деген сөздү айтып, 1991-жылы мурут койдурдум.

## Улгайып кетип баратам

1996-жылы почтодо иштеп жүрүп пенсияга чыктым. Почта кызматчылары мени сыйлашып, башыма ак калпак кийгизип, кемпириме алдына салып жүрсүн дешип, бир килем беришти. Өздөрү Дөдөмөлгө келишип, конок болуп кетишти. Ушуга байланыштуу төмөнкү ырды ырдадым:

Кылчайып артымды карасам,
Кыйла жыл өттү санасам.
Урматтуу жашты өткөрүп,
Улгайып кетип баратам.
Артымды тиктеп карасам,
Арбын жыл өттү санасам.
Ардактуу жашты өткөрүп,
Аксакал болуп баратам.
Өткөндү бираз ырдайлы,
Өкүнүчтү кылбайлы.
Урматтуу жашты эстесем,
Уулума өткөн турбайбы.
Болбосун элде муң-кайгы,
Азыркыны ырдайлы.
Кырчын жашты ойлосом,
Кызыма өткөн турбайбы.
Көп тийди элге жардамым,
Көрүшсүн эми балдарым.
Урмат менен биз жүрдүк,
Улантсын эми калганын.
Элиме мен да жакканмын,
Эсиме түшөт баштагым.
Эмгек кылып эл үчүн,
Эл талабын аткардым.
Эңкейип баскан карыбыз,
Эңиштеп калды алыбыз.
Жакшырып турмуш оңолоор,
Көрөлү жалпы баарыбыз.

## Мурдагылар эсиме түшөт

Союздун убагында эл ынтымактуу эле, бири-бирин сыйлашчу, мас болуу жокко эсе эле, ар бир адам өз теңдүүлөрүн чыкырышып сыйлашып, бири-биринин үйүнөн чай ичишип, ырдашып, сырдашып, бийлешип жүргөн учурлар болгон. 1980-1981-жылдарда бир курдуу 9 адам чогулушуп, кезек-кезеги менен алар: Мадан, Садыбалды, Кедей, Сапарбек, Эсенгул, Саңсызбай, Кубаталы, Койчуман жана мен болуп уюшуп, тамак ишчүүбүз, ар бирибиз кемпирлерибиз менен барчуубуз. Кезек Кедейге келип калды. Кедей жумуштан тартынбаган, эмгекчил адам, кандай гана жумуш болбосун, ак ниети менен берилип иштейт. Ошол жылдарда Кедей Чамындынын оозунан Медет сарайга чейин суу баскан жерлерди сугарып жүрүшөт. Алардын ичинде Кыйбат дагы сугатчы, сугарылган жердин эгини, чөп жакшы түшүм берип калды. Кедей иштеген сугатчыларды ирээттеп, кимиси кандай сугарды. Своdканы Кедей берчү, сугатчылардан Кыйбаттын сугарган жерин 2 3 эсе көбөйтүп бериптир. Ошондуктан район боюнча Кыйбат жакшы иштеди делип, сыйлыкка жигули машина берилди.

Ошондуктан Кедейдин үйүндө тамак ичип отуруп, ыр кесе мага келип калды, анда мен:

Кедейим суу сугарып келдиңиз,
Сугатка көңүл бөлдүңүз.
Кыпкызыл болгон жигули,
Капырай, Кыйбатка алып бердиңиз – дедим.

Күлбөгөн киши жок. Мына ушундай күндөрдү өткөрдүк. Анан чай берүү кезеги Сатыбалды акеге келип калды. Сатыбалды акеге барып калдым. Менден башкасы бүт кемпирлери менен барышыптыр, мен кечигип барып калдым. Мени эшиктен киргизбей, эмне кечигесиң, кемпириң кана деп шаалап калышты. Кадыйча бир себеп менен барбай калган, мени отургузбай штраф деп бир керден чыны бозо ичиришти. Артынан арак беришти, дагы болушпайт, ырдап бер дешти. Анда мен:

Суу башында Сүкө бай,
Сүйүнүп келдим аябай.
Аттап-буттап мен келдим,
Аялыма карабай – деп айттым.

Жаны калбай күлүшүп, анан төргө отургузушту. Отурушта эч кандай чыр болуучу эмес. Отурушта жакшы сөздөрдү айтышып, түндүн бир учурунда жакшынакай таркап кетчүбүз. Отурушта эми кезек кимден болот деген күбүр-шыбыр сөз болуп калды. Анда мен:

Койкоюп турат шишебиз,
Кош-колдоп атып ичебиз.
Мас болуп калсак баарыбыз,
Көл эмес, кургак жерде сүзөбүз.
Эмки келчү конокту,
Мадан байдан күтөбүз – дедим.

Ошол боюнча Мадан тамак берди. Учурунда биз ушинтип сыйлашып жүрдүк.

## Туулган күнүм болобу? 1993-жыл

1993-жылы орозо март айына туш келип калды. Кара-Коюнга жашап калганбыз. Бизден башка коңшу адамдар туулган күнүн өткөрүп, 2 – 3 күнү бизди чакырып калышты. Алар жаш жигиттер, келиндер, кемпир экөөбүз туура көрүп жүрдүк. Мен Кадыйчаны тамашалап, эл болсо бири-бирин чакырып, туулган күнүн өткөрүп жатышат. Биз эмне кылабыз деп Кадыйчаны көздөй айткан сөзүм:

Кемпир ойлойт бекен оболу,
Менин ойлогон оюм жогору.
Улгайып калган кишинин,
Туулган күнү болобу?

Орозону шылтоолоп,
Тыюу салдың бозого.
Түштө бердиң сүт кезме,
Же тойосуңбу ошого? – деп айттым.

Анда Кадыйча күлүп, кары кишинин туулган күнү ошондой эле өтөт деп мени тамашалап калды. Анда мен ак көңүлү кармаса Кадыйча градус суусундан береби деген ой менен менин айтканым:

Жакшы эле болду тамагың,
Суксуюп сени карадым.
Арак куйсаң алдыма,
Ачылат менин кабагым – деп ырдаганда, Кадыйча күлүп, менин талабымды аткарды. Ушул күндөр да өттү. Ошол күндөр эсимде.

## Эже-агай жана классташтарыма

**Уул жана кыздарымдын атынан.**
Ардактаймын алтын уям мектебим,
Айланчыктап айланаңдан кетпедим.
Жылдар өттү учкан куштай зымырап,
Билбей калдым 10 жыл болуп өткөнүн.
Таң каламын жылдан-жылга өскөнүн,
Ал кезек жок, бүгүн мен өзгөрдүм.
Эстен кетпейт эже жана агайлар,
Билим берип бизге мээрим төккөнүн.
Агайларым салыштырып мен айтсам,
Силер дарак, биз бүчүрүң болобуз.
Турмуш куруп, үй-бүлөлүү болдук биз,
Силер менен сыймыктанып коебуз.
Классташтар учурашалы кол сунуп,
Келгилечи сырдашалы олтуруп.
Ойлойлучу бүгүнкүбүз эртең жок,
Ырдайлычы купулубузду толтуруп.
Келгилечи таттуу даам таталы,
Келгилечи колтукташып басалы.
Мурункуну-кийинкини сүйлөшүп,
Классташтар черибизди жазалы.
Ката кетсе кемчиликти жоелу,
Бириндебей бир сыйлашып коелу.
Ынтымакта ырыстуу болуп баарыбыз,
Түбөлүккө аман-эсен бололу.
Эстен кетпейт бирге жүргөн кечегим,
Силерди ойлоп ойго батып кетемин.
Эже-агай, классташтар аман бол,
Сагындырат туулуп өскөн мекеним!

## Атама

(Айнур, Кошби, Уулбү, Таттыбүбү, Бакай, Алтынай чыгарды)

Атам жакшы, балдарына кам көрөт,
Атам жакшы, кичинесин өнөрөт.

Алып келген жанындагы таттууну,
Калыс менен балдарына тең бөлөт.
Эркелеп мен атама жагынам,
Алыс кетсе ар дайым мен сагынам.
Эриктирбей китеп окуп беремин,
Эртели-кеч чыккым келбейт жанынан.
Газетага атамды мактап жазамын,
Кайда барса атам менен басамын.
Атам бизге күйүп турган шам чырак,
Атам менен менин чыгат атагым.
Кичинесин колдон алып жетелеп,
Ичегой деп тамак берет өнтөлөп.
Атам үчүн эмгек кылып дайыма,
Атамды багам чоңойсом мен эртерээк.
Атам бар деп биз жүрөбүз аркалап,
Атам дайым бизди коргоп калкаалап.
Ошондуктан ырыстуубуз балдары,
Окутуп бизди алга сүрөп алып барат.
Атабыз бар, бейкапар биз жатабыз,
Бактылуубуз Базар биздин атабыз.
Биздин максат, балдарыңыздын тилеги,
Өмүр берип, токсондон ашык жашаңыз.

## Төрт келиниме төрт ооз сөзүм

**Келиндерим: Айнура, Айганыш, Мабат, Нурзада.**

Менин аталык катарында насаат айтканымды келиндерим ойлой жүрсүн деген ой менен аларга арнадым.

Ынтымак болуп, бир жүрүп бөлүнбөгүн,
Айланайын, садагасы келиндерим.
Кол кармашып жашай бергин түбөлүккө,
Ар дайым ачык болсун көңүлдөрүң.
Бириңди-бириң сыйлашып жүрө бергин,
Жакшы жашап, сайрандап күлө бергин.
Бапырап балдарыңар үйгө ойноп,
Балдарың менен өз доорунду сүрө бергин.
Тетири жүргөндөрдү оңго үндөйм,

Оңолбосо аларды мен да тилдейм.
Балдарыма ниетим ак, жүрөк таза,
Айтканыма көнбөсө мен да сүйбөйм.
Тилдегенди балдарым туура көргүн,
Айтканыма түшүнүп, көңүл бөлгүн.
Чөкпөсүн көңүлдөрүң жаркылдап жүр,
Бактылуу бол, ар дайым келиндерим.
Токтоназар, Сыйбүнү сыйлагыла,
Учурунда жашоодо жыргагыла.
Колдошуп жүрө бергин келиндерим,
Бириңди-бириң жамандыкка кыйбагыла.
Кадыйча жок, мен турамын арча болуп,
Карыганда мен кулп сыяктуу үйдү коруп.
Тагдырым ушундайбы ойлоп калам,
Үңкүйүп-үшкүрүнүп капа болуп.
Капа болсом балдарым мени карап,
Карыдым мен ар түрдүүнү ойго салат.
Кечирет келиндерим менден кетсе,
Ушулар өтсөм дагы ойдо калат.

## Айланайын ырысым

**(Учурунда Беловодскийде Жийдекүлдүн, Атайда Алман, Апалдар иштеп калган. Ошондуктан балдары кошулуп жазылды. Муну дайыма Кадыйча ырдап жүрдү)**

Усу, Нүкү теңизим,
Соолбос айкөл деңизим.
Ак жолтоюм ардагым,
Айланайын эгизим.
Күкү – Даки кыздарым,
Үй-бүлөдө куттарым.
Көрбөй калсам бирпаска,
Көргөндө келет жыттагым.
Каттабай калса кусамын,
Атайда Чүйдө бутагым.
Рахат-Сему келгенде,
Боорума сүйүп кысамын.

Рашит, Бектур турганда,
Толо түшөт кучагым.
Аман болсун балдарым,
Айталбайм сөздүн жалганын.
Балдарга арнап ыр жаздым,
Жакшы болсо дарманым.

## Алтын тиш

1973-жылы алтындан тиш салдырсам, менин тели-теңтуштарым жана туугандарым менин тишимди майлап келишиптир. Келген меймандарга козу союп, майлап бердим. Тос алгандан жакшы сөзүн арнап айтып жатышты. Ошого карата жазылды.

Эл айткан жакшы тосуна,
Эркин үн чыксын созула.
Эл арзыган алтын тиш,
Эп келди менин оозума.
Кошулам жакшы тосуңа,
Коңур үн чыксын созула.
Жаркылдап турат алтын тиш,
Жарашты менин оозума.
Айтамын сөздү ободу,
Самаган оюм жогору.
Сайраңдап жүрүп ар дайым,
Саламат эсен бололу.
Алдыга кетсин биздин иш,
Абалтан бери жүрдүк түз.
Ар дайым мени колдогон,
Ак жолтой болсун алтын тиш.

## Алп Тобоктун, үрөөн-бутактарына чыккан Мурзалиев Токон балбанга

Токонго Тогуз-Тородон эч ким тең келген эмес. Кировдук Карабалышов Мөкүш көп жыл бою Муңкуш шаарчасында иштеп жүргөн мезгилде Жумгал боюнча Мөкүшкө тең келген балбан жок

экен. Бир жылдарда атайын Муңкуштан арзып келип, майрамда Токон менен күрөшүп калды. Мөкүш Токонго турушук бере албай жеңилип калды. Токонго карат жазылды.

Токон балбан тоо балбан,
Тороп келип бут чалган.
Тогуз-Торо ичинен,
Топ карыдан бата алган.
Кармашканын жыкканда,
Калдайган элим таң калган.
Чымыр булчуң чың балбан,
Чырмалып келип бут чалган.
Чыгып Током элимден,
Чыгаан балбан аталган.
Чын көз менен көргөндөр,
Чынында элим таң калган.
Аккөз балбан агасы,
Тынчтык болсо баласы.
Ата жолун жолдогон,
Балбан болот го чамасы.
Алп Тобокту түшүнсөк,
Кылым бою жашады.
Тобок уулу дедирип,
Током тарыхта калды атагы.
Балдары турат артында,
Токомдун орун басары.

**Камчы уулума 1993-жыл**

Ыңа-ыңа үнүңдөн,
Ыйлаган сайын сүйүнөм.
Тоодой бакыт болду деп,
Толкунданам бүгүн мен.
Жайылсын менин кулачым,
Оюмду балам бурасың.
Ойдо-тоодо жүрсөм да,
Санаамда дайым турасың.
Айланайын Камчы тай,
Ардагым менин асыл тай.
Жыттасам кумар кандырган,

Жытың мага атырдай.
Камчы болду уулубуз,
Жоюлду кайгы-муңубуз.
Бала куш конду үйүмө,
Кут болсо экен мунубуз.
Маңдайымда жаркынсың,
Мен үчүн уулум алтынсың.
Эл ичинде эсен бол,
Колумдагы камчымсың.
Тынчтыгын тилейм калкымдын,
Күлчү менин жаркыным.
Кубатым менин кубатым,
Көөнөрбөс менин алтыным.
Күлө-күлө күлөгой,
Аман эсен жүрөгой.
Эрезеге жеткенде,
Ата энеңди билегой.
Күлчү-күлчү татына,
Ыр саптар түштү башыма.
Эл ичинде эсен жүр,
Жамбылдын жеткин жашына.
**Эстеп жүргүн балдарым.**
Азыраак чымын бар эле,
Жазгым келет дагы эле.
Жаш кезекте жазганым,
Окурманга бал эле.
Көрөнгөнү төгөйүн,
Жазып дагы көрөйүн.
Балдар окуп жүрсүн деп,
Көңүлүмдү бөлөйүн.
Балдарга мен да атамын,
Дагы эле келет жашагым.
Уулум жана кыздарга,
Уйкаштырып жазамын.
Терс мүнөздү жойгула,
Аман эсен болгула.
Уйкашпай калса сөздөрүм,
Аны оңдоп койгула.

Айта албайм сөздүн жалганын,
Дагы эле дурус дарманым.
Окуп-окуп бүткөн соң,
Отко жагып салбагын.
Жалганга жок арманым,
Окуп бүткүн ар жагын.
Эсиңерден чыгарбай,
Эстеп жүргүн балдарым.

## Жүрөк сезет тура

2003-жыл июнь айында кемпирим Кадыйча ооруп, Бишкекти көздөй даярданып жөнөп калды. Бишкекте 10-15 күн жүрүп кайра келип, Четинде элек ал жакта болуп, кымыз ак ичип, кичине дурус болуп калган. Август айында жээнибиз Бейшендин уулу Асан кайтыш болуп, кабар барып, Кадыйча экөөбүз эки окшош буурул кунан бар эле, аны минип, кыштакты көздөй жөнөдүк. Кургак колотко келип калганда Кадыйча айтты. Базар эмнеге унчукпайсың, Асанга көз көргөзгөндөн кийин кайра доктурга барайын. Четинди көрсөм деп эңсеп келгем, бул жерди да көрдүм. Жол жүрүп баратабыз, Базар сүйлө сөзүңдү угайын, ырда ырыңды угайын деди. Чын айтат. Ооруган кемпирдин көңүлүн көтөрөйүн деп ырдап калдым.

Кош буурул менен жол жүрдүк,
Кол кармашып бир жүрдүк.
Ырыстуу адам биз болуп,
Ынтымакка үлгүрдүк.

Үнүм каргылданып, көзүмө жаш алдым, жашып кеттим. Көрсө жүрөк сезет тура, мени ыңгайсыз абалга алып келди. Анда Кадыйча: “Базар, сен эмне болуп турасың, ушунча жыл бирге жашап жүрүп, мындайыңды көргөн эмесмин” –деп, күлүмүш болуп унчуккан жок. Көрсө, акыркы коштошуум тура, жүрөк сезет экен.

**Ой толгоом.**

Кутум кетти, кемпирим жок кайда барам,
Соксоюп жалгыз болсом кимге жагам.
Тагдырымды ойлосо экен бала-чака,
Аттиң ай таалайым ушулбу деп ойдо калам.

Кур эмесмин балдар турат мени карап,
Арманым жок кир жугузбай турат тарап.
Бала кезде, баш коштум эле кемпир менен,
Кемпирим сексеңдеп чыкса эмне атаганат.
Жашадым мен, балдарым аман болсун,
Көрүшсүн эми, үйүнө бакыт консун.
Кемибесин ырыскыдан арбак колдоп,
Ар дайым өсүп-өнсүн ырыс толуп.

**Эсиме алып жазамын, Эскерет дайым Базарың.**

Ар дайым жанда бир жүрүп,
Акылга акыл кошоорум.
Айчылык алыс кетсем да,
Алдыман чыгып тосоорум.
Элүү жыл бирге бир жүрүп,
Эстетип пикир кошоруум.
Эки айлык алыс кетсем да,
Эсине алып тосоорум.
Кыйшайсам түзөтүп тураарым,
Кыйыткан сөздү угаарым.
Кыйбасым кемпир үйдө жок,
Кыйналсам кандай кыламын.
Оогондо оңдоп тураарым,
Ойдогу сөздү угаарым.
Оюмду укчу кемпир жок,
Оорусам кандай кыламын.
Тайгактан колдон тартаарым,
Таарынсам ойду айтаарым.
Таарынчы укчу кемпир жок,

Тарттым го жашоо азабын.
Айттырбай сырды билчү элең,
Ар дайым жанда жүрчү элең.
Акыл насаат көп айтып,
Ар убак мага күйчү элең.
Билдирбей сырды билчү элең,
Биригип жанда жүрчү элең.
Кытыгылап сөз айтып,

Кыткылыктап күлчү элең.
Түйшүккө түшсөм күйөөрүм,
Түбөлүк элең түгөйүм.
Башыма мүшкүл иш түшсө,
Баркымды баалап билээрим.
Каралап бирге басаарым,
Кайгырсам капа ачаарым.
Карашаар менде кемпир жок,
Билбеймин кандай жашаарым.
Эсиме алып сеземин,
Эртерээк кеттиң көзөмүм.
Эртедир-кечтир бир күнү,
Акыры мен да кетемин.
Туу тутканым сен элең,
Туруктуу мага бел элең.
Ылайыктап баш коштук,
Ырыстуумун дээр элем.
Туюнтуп сөздү айтчу элең,
Туюктан акыл тапчу элең.
Турасын сүйлөп кеп айтып,
толгон элге жакчу элең.
Тарттык турмуш азабын,
Өткөрдүк заман начарын.
Колдоп жүрдүң дайыма,
Кор болгон жок Базарың.
Жамандыкка барышпай,
Катарлардан калышпай.
Жашообуз жакшы болсун деп,
Жакшы жүрдүк талыкпай.
Бириктирип сүйлөгөн,
Бир айылды бийлеген.
Билээрман элең элимде,
Бирдикке элди үндөгөн.
Калыс элең түз жүргөн,
Калыстыгыңды эл билген.
Туура эмес пикир айтылса,
Туурасын айтып күлдүргөн.
Карачу элең алыма,

Калысты айтып дайыма.
Жанаштырып койду эле,
Жаралдың эле багыма.
Күч кошчу элең алыма,
Күлдүрүп айтып дайыма.
Кубанып жүрсүн экөө деп,
Кудайым кошкон багыма.
Картага бирге отурдук,
Башкалардан озундук.
Максатыбыз бир болуп,
Бармактай кезде кошулдук.
Адамдын келет багына,
Кайылбыз бар жок асына.
Ынтымак болуп экөөбүз,
Жашадык эле татына.
Талыкпай багып өстүрүп,
Тарбия бердиң балдарга.
Акылы болсо билишээр,
Арманы жоктур жалганга.

Жүйөөлүү сөздү табаарым,
Жүдөтпөй мени багаарым.
Ардактап мени тосуп ал,
Акыры бир күнү барамын.

Ар убак көңүл бөлөөрүм,
Оорусам башты жөлөөрүм.
Мээнетиң кеткен мен үчүн,
Мээримин мага төгөөрүм.

Турмушта ишти көп көрдүм,
Жашоону жакшы өткөрдүм.
Кайрат күч кетип дарман жок,
Эми кары адам болуп өзгөрдүм.

Түпөйүл болгон иштердин,
Түйүнүн билип чечү эле.

Урматтап сыйлап туугандар,
Ушунчалык сезчү эле.

Уул жана кыздарын,
Урматтап сыйлап турчу эле.
Көңүлүн көтөрүп дайыма,
Көбүрөөк көңүл бурчу эле.

Жакшылык кылдың байкушка,
Жардам болдуң жалгызга.
Кубаттап жүрдүң ар дайым,
Кубат бердиң алсызга.

Карааным кемпир жок болду,
Кайгыга жүрөк козголду.
Карааным кемпир жанда жок,
Каткырган күлкүм токтолду.

Илинип турат сүрөтүң,
Түшүмө кирип жүрөсүң.

Жанашкым келсе жаныңа,
Жанымда жоксуң бир өзүң.

Агын сууну бойлоп жүр,
Ар дайым бизди ойлой жүр.
Ардактап баккан балдарды,
Арбагың менен коргой жүр.

Бейпайга түшпөй жаныңыз,
Бейиштен орун алыңыз.
Түбөлүккө коштоштук,
Эстейбиз дайым баарыбыз.

**Эки жакшыга эки ооз сөзүм. 22.10.2005-ж.**

Кудам Тынымсейитов Кадыркул, Кудагыйым Акбаева Гульбайра 1975-жылы көлдөн жогорку окуу жайын бүткөндөн

кийин, Тезек элине келип, мугалим болуп иштеди. 30 жыл бир кесипте иштеген адам кандай адамдын колунан келет. Экөө тең үзүрлүү эмгектениишти. Эл кадырына ээ болушту. Тезек эл жери ак жолтой болуп бала-чакалуу болушту, уул үйлөнтүп, кыз берип, неберелүү болушуп, этек жеңи жайылып, жаштын тилегин кудай берет дегендей ойлогон оюна жетишип, эки колу узарды. Куда тели-теңтуш күтүп, кадыр барктуу болуп, жакшы маанаы менен туулуп өскөн касиеттүү Ысык-Көлгө жол тартканы турушат. Ушунуңар кут болуп, жолуңар шыдыр, жолдошуңар кыдыр, көчүңөр байсалдуу болсун. Аман эсен жетип туугандарыңа, эл-журтуңа бизден салам айтып койгула.

Көңүлүмдү бөлөйүн,
Көрөнгөнү төгөйүн.
Жаман чымын бар эле,
Азыраак ырдап көрөйүн.

Жаш кезекте келдиңер,
Жаштарга таалим бердиңер.
Жайылып үрөөн бутагың,
Жакшылыкты көрдүңөр.
Балалык кезде келдиңер,
Балдарга таалим бердиңер.
Өсүп өнүп бул жерден,
Өзгөчө сыйды көрдүңөр.

Бажырайып таптаза,
Жазмаларың өз колуң.
Татынакай көрүнөт,
Жаркырап турат школуң.

Кусейиндей билимиң,
Юдахиндей илимиң.
Кадырлап элим сыйлашып,
Какыма жагат жүрүмүң.

Туу чокудан түшпөдүң,
Туура жолду издедиң.

Туруктуу болуп түз жүрүп,
Турдакундай иштедиң.

Башыңа дөөлөт бак конду,
Кулатовдой бак болду.
Ардактуу Каке ишиңди,
Айтууга сөзүм козголду.

Эки жакшы кошулса,
Эл оозуна алынат.
Туура сүйлөп түз жүрүп,
Жүрүмүнөн таанылат.
Жакшылар кетсе айлына,
Ошондо элим сагынат.

Көп жыл мектеп башкардың,
Көп ишке Каке такшалдың.
Көрүнүктүү иш жасап,
Көпчүлүккө макталдың.

Уул үйлөнтүп, кыз берип,
Эр ортоңу болдуңар.
Дагы он жыл иштөөгө,
Көңүлдөнбөй койдуңар.

Аллага жоктур арманың,
Аман болсун балдарың.
Учурашып турарбыз,
Жакшы болсо дарманым.

Ордунан чыкты оюңар,
Узарды эки колуңар.
Кызматын көрүп балдардын,
Саламат эсен болгуңар.

Тоодой болсун бактыңар,
Тогуз-Торого жактыңар.

Теңир тоодой бактыңар,
Тезек элге жактыңар.

Ак жолтой болду элибиз,
Ар дайым эстейт элибиз.
Саламат эсен болсун деп,
Саамайбыз дайым сени биз.

Далай иш келет башыңа,
Жакшы жүрдүң татына.
Үй-бүлөң менен аман бол,
Жамбылдын жеткин жашына.

Туулуп өскөн жериңе,
Тууган урук элиңе.
Аман эсен жетип ал,
Касиеттүү көлүңө.

Жүрөбүз биз да сагына,
Кабардаш бол дайыма.

Тогуз-Торо элинен,
Салам айткын баарына.

Төп келсин айткан сөзүбүз,
Токсондоп жаша өзүңүз.
Ак жол каалайм түбөлүк,
Көрктүү болсун көчүңүз.

*Сөзү Базардыкы, обону Токтоназардыкы, редакциялаган Сыйбу.*

## Жолдоштук азил (Карабагышка) 22.10.2005-ж.

Кадыркул кудам туулуп өскөн жерине көчөм деп камынып калды, тели-теңтуштарына жана куда сөөктөрүнө, өзү менен кошо иштешкен мугалимдерине жана жалпы айылдаштарды чакырып, ажыраш аякты төртүнчү бешинчи күнү берип жакшы конок болдук

Көндүктөн атайын Карабагышты чакырткан экен. Карабагыш келе албай калды. Көндүктөн Токтожума баш болуп келишти. Карабагыш Кадыркулдун мындай шартына катышууга толук шарты бар эле, анткени Кадыркул менен бирге жүрүп, арам жесе дагы, адал жесе дагы, бирин-бири кыйышпаган жакшы жолдоштордон эле, 30 жыл бирге жүрүп, Кадыркул көчөрүн билип туруп келбей калса, бул теңтушчулуктун касиетиби. Бирок эртеси кечигип келди. Ошого карата Карабагышка тийишип жазган азил сөзүм жаш аял алган, ошого карата тамаша катары айтылды.

Ак талаанын акыны,
Ар немеге жакыны.
Теке уюктун акыны,
Теңтушумдун жакыны.

Көндүккө көчө качтыңыз,
Кемпириңди көмүскө жерге бактыңыз.
Көпчүлүктөн оолактап,
Курбалдаш эмне таптыңыз.

Айылдан көчө качтыңыз,
Алтымыштан аштыңыз.
Алысыраак сен кетип,
Андан эмне таптыңыз.

Ырыңды ырдап төктүңүз ,
Ыраактап алыс көчтүңүз.
Кемпириң чыкпай жаныңдан,
Каке өзүбектен өттүңүз.

Шекем болуп турабыз,
Көчкөндү эмне кылабыз.
Ачык айтып ак сүйлө,
Айтканыңды угабыз.

Кары адамдан өзүңүз,
Какемди Карагөөдөн тосуңуз.
Калп айткан менен болобу,
Карылардан кошуңуз.

Деу түркү жанында,
Жеткиресиң Нарынга.
Күмөнсүнбөй ала жүр,
Кемпириңди жанына.

Эсен болсун жаныбыз,
Эңкейип турган карыбыз.
Көчү көрктүү болсун деп,
Эсенин билели баарыбыз.

Бул катты Токтожумадан берилген Карабагыштын колуна бериптир. Кадыркулду Көңдүктөн коноктоп узатыптыр. Биз карылар Карабагышка рахмат айттык.

## Күкүк апа күйпүйгөн бала

Эрден эрди тандаган, тийбеген эри калбаган.
Бала төрөп ар бир жерге таштаган,
Төрт беш эрди басып өтүп аттаган.
Туруктуу эмес адат болуп калган го,
Акырында шаарга барып ыктаган.
Таш боор тура көнүп калган апасы,
Кечирет го сөзүмдүн болсо катасы.
Баш оогон жерде жүрө берсе дайыма,
Дагы күмөнмүн мен түбөлүккө жашашы.

Энеси жок бала эркелебей корунат,
Ээн баш болуп бир балээге жолугат.
Көрүнгөн жерде жүрө берсе энеси,
Бармагын тиштеп акыры бир күн соолугат.

Уул бала, кыз баланы төрөгөн,
Бала менен ар бир адам көгөргөн.
Туу катары бала менен бир жүрсө,
Ырыстуу болуп, ырахатка бөлөнгөн.

Бала төрөп башкаларга бактырат,
Кудай кантип мындайларды жактырат.

Эл катары элдейболуп жүрбөсө,
Өзүн-өзү өз теңдүүдөн пас кылатю

Өз балдарын жериген адам болобу?
Келечекке бул жоругун коебу?
Жүрө бергин ар кайсы жерде сандалап,
Бөксөргөн аяк мурдагыдай болобу?

Убалы барбы таштап кеткен балдардын,
Чыдай албай кагаз бетине жар чалдым.
Келин алат турмуш курат балдарың,
Балдарыңдын жүрөгүнө так салдың.

**16-сентябрь 2000-жылы Дөдөмөлдөгү мектеп Азамат уулу Калдыбайдын наамынын аты коюлду. Ошого карата.**

Азамат уулу Калдыбай 1895-жылы Кош-Булакта төрөлгөн экен. Чоңойгондо тың чыгып, 1929-1930-жылдарда колхоздоштуруу учурунда активдүү катышып, жакшы жардам бергендиги, эл оозуна айтылып, өзү чынчыл бай манаптарга каршы чыгып, бей-бечараларга жардам кылып, элдин ишеничине ээ болгон адамды ким каалабайт. Жок жарды болгон карапайым элге багып берип, элди эмгекке үндөп, кайрак жерлерге суу чыгаруу үчүн ыңгайлуу жерден арык чаптырып, эгинин чөбүн сугартып, элдин оокатын жакшыртуугп үндөгөн адам болгон. Ошондой эле Беш-Көл участкасын өздөштүрүү үчүн элибиздеги жөндөмдүү усталарды чогултуп, Беш-Көлдөн карагай кырктырып, карагайды өгүз ат менен тарттырып, көпүрө салдырган экен.

Ушундай эле карагайды Борбу Жумалыга окшогон суу билген адамдарды чогултуп, Нарын дарыя аркылуу кыркылган карагайды кыл аркан менен таңып, сууга агызып, Казарманга больница, мектеп салдырган. Калдыбайга кеңештеш болгон үзөнгүлөш чогуу чыккан Токтожума, Аалы, Эрмендир, Садырбайлар болуптур. Калдыбайга секретарь болуп Сартпай, Аяз иштеген экен. Калдыбайдын иниси Элеман уулдары өрнөк Кедей тууганы же уулу Сатыбалдиев Тагайбектер болуп, Калдыбайдын эл үчүн кызмат

кылганын, жогорку органга чейин кайра-кайра арыз жазып жатып, республиканы башкарып турган жетекчилер Калдыбайдын иштеген ишин архивден көрүп, эмгегин баалап, жогорку органдын чечими менен 2000-жылы 16-сентябрда Дөдөмөл орто мектебинин наамын Азамат уулу Калдыбай атындагы орто мектеп болуп аталды.

Мектептин аталышына Калдыбай атанын туугандары, балдары чоң той берип, элдин алкышына ээ болду. Мектептин ачылыштагы митингде айрым адамдар өз пикирлерин айтышты. Мурун дагы Иса атындагы мектептин ачылышында мен сүйлөгөнмүн. Бул чогулушта дагы сүйлөп, ырымды окуп бердим.

Экимиңинчи жылыбыз,
Биз үчүн болду бурулуш.
Тезекте эки той болду,
Кут болсо экен мунубуз.

Ой тезегим, тезегим,
Турмуштун көрдүк нечениn.
Жакшылыкка-жакшылык,
Уланат деп сеземин.

Азамат уулу Калдыбай,
Тезектен чыккан бөлүнүп.
Эпсиз адам турбайбы,
Эл көзүнө көрүнүп.

Токтожума, Аалылар,
Булар болсо таанымал.
Эрмендир болуп бир чыккан,
Садырбайы дагы бар.

Курбалы экен Эрмендир,
Кучакташып жүргөндүр.
Кеңеше турган ишине,
Кеңешип жардам бергендир.

Туюктан акыл тапчуусу,
Калдыбай экен башчысы.

Сартпай Аяз акебиз,
Болгон экен катчысы.

Атанын даңкы аталса,
Балдарынын багы бар.
Булардай адам болбойт деп,
Айтып жүрөт карылар.

Беш-Көлдөн карагай алдырган,
Кыл аркан менен таңдырган.
Нарын суу менен агызып,
*Казарманга больница, мектеп салдырган.*

Эл үчүн болгон тилеги,
Жумалы, Борбу тиреги.

Эпсиз суучул турбайбы,
Чолпонбай экен жүрөгү.

Кайракка сууну бурдурган,
Элиме эпсиз иш кылган.
Курсагын ойлоп калкымдын,
Жерди буурусун менен буздурган.

Зоонун боорун ойдуруп,
Түркүгүн мытап койдуруп.
Карт Нарын дарыя үстүнө,
Көпүрө салды жол кылып.

Жапжашыл биздин төрүбүз,
Мурун ээн жаткан жерибиз.
Калдыбай ата жетектеп,
Отурукташкан элибиз.

Калкыма кылган ишине,
Катасы жок кенедей.
Ардактуу Калдыбай атабыз,
Акылдуу экен ченебей.

Мектепке аты коюлуп,
Толкунданып жатабыз.
Лениндей акылман,
Болгон экен атабыз.

Тагайбек аракет кылып койдуңуз,
Төп келди сиздин оюңуз.
Арбагы колдоп абаңдын,
Эми аман эсен болуңуз.

Кедейдин алчы конду сакасы,
Калдыбай журт атасы.
Бейиштен орун алгандыр,
Элдин тийип батасы.

Арбагы ыраазы болду го,
Атага көңүл бөлгөнүң.
Козголду го атаңар,
Эламан, Кедей өрнөгүм.

Калдыбай мектеп аталып,
Атак-даңкка кондуңуз.
Кадыркул кудам директор,
Бактылуу мырза болдуңуз.

Артыла берсин арымың,
Каке сиздин дагы бар салымың.
Ак-тойго чогулган бюджеттен,
Кедей, Какеме берет го жарымын.

Элүү жыл болду четтедим,
Мектебим эми эстедим.
Калдыбайдай бала өсүп,
Ак жолтой болсун мектебим.

**Улуу жеңиштин 60 жылдыгына карата чыгарылды**

**Эстен кетпейт согуш жылдары. 9. 05. 2005-ж**

Башталды согуш кырк биринчи жылында,
Элге түштү татаал турмуш кыйынга.
Канча жоокер окко учту жок болуп,
Эстен кетпейт, айтыла берет кылымга.

Далай адам танкаларга тепселди,
Дүйнө эли фашисттерди жек көрдү.
Талкаланып далай шаарым күл болду,
Карачы бүгүн таанылгыс болуп өзгөрдү.

Геройго тете жакшы наам берилди,
Тезек элден Ыдырыс аке көрүндү.
Эл жерин коргоп келген жоокерди.
Даңазалап айтууга оюм бөлүндү.
Согушту баштап фашисттериң кутурат,
Согушту уксаң төбө чачың тик турат.
Алааматты азыр дагы эстесең,
Оңтойсуз болуп өңү-башың бузулат.

Канча адамдын жесир калды алганы,
Согуштан келбей жетим калды балдары.
Үмүтүн үзбөй балдарыбыз келет деп,
Тылда жүрдү кемпир менен чалдары.

Согуш деп эр бүлөө бүтүн барышты,
Арабызда Жакып, Айдарбектер калышты.
Эр жоокерлер өз эл жерин коргошуп,
Акырында алып келди намысты.

Эскеребиз согушта өлгөн ага менен атаны,
Келгендерден азайып кетти катары.
Баатыр жоокер фашисттерди жок кылып,
9-май Жеңиш күн деп аталды.

Мен ал кезде молоташ баскан бала элек,
Курсак тойбой жарты нанга зар элек.
Быйыл мен жетимиш жашка чыксам да,
Согун жылы дале эстен кала элек.

Тылда иштеген кемпир менен чалдары,
Машак терип эмгектенген балдары.
Турмуш татаал согуш жылы болсо да,
Бел байлашып элдин көөнү жайдары.

Эгин оруп талыкпай иштеп беришти,
Соке-Акай бир кылым жашап келишти.
Кийим жыртык курсак ап-чап болгонду,
Мына ушундай татаал турмушту көрүштү.

Үмүткан, Керез ал учурда жаш эле,
Иштетүүгө топ кишиге баш эле.

Тылда калбай эр азамат бүт кетип,
Баш көтөргөн адамыбыз аз эле.

Күндүр-түндүр эмгектенип иштеген,
Оокат үчүн турмуш жолун издеген.
Каргашалуу согуштан аман келет деп,
Беш жыл бою элим күдөөр үзбөгөн.

Бүт дүйнөдө тополоң иштер болбосун,
Жараткан Алла ар дайым бизди коргосун.
Түпөйүл болбой жашай берсин элибиз,
Мекениме түбөлүк тынчтык орносун!

**2005-жылы 24-мартта тополоң болуп, ак үйдү ээлеп алган президент Аскар Акаев качып кутулду. Эл түндүк-түштүк болуп бөлүнүп, пикетке чыгышып, козголоң басылган жок. Бул күндү революция дейбизби же бийлик талашуу төңкөрүлүшү дейбизби эл өзү билет.**

**Элди ойлонтот**

Козголоң иш эл ичине тарады,
Туугандарым ушул жорук жагабы?
Жаңылыкты күндө көрүп элибиз,
Теле каналдан элим болсо жадады.

Көтөрүлдү түндүк-түштүк элибиз,
Кошулбайбыз такыр калды көөнүбүз.
Күндө пикет, күндө толкун элимде,
Ыркты бузду кейип турат зээнибиз.

Качан элим ынтымакка келебиз,
Канткенде биз толкундарды жеңебиз.
Толкуган эл бул жоругун койбосо,
Анда эл журт бир балээни көрөбүз.

Ичи бузук арабыздан жок болсун,
Бузукунун кылмыш иши козголсун.
Улантышып тетири ишке барышса,
Уюшкандар түбү менен соттолсун.

Кошомат кылып жетекчиге жакканы,
Тантып сүйлөп телевизордон айтканы,
Козголоңду койгула деп айтышпайт,
Сүйлөгөнү деле мага жакпады.

Жутунушуп креслону талашкан,
Мындайлар бар ынтымактан адашкан.
Бирдей шартта бир мекенде турабыз,
Ойлоном мен элим кайда бараткан.
Жетекчини жегич атка теңеди,
Жарыялап айтуунун эмне кереги.
Сабырдуу бол арты кандай болот деп,
Мекендештер дагы чыдап көрөлү.

Козголгондор арабызда күчөдү,
Бөлүнүшүп туугандыктан үзөбү.
Түбөлүккө ынтымакка келишпей,
Же жашообуз ушу менен бүтөбү.

Тополоң иш болгон элге жагабы?
Ойлонолу ынтымакка баралы.
Көп улуттуу кыргыздарым биригип,
Түбөлүккө тынчтыкты сактап калалы.

**24-мартта 17-июнда 2005-жылы ак үйдү басып алгандарга айтылган сөз.**

**Ак сарайбы же ат сарайбы?**

Элиме көңүл бурду эле,
Ак үйдү ээлеп турду эле.
Кыргыздын куттуу үйү деп,
Турдакун ата курду эле.

Апсамат, Аскар барктаган,
Ак үйдү жакшы сактаган.
Кастарлап кыргыз элибиз,
Кут конгон үй деп мактаган.

Абалтан бери ак үйүм,
Оюмдан такыр кетпеди.
Ат сарай болуп ак үйүм,
Ар кандай адам тепседи.

Колоңсо бар, жыты бар,
Таштанды баскан буту бар.
Кусур уруп жүрбөсүн,
Айтылган сөздү тутуп ал.

Ак үйүм ат сарай болуп калганбы?
Же айтылган сөзүм жалганбы?
Акаев бересе болчу элге деп,
Ак үйдү залогго кармап алганбы?

Ай сайын ак үй бузулат,
Айрымдар эмне деп гана кутурат.
Ар намысты ойго албай,
Алдыны көздөй умтулат.

Ак калпак кыргыз өчөбү,
Же башка жакка көчөбү.
Күндө ээлеп ак үйдү,
Ушинтип баркы кетеби?

Азгырылып элибиз,
Ак үйүмдү бузганы.
Акылсыздар жүрүшөт,
Ал адам элдин душманы.

Ойлонтот ак үйдү басканы,
Элиме от жакканы.
Ойрон болсун ошолор,
Канакей пайда тапканы.

Айтылган сөздү сезеби?
Же уланып дагы кетеби.
Ушундай болсо ар дайым,
Эмне болот этеги?

Ак калпак кыргыз калкыбыз,
Акылга келсек жалпыбыз.
Каалаган ишти жасасак,
Кандай болот артыбыз.

Кетти го биздин баркыбыз,
Далайга кетти даңкыбыз.
Ар намыс барбы туугандар?
Каякта калган салтыбыз.

Азгырылып кетпесек,
Ак үйдү барып тепсесек.
Уюткулуу эл элек,
Урпакты ойлоп эстесек.

Ала Тоону жердеген,
Ак калпак кыргыз эл деген.
Ал муздактан бери жакка,
Эч кимге намыс бербеген.

Ойлонгун мындай болбойлу,
Келечекти ойлойлу.
Ар намыстуу эл элек,
Ата Журтту коргойлу!

**10-июль 2005-жыл, президенттик шайлоого карата кошоматчы койсо, элдин эрки менен болсо.**

Калкымдын көөнүн бургандар,
Кошоматты кылгандар.
Бириктирбей эл журтту,
Билишпейт кудай ургандар.

Жанталашып тургандар,
Жалданып кызмат кылгандар.
Жалпы элди ойлобой,
Жакпайт го кудай ургандар.

Жол болду деп сүйүнөт,
Жогору жак деп жүгүрөт.

Адамдын кылган сапаты,
Ушундайда билинет.

Эшигин күндө шыпырат,
Эмне үчүн булар кутурат.
Койбосо элдин эркине,
Ошондо элден чыр чыгат.

Ой кошоматчы кошомат,
Эрте үндөп озунат.
Эл бузаарлар жүрөт деп,
Эртели-кеч кеп кылат.

Ай кошоматчы кошомат,
Айлымда сени кеп кылат.
Ушундайы калбайт деп,
Элдин оозун ким тыят.

Бул жоругуң курусун,
Жокпу сенин жумушуң.
Элди эркине койгула,
Менин айткан сунушум.

Бийликке адам умтулат,
Бийлегендер туйтунат.
Элге калыс болбосо,
Элим кантип тим турат.

Кошоматтын чеги бар,
Калдайып турган элим бар.
Тынч элимди козгобой,
Айтылган сөздү угуп ал.

Эсине алып туйганды,
Элге көңүл бурганды.

Ошого добуш беремин,
Эл үчүн эмгек кылганды.

Калкым каалап турганды,
Калкыма көңүл бурганды.
Кадырлап добуш беремин,
Калк үчүн эмгек кылганды.

Бөлүнбөсүн элибиз,
Бөксөрбөсүн көлүбүз.
Көңүлүбүз шат болуп,
Көөнөрбөсүн жерибиз.

Толкубасын элибиз,
Томсорбосун жерибиз.
Калк бузарлар көбөйүп,
Калып калды көөнүбүз.

Мурункудай болбойлу,
Бул турмушту оңдойлу.
Биригишип баарыбыз,
Бир адамды колдойлу.

Тоскоолдукту жеңели,
Биргелешип көрөлү.
Бириндебей туугандар,
Бир пикирге келели.

**Эл бузаарга айткан сөз.**

Кол тийбестин кээ бири,
Түз жолунан адашкан.
Элди үндөп топтошуп,
Элди өзүнө караткан.

Бизди дайым колдо деп,
Берет экен арактан.
Мурунку бийликте жүргөндөр,
Умтулуп бийлик талашкан.

Дүрбөлөң салып элиме,
Тынч жаткан элди жадаткан.
Оо калайык эл журтум,
Айрымдар кайда бараткан.

Токчулук болсун элимде,
Береке болсун жеримде.
Сыйлашып жүрө берели,
Ынтымак болсун көңүлдө.

Ынтымак болсо ыр чыгат,
Ырдабай кантип тим турат.
Ынтымагың болбосо,
Күндө пикет чыр чыгат.

Тынч жаткан элим адашкан,
Колдосо экен жараткан.
Топ бузарлар укса экен,
Бул Тогуз-Торо тараптан.

## Бийликке бир ооз сөзүм. 2006-жыл

Жетекчи чырды басабы,
Же түкүрүп коюп жатабы.
Ойлогон оюу максаты,
Иш жүзүнө ашабы.

Элдин пикетке чыгып жатканы,
Тетири жолго басканы.

Толкуп турса элибиз,
Жакпайт го мындай жактары.

Тескери ойду эстеген,
Тегинен бери кектеген.
Теңирим туура көрбөйт го,
Теминип коюп четтеген.

Мурункулар кыйрады,
Мындайлар бизге сыйбады.
Бириктирип эл журтту,
Пикетчини тыйбады.

Тартипке элим түшөбү,
Болбойт деп күдөөр үзөбү.
Баш аламан болдук биз,
Же ушуну менен бүтөбү.

Эркине койбой башкарсын,
Эл сунушун аткарсын.
Жоосуну жок иш кылбай,
Мыйзамдуулук сакталсын.

**2006-жылдын 13-май күнү Тогуз-Торо районунун 70 жылдыгына карата Чет-Булак орто мектеби менен, Иса атындагы орто мектебинин беттешүүсү болот. Ошого карата.**

## Саламдашуу

Ассалоому алейкум,
Амансыңбы туугандар?
Маани берип сөзүмө,
Мага көңүл бургандар.

Амандашып сурашкан,
Абалтан калган салтыбыз.
Алла Талла жар болуп,
Аман болсун калкыбыз.

Ынтымак болуп эл журтум,
Чыкса экен биздин даңкыбыз.
Тополоң иштер уланбай,
Оңолсо болду артыбыз.

Иштерин так аткарган,
Ар бир ишке такшалган.
Чет-Булак орто мектебин,
Жапаралы башкарган.

Иштеген иши төп келген,
Жаркырайт мектеби өзгөргөн.
Жапаралы агайга,
Жок го дейм адам тең келген.

Окуу курал баары бар,
Бул адам бизге таанымал.
Шайыр жүрөт дайыма,
Куудулдугу дагы бар.

Сөзгө келсе кезекке,
Сүйлөшсөк болот жекече.
Талаша койбос сыйлыкты,
Жапаралы жээн болот тезекке.

Теңир тоолуу жерденбиз,
Тезек уруу элденбиз.
Теңибиз экен Чет-Булак,
Биз текөөрлөшкөнү келгенбиз.

Ала тоолуу жерденбиз,
Атактуу Тобок элденбиз.
Толгон элдин ичинде,
Биз тоорушканы келгенбиз.

Кызыл чоктой жанайын,
Кызыл тилди сабайын.
Кызып ырдап бүгүн мен,
Кыштай кынап жамайын.

Тезек биздин атабыз,
Тынч эле биз да жатабыз.
Пикетке чыгат күндө эле,
Биз ошого капабыз.

Тогуз-Торо жерибиз,
Топуктуу биздин элибиз.
Тополоң болуп борбордо,
Калып калды көөнүбүз.

Тынч болсо экен калкыбыз,
Кыйлага кетти даңкыбыз.
Уюткулуу эл элек,
Каякта калды салтыбыз.

Калк турмушу оңолсун,
Калкымда бузук болбосун.
Ак калпак кыргыз журтумду,
Алла Талла колдосун.

Отуз алтынчы жылында,
Калдыбай барган жыйынга.
Өзүнчө район болдук биз,
Бул айтыла берет кылымга.

Арызданып Калдыбай,
Жогору жакты көндүргөн.
Азамат уулу Калдыбай,
Бизди Ак-Талаадан бөлдүргөн.

Жокчулук болгон кезеги,
Эми жакшы жакка көчөлү.
Жетимиш жылдык майрамды,
Тынччылык менен өтөлү.

**Беттешүүнүн уландысы.**

**Коштошуу.**

Ойлогон оюм жогору,
Баарыбыз аман бололу.
Өйдө-төмөн сөз болсо,
Кечиришип коелу.

Каткырып ойноп күлөлү,
Ырдашып бирге жүрөлү.
Ынтымак болуп сүйлөшүп,
Бири-бирибизди сүйөлү.

Элди бузган кеменгер,
Түштүктөн чыккан берендер.
Кошулбагыла Чет-Булак,
Түштүккө жакын элеңер.

Наарazы болбой ичинде,
Ийгилик болсун ишинде.
Дыйканчылык мол болуп,
Береке болсун күзүндө.

Ниетиңер ак болсун,
Иштеген ишиң так болсун.
Жаштар өссүн жетилип,
Чет-Булакка бак консун.

Чындык сөздү айталык,
Тоорушуп бир аз байкадык.
Жакшы баргын туугандар,
Үйүбүзгө кайталык.

## 2007-жыл, доңуз жылы, менин 73 жаш мүчөлүү жылым, 9-май туулган күнүмдө балдарым жана теңтуштарым куттуктады.

Мен 1935-жылы 9-май күнү Өрнөк айылында төрөлгөнмүн. Мына ушул күндөрү дайыма балдарым, күйөө балдарым, жалпы кыздарым, келиндерим, неберелерим кеңешип, мен карысам да көңүлүмдү көтөрүп, менин 9-май туулган күнүмдү, менин курдаштарымды чакырып, балдарым жакшы даярдыктар менен өткөрүштү. Бул отурушту Шеримбек, Алатай, Эсенгул,Кедей. Карабагыш, Мамет, Токтогул, Калачы, Көчкөнбай жана Бурул, Калеш, Абалы куда, Кубанычбектер катышып, Алмандын үйүндө өткөрдү койду Руслан уулум чыгарды. Отурушта менин бала-чакама ыраазы болушуп, катташкандар алкыш айтты. Жакшы сөздөрдү айтышып, 6 7 саат отурушту.

Бул отурушта Кедей досум мага карата ыр менен каалоо сөзүн айтты. Бишкектен уул-кыздарым телефон менен куттуктап жатышты. Кедей досумдун ыры төмөндөгүдөй:

Атасы Базар деп, атын жакшы койгон,
Той берип ак боз бээсин арнап сойгон.
Элинин ак батасын атасы алып,
Апасы ак бешикке бөлөп койгон.
Базарым аман жүрөт ошол бойдон.

Базарым өз теңдүүнүн сыймыгы,
Таза жүрөт, иштеген иши кыймылы.
Үлгүлүү болуп көпчүлүктө сый менен,
Бетине айтат ушакчыны кыйдыны.

Базар досум арам жакка жутунбайт,
Келе жатат ак жолунан бузулбайт.
Басса-турса тилегени жакшылык,
Коюн союп келиңиз деп утурлайт.

Базар досум бүгүн бала-чакаң кубанды,
Мына бүгүн жашыңа жаш уланды.
Аман бол деп Алла талла жар болуп,
73 жашка жөлөң болуп чыгарды.

Бек болсун өмүр жашыңыз,
Оорудан сак бол качыңыз.
Тоготпой оору сыркоого,
90 жаштан ашыңыз.

Улгайдым деп ойлонбой,
Умтулуп алга басыңыз.
Жалгыз жүрбөй койкондоп,
Байбиче алып басыңыз.
Ак батаны берели,
Эртерээк алга шашыңыз –
деп 90дон аш, аман бол, өмүрүң узун болсун. Отурушта Сыйбү, Апал, Алман, Токтоназар, Айнура, Руслан, Нүкү, Айганыш жана башка чакырылгандар каалоо сөзү бүткөндөн кийин сөз мага келди.

**Балдарым айтып жүрүшсүн. 9.05.2007.**

Жетимиш ашкан курагым,
Мен балдарга көңүл бурамын.
Балдарым мен деп турушат,
Ушуга тобо кыламын.

Мен үчүн шартты түзгөнгө,
Бүгүн толкунданып турамын.

Карылар менин курбалым,
Турмуштун көрдүк жыргалын.
Катарыбыз азайды,
Эсиме түшөт мурдагым.

Улгайып турган карыбыз,
Ал-күчтөн кеткен чагыбыз.
Небере-чөбөрөлүү болдук биз,
Ырыстуубуз баарыбыз.
Курбалдаштар уккула,
Азайып кетти саныбыз.

Үзүлгөндү улаган,
Телефонду бураган.
Бишкектеги кыздарым,
Менин шартымды сураган.
Өмүрлүү болсун балдарым,
Мен чын дилим менен кубанам.

Бул шартка дагы көнөлү,
Балдарга көңүл бөлөлү.
Жамидин болуп кеткиче,
Балдардын жакшылыгын көрөлү.

Жакшылык менин үмүтүм,
Балдарым жакшылык ойноп күлүшсүн.
Атамдын туулган күнү болгон деп,
Балдарым айтып жүрүшсүн.

**Балдарым грамота менен сыйланды.**

**Биз үлгүлүү үй-бүлө болдук.**

25-май 2007-жыл. Азамат уулу Калдыбай атындагы орто мектебинин 2006-2007- окуу жылында акыркы коңгуроо болуп, мектептин директору Барылбекова Ырыс окуучулардын сабак өздөштүрүү боюнча кеңири токтолуп айтты. Жакшы окуган окуучуларды атап, аларга алкыш айтты. Мунун катарына 4-класстын окуучусу Базарова Уулбү грамота менен, 3-класстын окуучусу Артур уулу Бакай, 2-класстын окуучусу Базар кызы Таттыбүбү, Артур кызы Алтынай, Мирлан кызы Албина жакшы окушуп, 1-класстан көчтү жана ударник болушту. Ошондуктан биздин үй-бүлөнү үлгүлүү үй-бүлө деп атап коюшту.

**Акыркы коңгуроонун салтанат чогулушунда 4-класстын окуучусу Базарова Уулбүнүн каалоо сөзү. 25-май, 2007-жыл.**
**Сакин эжеге.**

Эже бизге көңүл бөлдүңүз,
Төрт жыл жетектеп келдиңиз.
Акыл-насаат көп айтып,
Таалим-тарбия бердиңиз.
Үлгүлүү эже болуп сиз,
Ишиңизден сыйды көрдүңүз.

Биз тартиптүү болуп өсөбүз,
Бизди тарбиялады эжебиз.
Сизди урматтайбыз сыйлайбыз,
Биз сизди Курманжандай сезебиз.
Аман болсок баарыбыз,
Сиздин кадырыңа жетебиз.

Эже билим бердиң жашыңдан,
Бизди тарбияладың башынан.
Сизге каалоо биздин сөзүбүз,
Бул ыр төртүнчү класстын атынан.
Сизге ачык көңүл, арчадай өмүр тилейбиз.

## Кут болсун Нооруз майрам. 21.03.2008-жыл

Кар эрип бөксөрдү,
Жаз келип жерим өзгөрдү.
Келгин куш келип жериме,
Жадырап жайнап жаз келди.

Нооруз келген турбайбы,
Бүгүн ойноп жыргайлы.
Күлкү менен шат менен,
Обонду созуп ырдайлы.

Агарып көңүлдөрү,
Тазартып пейилдери.
Жаңы жыл, жыл ажыраш,
Жергеме Нооруз келди.

Байыркы бабалардан,
Балдарына мурас калган.
Ынтымак биримдикти,
Ыроолоп Нооруз майрам.

Жок го дейм элдин арманы,
Бүгүн элим жайдары.
Кубанабыз бийлейбиз,
Кут болсун Нооруз майрамы.

## Айтматов Чыңгыздын 80 жылдыгына карата 2008-жыл

Кут болсун 80 жашыңыз,
Дүйнөгө чыккан атыңыз.
Өмүргө өмүр уланып,
Токсон жашты ашыңыз.

Сөзүм элге жагабы,
Куттуктайм Чыңгыз аганы.

Сексен жаштын ичинде,
Жүрүп турган арганы.

Чыңгыз кыргыздын чыныгы адамы,
Ташкындап турган талабы.
Учурунда Чыңгыздын,
Курчуп турат каламы.

Айдадың ак кемени,
Үйрөттүң бугу энени.
Эмгегиң менен таанылдың,
Кыргыздын желбиресин желеги.

Жамила, кызыл алмаңыз,
Ушундай чыгармадан жанбаңыз.
Карылыкка баш койбой,
Дагы эле чыгармаңдан арнаңыз.

Гүлсаратты жаздың катыра,
Биринчи мугалимиң татына.
Толгон чыгарма жараттың,
Кантип баткан башыңа.

Мен ойлонуп турамын,
Оюмду сизге бурамын.
Таң калтырды элимди,
Атадан калган туягың.

Жаралгансың Чыңгызым,
Жана берсин жылдызың.
Кыргыздын даңкын чыгардың,
Өркүндөп өссүн кыргызым.

Сиз болдуң элдин ардагы,
Кыргыздын көтөрүлсүн байрагы.

Арабызда жүрө бер,
Манастын колдоп жүрсүн арбагы.

Билинди элге баркыңыз,
Дүйнөгө чыкты даңкыңыз.
Туу болуп жүргүн кыргызга,
Тилейбиз сизди жалпыбыз.

## Бат эле Чыңгыз өтүп кетти деген сөз жарыяланып калды ошого карата

Туу эле кыргыз элине,
Кут конду эле жериме,
Кыргызды дүйнөгө таанытткан,
Чыкем токсонго чыкса эмне.

## Балдарым ойлоп билип ал

Ойлонсом ооруйт жүрөгүм,
Ичимен сызып жүрөмүн.
Доктурлар билбейт оорумду,
Ооруну өзүм билемин.

Башкача болчу мен үчүн,
Өтүп кеткен түгөйүм.
Кемпирим жанда болгондо,
Аткарылмак тилегим.

Өз теңдүүнү көргөндө,
Өзүмөн өзүм жүдөдүм.
Жолдошторго калп эле,
Жоорткотуп күлөмүн

Айталбайм сөздүн нары жагын,
Руслан Артур балдарым.

Кыздарым турат артымда,
Аллага жоктур арманым.

Жаза берем ырымды,
Жакшы болсо дарманым.
Уул кызга калтырып,
Уланта берем калганын.

Атагым калсын артыма,
Айтамын сөздү калкыма.
Эл үчүн эмгек кылганмын,
Жетсе экен балдар баркыма.

Токуш, Сыйбү билишсин,
Мени ойлоп жүрүшсүн.
Ырымдын айрым жерине,
Окуп алып күлүшсүн.

Муңдуунун муңдуу үнү бар,
Баатырдын каарду сүрү бар.
Бул жазган ырдын мазмуну,
Балдарым ойлоп билип ал.

Бак дөөлөт силерден кетпесин,
Көз арткандар жетпесин.
Жангар отуңар өчпөсүн,
Жашоодо көнүлүнөр чөкпөсүн.
Балдарым ынтымак болуп, өмүрлүү болгула.

**Сыйбү кызым кут болсун пенсия жашыңыз.**

**25-май 2008-жыл.**

Кыйла кыздын сулуусу,
Кыздарымдын улуусу.

Акыл сөз айтсаң адамга,
Аркимдин келет угуусу.

Пенсия жашың кут болсун.
Каалаган максат бүт болсун.
Кыдыр колдоп ар дайым,
Бакыт дөөлөт туш болсун.

Ардактуу мугалим атыңыз,
Агарды саамай чагыңыз.
Кубанычта болдук биз,
Кут болсун пенсия жашыңыз.

Билим бердиң жашыңан,
Балдарды тарбияладың башынан.
Эмгегиң менен көрүнүп,
Кызым урмат сыйга татыган.

Оюмду кызым бурамын,
Куттуктап ырды сунамын.
Ойдогудай иш болду,
Мен кубанып турамын.

Чынарыңар бүрдөсүн,
Чырпыгыңар гүлдөсүн.
Жакшы жашап жашоодо,
Балдарым кайгы капа билбесин.

Кубанам дайым кубанам,
Кубанбай кантип тура алам.
Балдарым аман болсун деп,
Алладан дайым суранам.

Жакшылык менин үмүтүм,
Балдарым жаркылдап ойноп күлүшсүн.

Балдары менен ата-эне,
Аман-эсен жүрүшсүн.

Эч нерседен кем кылбай,
Балдарды эркелетип өстүрдүң.
Уул үйлөнтүп, кыз берип,
Эрезеге жеткирдиң.

Сөзүмдүн жоктур жалганы,
Балдардын болбос арманы.
Ак сүтүңдү акташып,
Балдардын тиер жардамы.

Айланайын кубатым,
Оюмду кызым бурасың.
Кур эмесмин мен дагы,
Жайылып турат кулачым.

Кулак сал менин сөзүмө,
Жарашат жылдыз төшүңө.
Өкмөттөн алган сыйлыктар,
Кут болсо экен өзүңө.

Мектепке умай энесиң,
Балдарга таазим бересиң.
Урматтасаң балдарды,
Сый-сыпатын көрөсүң.

Мен турамын зеригип,
Жаман чымын элирип.
Аман-эсен жүрө бер,
Базардын кызы дедирип.

**Жалил уулума каалоо**

Арча кайың бүрдөгөн,
Алма өрүгүң гүлдөгөн.
Алма өрүктүн өсөөрүн,
Мурунтан элим билбеген.

Эмгекке элди үндөгөн,
Бекерди элим сүйбөгөн.
Сен ургачы мен эркек деп,
Балыгың таптак сүйлөгөн.

Уюштурдуң баштадың,
Улана берсин арышың.
Көл жараттың киндике,
Көбөйө берсин балыгың.
Киреше түшсө балыктан,
Мага бергин жарымын.

Мөмө берсин жайнаган,
Булбул консун сайраган.
Келип кет деп чакырсаң,
Келебиз дагы кайрадан.

Эс алганы келебиз,
Кидиктин түшүп көлүнө.
Сак малчы болуп келээрбиз,
Балыгыңдын төлүнө.

Бактылуусун бөксөрбө,
Ушунуңдан өзгөрбө.
Айткан сөзүң бар эле,
Көбөйткүн балык беш көлгө.

Менин айткан саламым,
Алга жылсын кадамың.

Унута көрбө Жалилим,
Чамындынын каналын.

Эл көңүлүн бурганың,
Эл үчүн эмгек кылганың.
Уланта бер ишиңди,
Эмгегиң менен жыргагын.

**Замандашым Дүйшөналы, Эсенге 2-май 2008-жыл**

Айтып өтсөм өткөндү,
Дүкөм кой багып күнүн өткөрдү.
Мурунку жаштык азыр жок,
Азыр кары адам болуп өзгөрдү.

Бөйрөктү чыга жайлаган,
Беш жүз койду айдаган.
Кантет элек замандаш,
Жашартып койсо кайрадан.
Дүке баткак жерди четтегин,
Тайгаланып кетпегин.
Ичкенди билип, жутканды билбей,
Мурунку жылдарды эстегин.

Дүке суу жыландан коркпойсуң,
Балыка таткалган окшойсуң.
Сырдашып калсак экөөбүз,
Илгеркилерди козгойсуң.

Кылканынан тажадың,
Балыктан тандап ашадың.
Балыктын эти дем болот,
Дүке жетимиштен ашык жашадың.

Дуке келип кетсем кетесиң,
Балыкка охраник экенсин.
Кемпириң эсен экөөлөп,
Балыктан берээр бекенсиң.

Эңкейип баскан карыбыз,
Ал күчтөн кеткен чагыбыз.
Жылдан жылга курбулар,
Азайып кетти саныбыз.
Киндикти курорттой көрүп сезебиз,
Көргөндө толкунданып кетебиз.
Сыйлашып жүрүп өтөлү,
Акыры бир күнү кетебиз.

Карыдык деп турабыз,
Карыдык эмне кылабыз.
Убакты саат бүткөндө,
Тыякты көздөй жылабыз.

Жашоодо өттү күнүбүз,
Бүгүнкү күндү билиңиз.
Убайын көрүп балдардын,
Дүке эсен аман жүрүңүз.

**Эр азамат элге эмгек кылат. Иштеген ишинин этегине чыгат. Иним сатыбалдиев Талайбекке.**

2008-жылы Тогуз-Торо айыл өкмөтүнүн иши алгылыктуу болду. Иса атындагы орто мектебинин эки этажы бүтүүнүн алдында турат. Идирис орто мектеби толук бүттү. Дөдөмөлдөгү клуб бүткөнү турат.

Жаштарга көңүл бурдуңуз,
Жакшылык элге кылдыңыз.
Жакты бизге мектебиң,
Жакшынакай курдуңуз.

Алкыш сөз айтып кеткеним,
Ак жолтой болсун мектебиң.
Кесибиңиз мугалим,
Мектептен алыс кетпедиң.

Керектүүсүн алдырдың,
Келиштире салдырдың.
Бактылуу окуучу болушту,
Балдардын отун жандырдың.

Илим билим алышсын,
Илимпоз менен жарышсын.
Менин каалом балдарга,
Билимдин жогорку чегине барышсын.

Такем элдин болот ардагы,
Элине тиет жардамы.
Эл ичинде жүрө бер,
Идирис акенин колдоп жүрсүн арбагы.

**Такем айткан сөздөн жанбасын,**
**Калдыбай атаң таарынып калбасын.**

Эки этаж менен бүтөм деп,
Иса акенин мектеби.
Депутат болбой калганга,
Ага Таке чөкпөгүн.

Ортодо турат Дөдөмөл,
Андан сыртынды салып өтпөгүн.
Алман экөөң биригип,
Эми Калдыбай мектебин эстегин.

Үчүнчү мектепти бүтүрсөң,
Ошондо сизди ойлойбуз.

Эмки шайлоого кое бер,
Жалпыбыз сени колдойбуз.

Сизге каршы чыкканды,
Болбосо да зордойбуз.
Аркаңда турат көп киши,
Бузулган ишти оңдойбуз.

**К. Идирис атындагы мектептин директору Мамыралиев Темирбекке**

Алгалай берсин арышың,
Мектепте сенин да бар салымың.
Мектеп түшкөн кирешеден,
Алгандырсың жарымын.

Мектебиңди көргөндүр,
Мекендешиң келгендир.
Колу ачык теңтушуң,
Берекелүү бергендир.

Ар дайым берсин Теңирим,
Ачылып жүрсүн көңүлүң.
Гектордой баркың бар,
Деги бактылуусун Темирим.

Мебелдериң башкача,
Мектебиңиз таптаза.
Жаркыраган мектепти,
Жарашпайбы мактаса.

Сөзүмө көңүл буруңуз,
Дагы мээнет кылыңыз.
Агарып ушул мектептен,
Пенсияга чыгыңыз.

**Усталарга рахматыбызды айтабыз. Жыгач уста Жүзүпахмат уулу Жуманга.**

Үзүлгөндү улаган,
Иштебесе майын чыгарган.
Полдун жиги билинбейт,
Суу аккыс кылып кынаган.
Мектептин көркүн келтирдиң,
Өмүрлүү болсун бул адам.

**Сварщик иним Өмүрбекке**

Иштедиң иним абдан,
Келтирдиң сварка жагынан.
Кыт куйгандай бүтүрдүң,
Ширеткен кымбат барыдан.
Бата менен көтөрөт,
Салам айттык карыдан.

**Аяз ата жарыктык**
**Сизди күтүп зарыктык 31.12.2008-жыл**

Аяз ата келдиңиз
Бизге салам бердиңиз.
Арабызга кошулуп,
Биздин шартты көрүңүз.

Аяз ата атабыз,
Арабызга жашаңыз.
Аткарылат деп ойлойм,
Бизге берген батаңыз.

Ак тоонун карды жарылган,
Берекениалып кел.
Көтөрүп келген куржунга,
Бейкуттукту салып кел.

Бирин-бири сыйлаган,
Ынтымакты алып кел.
Касиеттүү куржунга,
Ырыскыны салып кел.

Сакалыңдын тал талы,
Жарк-журк этет арасы.
Кутту алып келдиңби,
Кубансын адам баласы.

Сизди күтүп болдук зар,
Муруттарың аппак кар.
Күлүмсүрөп турасың,
Утур жүзүңдө шаттык бар.

Аяз ата сизди сыйлайбыз,
Сиз менен бийлеп ырдайбыз.
Кожокыдырдай колдоң бизди,
Тынчтыкта жашап жыргайбыз.

## Жаңы жылга карата 2008-жыл

Аяз ата келип калды,
Бир чоң капты көтөрүп.
Көздөрүнөн жалын жанат,
Күрсө-күрсө жөтөлүп.

Каршы чыгып аяз ата,
Тосуп чыкты жолунан.
Жаңы жылга барды шаша,
Бек кысууга колунан.

Аяз ата колдоңуз,
Жакшылыкты ойлоңуз.
Бизде болсо кемчилдиктер,
Ага капа болбоңуз.

Кабыңызда эмне бар деп,
Сурап калды балдарым.
Силер үчүн ырыскы көп,
Дагы берем калганын.

Суроо бердиңер шаштырып,
Силерге берем жакшылык.
Бириңди бириң сыйлашып,
Жүрөбергиле каткырып.

Эне-атага өмүр бою карызсың
Эне-атанын бала үчүн согот жүрөгү,
Балага каалосу жакшы тилеги.
Мен энеден төрөлдүм дегендер,
Эне-атаны урматтап сыйлап жүрөлү.

Баланы эне эмне кылып бакпады,
Бала үчүн уйкусун бөлүп жатпады.
Кайыл болуп, кыйналганына карабай,
Бешикке бөлөп, уктасын деп таштады.

Кор кылбасын баланы эркелетип өстүргөн,
Тарбиялап чоңойтуп, эрезеге жеткирен.
Эне-ата бизге күйүп турган шам чырак,
Айрымдар бар энени билбей эсирген.

Эне болбосо кайдан алга жетебиз,
Эне деп айтсак, толкунданып кетебиз.
Ар бир бала урматтайлы сыйлайлы,
Энени биз туу катары сыйлайбыз.

Эне-атаны баккандан балдар качпасын,
Карылар үйүнө бергенден кудай сактасын.
Акыл эстүү кыргыз баласы дегендер,
Өмүр бою ата-энесин барктасын.

Балдар кыздар тетири жолго баспайлы,
Эне мээрин түбөлүккө сактайлы.
Кутубуз ыйык эне бизди баккансын,
Эненин берген эмчек сүтүн актайлы.
Эне-атаны ойлоп, жакшы жолго барышсын,
Баалай билип, түбөлүк ойдо калышсын.
Ойлогула балдар, эне-атаны сыйлагын,
Эне-атага өмүр бою карызсын.

**Канаттууну коргоого карата.**

**Уулбү, Бакай, Таттыбүбү, Албина, Алтынайдын чыгармасы**
**Окуучулардын бири-бири менен беттешүүсү болуп, ошого балдардын чыгармасы төмөндөгүдөй.**

Канаттуну сыйлайбыз,
Жамандыкка кыйбайбыз.
Ынтымакта дос болуп,
Күлүп ойноп жыргайбыз.

Канаттууну коргойлу,
Келечекти ойлойлу.
Канаттууну кор көрүп,
Жаман аттуу болбойлу.

Көлдүн көркүн чыгарган,
Аккуу канаттуунун асылы.
Көрктүү жана сыймыктуу,
Аккуу адамдардын жакыны.

Биз окуучу балабыз,
Канаттууну коргойбузда багабыз,
Ак ниет болуп элиме,
Эмгек менен жагабыз.

Булбулдар тоодо сайраган,
Күн түнү сайрап талбаган.
Торгой безеленип үн кошуп,
Элге жагымдуу үнүн арнаган.

Кекилик өз атын өзү чакырат,
Сайрап жатып басылат.
Адамды көрүп калганда,
Чыргайлуу жерге жашынат.

Аскада сайрайт улары,
Жеримдин көркү бул дагы.
Керээлден кечке уксаң да,
Кулактын канбайт кумары.

Зоо ташта болуп түнөгү,
Көгүчкөн тынчтык тилеги.
Канаттуунун түрү көп,
Айрымдары муну билеби.

Чакчыгай ташта ышкырып,
Туш-туштан сайрап бытбылдык.
Адамга жакын сезилип,
Жараткан бизге туш кылып.

Канаттуунун баарысы,
Адамга сүйкүмдүү келишет.
Индук, тоок жайы кышы,
Жумурткасын беришет.

Күн тийген тоонун кукүгү,
Топучан болуп үпүбү,
Кыраан бүркүт, ителги,
Канаттуунун көзүрү.

Канаттуунун көп түрү бар,
Буларды толук билип ал.
Баарысын тактап айтууга,
Убакыт ченелүү, убакыт тар.

## Тогуз-Тородон көлгө (азил сөз)

28-июнь 2009-жылы көлдөн кудабыз Кадыркул, кудагый Гүлбара балдары менен келип калды. Мени тамашалап көлдөгү кемпириң Бурул салам дуба деди деп айтты, ага эмне дейсиз. Кагаз жазып берсеңиз өз колуна алып барып берейин деп айтканынан, балдар кыздар эртели кеч окуп күлүшсүн деген ой менен Тогуз-Тородон көлгө деген тема менен жазганым төмөндөгүдөй.

Оюңа алып сезерсин,
Ойлогон ойго жетээрсин.
Уулактабай Бурулум,
Мени ойлоор бекенсин.

Азгырса башкага кетпей жүр,
Абышкам жок деп чөкпөй жүр.
Алагды болбой башкага,
Ар дайым мени эстей жүр.
Оюбузду жакшы жакка буралы,
Жашообузда амандашып туралы.
Максатына Ханжантай дагы жетиптир,
Ачык айт Бурул дагы эмне кылалы.
Даңазалап свадьбаны өткөрүп,
Карысак да жаңы турмуш куралы.

Деп жаздым. Анткени 2007-жылдын август айында Токтоназар, Сыйбү болуп көлгө Кадыр куданыкында жети сегиз күн жүрүп калдык. Көлгө түшүп эс алып жүрдүк. Ошондо Кадыркул куданын кошунасы эки этаж үйү бар Бурул деген кемпир бар экен. Жашоосу жакшы, кыздары Россияда иштеп энесин жакшы шарт менен багышат экен. Кемпирдинабышкасы жок бой экен. Бурул ачык, шайыр, биз менен кошо жүрүп көлгө түшөт. Көлгө түшкөн кезде

Кадыркул куда кемпир экөөбүздү ар түрдүү сүрөткө тарта бериптир. Аны биз билген эмеспиз. Ал сүрөт азыр үйдө турат. Ушундай күндөрдү өткөрдүк. Муну балдарым окуп күлүп жүрушөр.

## Өмүр сакчылыгына каалоо

24-июнь 2009-жылы райондук больницага бутумдун мууну шишип, "бадагра" оору менен жатып калдым. 3-июль күнү больницадан жакшы болуп чыктым. 4-июль медиктердин күнүнө карата төмөндөгүдөй ыр жазылды:

Ак халат кийсе жарашкан,
Ооруну жакшы карашкан.
Ардактуу биздин медиктер,
Алгалап алга бараткан.
Айыгып кетсе экен деп,
Ак ниети менен самашкан.
Куттуктап жаздым каалоону,
Бул ооруган адам тараптан.
Элге кызмат кыла бер,
Колдосун Алла жараткан.

Ар дайым жакшы оюңар,
Ак жолтой жеңил колуңар.
Алкыш алып элимден,
Аман эсен болуңар.
Даражаңар жогорулап,
Даңгыр болсун жолуңар.

Оорулуу болгон адамдын,
Диагнозун табасың.
Адамдын көөнүн оорутпай,
Эл алкышын аласың.
Талыкпай иштеп эл үчүн,
Эмгегиң менен жагасың.

Өмүрлүү болуп жакшылык менен өткүлө,
Өмүр бою жаркылдап жүрүп өскүлө.
Илим билиминер жогорулап,
Медиктин жогорку чегине жеткиле.

## Шайлоого карата менин пикирим

23-июль 2009-жылы президенттик шайлоого 6 талапкер кандидатурасын коюшту. Курманбек Бакиев, Алмазбек Атамбаев, Темир Сариев, Токтайым Үмөталиева, Нурлан Мотиев, Жеңишбек Назаралиев эле. 23-июлда саат 7.30да шайлоонун ачылышына карата Гимн жаңырып, анын артынан кары шайлоочудан Кадыркулов Борукчу, Эрмендиров Базар, Калдыбаев Кедей шайлоону куттуктап, тынч өтүүсүн айтып өттүк. Мен шайлоого карата төмөнкү чыгармамды окуп бердим.

Кыргыздын даңкын чыгарган,
Ишине адам кубанган.
Ардактуу Бакиев ишмерди,
Колдобой катип тура алам.

Талыкпайбыз талбайбыз,
Башкалардан калбайбыз.
Талапкердин ичинен,
Татыктуусун тандайбыз.

Айткан сөздөн жанбайбыз,
Иштеген ишин баалайбыз.
Башкасын кое туралы,
Бакиевди шайлайбыз.

Төрт жыл элди башкарган,
Иштеп ишке такшалган.
Канчалык тоскоол болсо да,

Тартынбай ишин аткарган.
Эл бузаарлар болбосун,
Элге тынчтык орносун.
Бактылуу кыргыз элимди,
Манас ата колдосун.

деп окуп бергенде, эл кол чаап куттуктады. Менден кийин Калдыбаев Кедей куттуктап, ырын окуп берди. Кедейдин ыры төмөндөгүдөй:

Жаат-жаат бөлүнбөй,
Жакшылыкты ойлойлу.
Эки жакка бөлүнүп,
Элге уят болбойлу.

Президенттик шайлоодо,
Бакиевди колдойлу.
Түндүк-түштүккө бөлүнбөй,
Түпкүлүгүн ойлойлу.

Ак жол каалап шайлоого,
Алты өкүл ичинен.
Президентке талапкер,
Бакиевди колдойлу.

Шайлоонун жыйынтыгында 75,4% менен Бакиев өттү. Кайра президентке шайланды.

### Аткарылды оюңар, кут болсун алтын тоюңар.

(Алман, Апал келиндүү болушкан)

Үйлөнүү тоюңар кут болсун,
Үйүңө бакыт дөөлөт жык толсун.
Элдин тийип батасы,
Каалаган максат бүт болсун.

Мен төш таянган убагым,
Жетимиш ашкан курагым.
Тоодой бакыт болгон го,
Толкунданып турамын.

Ак той болуп жатканга,
Артыкча көңүл бурамын.
Семетей, Миргүл балама,
Ырымды гүл десте кылып сунамын.

Тоюңар тойго улансын,
Той берген адам кубансын.
Таятаң алтын тоюңа,
Тартуулап ырын чыгарсын.
Баш кошуп турса балдарым,
Атаңар ырдабай кантип тура алсын.

Жакшылык менин үмүтүм,
Балдарым каткырып ойноп күлүшсүн.
Ынтымак болуп түбөлүк,
Кол кармашып жүрүшсүн.
Ата-эненин мээримин,
Балдарым ойлоп билишсин.

**Садыр куда союздун учурунда кой ферманын башчысы болуп иштеген, ошого карата кудама тамаша ирээтинде жазылды**

Айтамын сөздүн аныгын,
Эл билет жакшы адамдын кадырын.
Бирге иштеп бир жүрдүк,
Чарбада сенин да салымың.

Бир короо кой дебейин,
Анын жегендирсиң жарымын.

Жакшылык менен жүрө бер,
Ардактуу кудам Садырым.
Айтамын сөздү оболу,
Ойлогон оюм жогору.

Уул үйлөнтүп кыз бердик,
Таттуу куда бололу.
Ак тилек менен баарыбыз,
Балдарга бата берип коелу.

**Алман Апалга**

Ачылып жүрсүн көңүлүң,
Арчадай болсун өмүрүң.
Кол кармашып бир жүрүп,
Ак жолтой болсун келиниң.
Колдоп жүрсүн дайыма,
Алла Талла Теңирим.

Ордунан чыкты оюңар,
Узарды эки колуңар.
Элдин тийип батасы,
Кут болсун ушул тоюңар.
Тоскоолдук болбой ар дайым,
Шыдыр болсун жолуңар.
Урмат-сыйга бөлөнүп,
Аман эсен болуңар.

Жакшылык болсун күнүгө,
Жаш бала болсун үйүңдө.
Бешик той берип жылына,
Жүрөлүчү сүйүнө.
Эриш-аркак болушуп,
Болушсун ынтымактуу үй-бүлө.

Бир пикирге келели,
Эмдиги жылы бешик тоюн берели.
Аман болсо атаңар,
Ошондо ыр көрөнгөсүн төгөлү.
Бапырандап баарыбыз,
Балдардын жакшылыгын көрөлү.

Боло берсин жакшылык,
Балдарым жүрсүн каткырып.
Ынтымак болуп жашашсын,
Көңүлдөрүн шат кылып.

Табышыптыр балдарым,
Бири-бирин жактырып.
Арнап жазган ырымды,
Берейин ата-энесине тапшырып.

## Эсешим эстен кетпейт, Базарым дайыма эстейт.
## 9-март 2011-жыл

Назаралиев Эсенгул 1934-жылдын декабрь айында, мен 1935-жылдын 9-май айында төрөлүптүрбүз. Экөөбүздүн айырмабыз 4 ай эле, экөөбүздүн атабыз бир тууган болгондуктан, бала кезден бери бирге жүрдүк. Ушул убакка чейин бири-бирибизге наразы болбой, урушпай сыйлашып жүрдүк, үй-бүлөбүз дагы сен мен дешпей жакшы жашадык. Эсештин адамдык сапаты башкача эле, өзү сөзмөр адамга жакынчылыгы наркы-беркини түшүнгөн адам эле. Жаш кезинде союздун учурунда колхоздун ишенимдүү механизатору болуп жүрүп пенсияга чыкканга чейин иштеп келген. Колхоз иштеген ишин баалап, сыйлыкка татыктуу болуп жүрдү. Жетекчилер тарабынан грамота алып, айыл өкмөткө депутат болуп шайланган. Ошондой эле 1970-71-жылдары Лениндин 100 жылдык медалын алган. Эсеш саясатка жакын, китеп газетаны дайыма окуп жүрчү, телевизорду, радиону көп пайдаланчу. Бул адамды

туугандары эч унутпайт. 8-март 2011-жылы 77 жаш курагында өтүп кетти. Бул боюнча райондук газетага чыкты.

**Кош эми Эсешим**

Учурашып кол сунуп,
Сырдашчу элек олтуруп.
Черибизди жазчу элек,
Сөзгө купулубузду толтуруп.

Эгиз элек бир жүргөн,
Эзилишип бир күлгөн.
Муңайып айтам балдарга,
Кыргылданган үн менен.

Радиоң турат үн дебей,
Эсешим калды сүйлөбөй.
Эсешим кандай болот деп,
Караймын көздү ирмебей.

Үч-төрт ай улуу тең элек,
Акыл айткан сен элең.
Ээрчишип бирге жүрчү элек,
Артыкча мага бел элең.

Менин дагы карыган убагым,
Капаланып турамын.
Кадырлуу эсен жанда жок,
Кандай айла кыламын.

Бейпайга түшпөй жаныңыз,
Бейиштен орун алыңыз.
Бел байлаган сиз жоксуз,
Кейишке түштүк баарыбыз.

Карыганда кайгыга түштү алганың,
Калдайып турат балдарың.

Небере чөбөрөнү көрдүңүз,
Эсеш Аллага жоктур арманың.
Дат басса болот сынбайбы,
Адамда болот муң-кайгы.
Жаш карыга карабай,
Акыры ушундай болот турбайбы.

Эсеш агын сууну бойлой жүр,
Балдарыңды ойлой жүр.
Артыңда калган балдарды,
Кош эми, арбагың менен колдой жүр!

**Президент Роза Отунбаеванын буйругу менен 2011-жыл "Кырманжан Датка жылы" болуп аталды. Ошого карата:**

Курманжан Датка жылыңыз,
Кут болсо экен мунуңуз.
Куттуктап сизди жазууга,
Куюлуп чыгат ырыбыз.

Атына заты жарашкан,
Чыктыңыз Алай тараптан.
Азыраак кыргыз элимден,
Алла Таала сизди жараткан.

Кокон хандык тушунда,
Кор кылбай элди бактыңыз.
Туура сүйлөп түз жүрүп,
Көпчүлүк элге жактыңыз.

Курманжан Датка энебиз,
Бир пикирге келебиз.
Ушундай кыздар чыкса деп,
Ар дайым даңктай беребиз.

Карк кылды как жарган,
Ишинен адам байкалат.
Ажалга тике кара деп,
Кантип эне айта алат.

Каршылашкан башка элди,
Акыл менен уттуңуз.
Быйылкы жылы энебиз,
Эки жүз жашка чыктыңыз.

Эки жүз жашы кут болсун,
Кыргыз элге кут консун.
Жакшырып жашоо шартыбыз,
Каалаган максат бүт болсун.

Кылмыштууну сураткан,
Датканын ишин уланткан.
Роза биздин президент,
Кыргыз элин кубанткан.

Айтпай кантип коебуз,
Жолдошова Жылдызды.
Ынтымакка келтирди,
Уюткулуу кыргызды.

Тогуз-Торо кур эмес,
Чыгаан кыздар бизде бар.
Татыктуу иштеп жүрүшөт,
Бурганбү менен Апалдар.

Ак халат кийсе жарашкан,
Ооруну жакшы карашкан.
Ардактуу Дүрүя кызыбыз,
Алгалап алга бараткан.

Пенсияны тейлеген,
Талапты коет эл деген.
Эл талабын аткарган,
Бурул кыз дайым эл менен.

Өз кесибин сүйүшкөн,
Ар кимдин болот кесиби.
Иш кагазы күзгүдөй,
Эч кандай жок кетиги.
Көп жылдан бери иштеген,
Мөөркан айымдардын тетиги.

Зейнеп кыз кызматыңдан түшпөдүң,
Кондучаловадай иштедиң.
Татыктуу иштеп статтан,
Эмгектин жолун издедиң.
Иштей бер Зейнеп иштей бер,
Эмгектен күдөөр үзбөгүн.

Айрым айым иштешет,
Эркектерден калышпай.
Эл үчүн кызмат кылышат,
Ар дайым иштеп талыкпай.

Арабызда кыздар көп,
Өз ишин туура кармаган.
Туура сүйлөп түз жүрүп,
Эл үчүн ишин арнаган.

Ушул кыздын баарысы,
Курманжандын сиңдиси.
Татыктуу кыздар бизде көп,
Ар кимдин келет билгиси.

**Артур Мики машинелүү болушту, ошого карата.**

**Ак жолтой болсун жоргоңуз.**

Эч качан капа болбоңуз,
Бузулган болсо оңдоңуз.
Жакшылыкка каттаган,
Ак жолтой болсун жоргоңуз.

Бузулса ондой билиңиз,
Токтотпой айдап жүрүңүз.
Капа болбой жашоодо,
Жаркылдап өтсүн күнүңүз.

Алла таала жалгасын,
Бузулуп жолдо калбасын.
Ак эмгек менен алганың,
Ар дайым көрсүн пайдасын.

Бакай, Зирек улантсын,
Айдашса Базар кубансын.
Шофер болсо балдары,
Базар ыр жазбай кантип тура алсын.

Баткак жерден өтпөй жүр,
Чалчык жерден четтей жүр.
Алыс сапар жол жүрсөң,
Ар дайым мени эстей жүр.

**Иманбердиев Бокин районго аким болуп шайланды.**
**Ошого карата менин каалоом.** 28-июль 2011-жыл

Кементай кийсе жарашкан,
Кубанып элим карашкан.
Эл үчүн иштеп берет деп,
Эл-журтум сени самашкан.

Урматтап сыйлоо бул жагы,
Карылар жаштар тараптан.

Ар кандай ишти аткардың,
Иштеп ишке такшалдың.
Суурулуп чыктың элимден,
Күлүк аттай тапталдың.

Жердештерден өттүңүз,
Жетекчиге жеттиңиз.
Ушунуңуз кут болсун,
Жетик болуп өстүңүз.

Окуу жайын бүткөнсүң,
Ушул сыймыкты күткөнсүң.
Ишенебиз баарыбыз,
Анткени, Иса акенин түбүн ичкенсиң.

Алгыр куштай кыраан бол,
Иса атаңдай чыгаан бол.
Жеп ичкенден алыс бол,
Эл-журтуңа калыс бол.
Арабызда жүрө бер,
Сизге кааларыбыз ачык жол.

Тилектешпиз баарыбыз,
Эсен болсун жаныңыз.
Эл үчүн эмгек кыла бер,
Эл алкышын алыңыз.

Өз балага кубанам,
Кубанбай кантип тура алам.
Сексенге жакындап калсам да,
Дагы эле ырды чыгарам.

Ак ниет болсун жолдошуң,
Касташкан адам болбосун.
Ак эмгек кыл элиңе,
Артыңды кудай оңдосун.

Нурсултандай так берсин,
Так берсе да бат берсин.
Бат берсе да бак берсин,
Бак берсе да саз берсин.
Бир кылым ашык жашаган,
Жамбыл атадай жаш берсин.

**Кыргыз тили түбөлүккө сакталат**

Кыргыз болбой улут болбойт,
Улут болбой кыргыз болбойт.
Мен кыргызмын дегендер,
Кыргыздын салт-санаасын колдойт.
Акылдуу кыргыз жараны,
Өз тилин, өз динин ойлойт.

Тилибиз менен көзөмбүз,
Тилибиз менен чеченбиз.
Бпрктабасак тилимди,
Анда кыргыз эли бечелбиз.

Тил бар жерде күлүкпүз,
Улут бар жерде бийикпиз.
Тил болбосо дудукпуз,
Тилибиз менен улутпуз.
Салт-санааны колдонсок,
Ошону менен тунукпуз.

Кыргыз тили бал тил,
Бал тилди сүйлөй бил.

Ар бир кыргыз жараны,
Өз тилинди даңктай жүр.

Кыргыз туруп өз тилин билбеген,
Кыргызча сөздү чала-була сүйлөгөн.
Адамбыз деп айрымдар бар арада,
Кыргыз болуп өз улутун сүйбөгөн.

Башка улут биздин салтты колдошот,
Кыргыз жерде жашайбыз деп ойлошот.
Кыргызча сүйлөп, бийлеп, кыргызча ырдап,
Ар дайым биздин тилди колдошот.

Кыргыз эли тили менен даңкталат,
Кыргыз эли дини менен баркталат.
Кылым санап, унутулбайт эч качан,
Кыргыз тили түбөлүккө сакталат.

### Күз келди

Береке берди күз келди,
Түшүмүн бизге бүт берди.
Жадырап жайнап элибиз,
Тойгузду Дыйкан бүт элди.

Кубанып турат айланам,
Береке түшүм жайнаган.
Токчулук болсун элде деп,
Түшүмүн элге арнаган.

Бактылуу биздин элибиз,
Түшүмгө тойду көөнүбүз.
Алчы элек эгинди чет элден,
Чет жакка сатабыз эми биз.

Жокчулук бизде жоюлду,
Айтайын мен да оюмду.
Башкадан эгин сурабайт,
Эми түшүмгө элим тоюнду.

Эгинди бербейт бөлөккө,
Ар дайым бизде береке.
Камсыз кылып элимди,
Өз мекеним жарайт керекке.

**Сатыбалдиев Тагайбек, 12-март 2012-жыл**

**Кош эми Таке.**

Арманым ичке топтолду,
Айтууга сөзүм козголду.
Экинин бири Такебиз,
Арабыздан жок болду.

Такем элибизге баш эле,
Алтымыш жаш, жаш эле.
Кечеги жүргөн Такебиз,
Арадан кетти бат эле.

Такем бизге дем эле,
Баарыбызга бел эле.
Кемчиликти бетке айткан,
Тайманбаган шер эле.

Кеңеш айтып адамга,
Кең пейили кең эле.
Колтукташып сырдашкан,
Колунан келген эр эле.

Чыгаан эле Такебиз,
Өз теңинен тың жүргөн.

Ачык жүрчү дайыма,
Такемдин сырын эл билген.

Кайрымдууну көп жасап,
Карачу эле элине.
Бирге ойноп чоңойгон,
Кадырлуу эле теңине.

Көпчүлүк менен бир жүрүп,
Такшалган ишке жашынан.
Билим берип жаштарга,
Мугалим болгон башынан.

Төрага болуп башкарган,
Иштеп ишке такшалган.
Эл кадырына ээ болуп,
Баардык ишти аткарган.

Суюлуп кетти катарым,
Сумсайып жалгыз басамын.
Кызмат кылган жагынан,
Элиме чыккан атагың.

Жаштарга көңүл бурдуңуз,
Жакшылык элге кылдыңыз.
Туулуп өскөн жериңе,
Жаңы мектеп курдуңуз.

Эки этаж мектеп салдырып,
Этегине жетпедиң.
Шум ажал алып жаныңды,
Бизден алыс четтедиң.

Такем элдин болгон ардагы,
Элиме тийген жардамы.

Окуучуга шарт түздүң,
Балдардын жоктур арманы.

Айтып сөздү улайын,
Эми кандай кылайын.
Арманда кетти Такебиз,
Балдарынын көрбөй убайын.

Алдырып келдиң тегирмен,
Ак нанды элге жедирген.
Ушулар сенин эмгегиң,
Эч качан кетпейт көңүлдөн.

Кейишке түштүк баарыбыз,
Кейибесин жаныңыз.
Алла Таала жар болуп,
Бейиштен орун алыңыз.

Эскерип айтам жалпыга,
Эмгек кылган калкыма.
Эскербей кантип коебуз,
Эмгеги калды артында.

Капилеттен сөз тапкан,
Кемчиликти бетке айткан.
Эмгеги менен көрүнүп,
Элибизге бүт жаккан.

Өткүр эле Такебиз,
Өтүп кетти кантебиз.
Бирге жүргөн дайыма,
Тирүү деп дайым сезебиз.

Иштегенден чалыкпай,
Эмгектенди талыкпай.

Аткарган ишин бааласак,
Иштеди Иса акеден калышпай.

Туугандар Такеме көңүл бөлөлү,
Иштерин баалап көрөлү.
Айтканды туура көрсөңөр,
Такеме бир курулуштун наамын берели.

Ишинен адам байкалат,
Жалган деп кимдер айта алат.
Такемдин кыял жоругу,
Жүрөктө дайым сакталат.

Жамандык элде болбосун,
Эсил кайран жолборсум.
Артында калган балдарын,
Такем арбагы менен колдосун.

Элиме эмгектенип чуркадың,
Талыкпаган тулпарым.
Түбөлүккө коштоштук,
Кош эми Таке шумкарым.

## Тойдо болдум

30-август 2012-жылы Бишкектен Төлөгөн акенин уулу Изат колуктусу Элмира экөө Дөдөмөлгө келип, мени там салганбыз той берем ошого барыңыз деди. Мен айтуусу боюнча тоюна бардым. Тынчтык уулу Баяманды ээрчитип алдым. Барсам Тынайдын балдары Соң-Көлбек Бурулбү, Автандил, Дайырбектин балдары Будайкыз балдары менен отурушуп, ырдашып бийлешип отурушкан экен. Үйү эки этаж Арча-Бешикте экен. Биринен сөздү мага беришти. Жонума кементай жабышып, калпак кийгизишти. Жазган ырымды төмөндөгүдөй окуп бердим.

## Ак сарайың кут болсун

Ак сарайың кут болсун,
Айтылган сөздөр бүт болсун.
Ак жолтой болуп үйүңөр,
Кыдыр даарып кут консун.

Кубанам Ызат атыңа,
Жамбылдын жеткин жашына.
Эльмира экөөң бар болуп,
Жашай бергин татына.

Жакшылык болсун артыбыз,
Чыга берсин даңкыңыз.
Ынтымак болуп тынайлар,
Элге чыксын баркыңыз.

Жаркылдап ойноп күлгүлө,
Ынтымакты билгиле.
Аксакалыбыз айткан деп,
Мени дайым айтып жүргүлө.

Айланайын Тынайым,
Колдоп жүрсүн кудайым.
Дайыма келип туралы,
Жакшылык болсун ылайым.

Тойдо отурган балдарым,
Ушул менин дарманым.
Карып калган көрүнөм,
Эртең айтам калганын.
Той жакшы өттү. Ушинтип сыйдын үстүндө болдум.

## Тоюңар кут болсун.

Иним Автандил уулу Азамат Кемин районунда военкомдун экинчиси болуп иштейт. Азамат үйлөнүп 1-сентябрь 2012-жылы үйлөнүү свадьбасын кафеде өткөрдү. Бул тойго дагы катыштым. Тойго мен Русландын колуктусу Айнура, кызым Даки болуп бардык. Тойго 100дөй киши катышкан экен. Тойдо Автандилдин кайын журту, теңтуштары, Азаматтын иштеген теңтуштары жана Тынай улуулар катышты. Тойдо ырдашып, ар ким тойго жакшы ниети менен каалоо сөздөрүн айтып, музыка жаңырып, тойду алып баруучу кезеги менен тиешелүү адамга тос берип, жакшы болду. Сөздүн кезегин мага биринчи берип, тойго катышкандар көңүл буруп калышты. Анда мен сөздү мындай баштадым:

Ардактуу кудалар, кудагыйлар, урматтуу туугандар, саламатсыздарбы? Бүгүн баарыбыз жакшы маанай менен ак тойду тосуп отурабыз. Той кут болсун! Бүгүнкү тойго кезиктирген Азамат менен келин бала ошондуктан балдар өмүрлүү болуп, кармашкан колу бекем болсун.

Балдарга айтаарым карыны сыйлаган, кичүүнү урматтаган, эл оозунда жакшы жактары айтылып, ыймандуу жаштардан болушсун. Балдарга арнаган ырымды окуп берейин.

## Ак жолтой болсун келиним

Кут болсун ушул кечебиз,
Тойду жогору баалап сезебиз.
Урмат сыйга бөлөнүп,
Биз кубанып кетебиз.

Саламсыздарбы туугандар,
Сөзүмө көңүл бургандар.
Алтын тойду куттуктап,
Айтыла турган ырлар бар.

Айтайын сөздү оболу,
Ойлогон оюм жогору.
Жакшылыкка катышып,
Таттуу куда бололу.

Тоюң тойго улансын,
Той берген адам кубансын.
Кубанып турам бүгүн мен,
Атаңар ырдабай кантип тура алсын.

Жакшылык биздин оюбуз,
Кут болсун ушул тоюбуз.
Уул үйлөнтүп кыз берип,
Автандил Калича аман эсен болуңуз.

Ак тойго көңүл буралы,
Атаңар карып калган убагы.
Жакшылыкка катышып,
Келип келип туралы.

Жаркылдап ойноп күлүшсүн,
Жакшылык доорун сүрүшсүн.
Кол кармашып түбөлүк,
Аман эсен жүрүшсүн.

Ачылып жүрсүн көңүлүң,
Арчадай болсун өмүрүң.
Алганы менен тең карып,
Ак жолтой болсун келиним.

**Оо Курбалым Кедейим**
**Ойлонтуп койдуң не дейин.**

Кедейдин атасы Калдыбай Тезек элинен чыккан эң акылдуу эл үчүн иштеген адам экен. Калдыбай менен үзөнгүлөш иштеген Аалы, Токтожума, Эрмендир, Садырбай кеңештеш болуп, бирин-бири сыйлашкан улуу инсандан экен. Калдыбайдын атасы Кедей, Эрмендирдин баласы мен Базар ушул күнгө чейин бири-бирибизди сыйлашып жакшы жүрдүк. Бири-бирибизди 2 3 күн көрүшпөй калсак, сагынышып калабыз. Кедей досум көп жылдан бери оорулуу болуп, үйүнөн алыс баса албай жүрөт. Оорулуу адамдын башына эмнелер келип кетпейт, ойлонот эмеспи.
Мен Бишкекте 15 20 күн жүрп келсем, 80инчи курак деген ырын жазып, аларды мага берди. Өзүнүн жазганы төмөндөгүчө. Өзүнүн жазган ырын сөзмө-сөз жазып койдум, кийинки муундар окуп жүрсүн.

## 80 курак 1.09.2012-жыл

Кубулуп кубалашып жылдар чубап,
Арадан өтүп кетти далай убак.
Жаш кезек ойноо тентек бала кыял,
Жарк этип эстен кетпейт, ойдо турат.
Карыдым, ооруп жүрөм оңоло албай,
Кош эми катылайын 80- курак.

Мен эми 80-жашка жетип келдим,
Арнадым ак эмгекти элге бердим,
Кайратыман катылайын айылдаштар,
Куда болдук, кудалаштык кандай теңдик.

Кут кылам, куттуктаймын баарыңарды,
Баарыбыз өсүп өндүк ушул жерден.
Баарыңарга бакыт каалап, өмүр тилейм,
Баарыңар бар болгула ушул жердик.
Деп Кедей Базар дос, окуп эстей жүр!

## Кут болсун 60 жашыңыз,
## Артыла берсин баркыңыз!

11-октябрь 2012-жылы 60жашка чыктым деп Соңкөлбек иним чакыруу кагаз жибериптир. Мен шартыма байланыштуу бара албай калып, өзүм бара албасам да сөзүмдү бара турган кишиден берип жибердим. Тойго карата каалоо сөзүм төмөндөгүчө:

Алтымыш жаш курагың,
Акылга толгон убагың.
Тогуз-Тородон биз келип,
Толкунданып турамын.
Эл ичинде аман жүр,
Ардактуу Соңкөл ынагым.

Айтылуу Соң-Көлдө төрөлдүң,
Ак бешикке бөлөндүң.
Уул үйлөнтүп, кыз берип,
Алганың менен көгөрдүң.
Эми чоң ата болуп улгайып,
Алдыңа бала өңөрдүң.

Ар дайым элим баалашат,
Эл журтуң барктап каалашат.
Аман эсен жүрө бер,
Элим жакшы көрүп самашат.
Жактырат элим ар дайым,
Жакшы сөз сага жарашат.

Жаркылдап ойноп күлө бер,
Жакшы бойдон жүрө бер.
Эл ичинде эсен бол,
Жаоонун доорун сүрө бер.
Менин айткан сөзүмдү,
Акылыңа түйөкөр.



*Кызым  Апал, жээним Асан, жубайым Кадича*



*Кыз, күйөө балдарым жана неберем Гүлзат*



*Жийдегүл, Апал, күйөө балдарым: Кушбек, Токтоназар*



*Кызым Сыйбү,*
*аяш уулум Жолдошбек*



*Жубайым Кадича*



*Кайним Аамат менен*



*Кызым Сыйбү иштешкендери менен*



*1974-ж., Фрунзеде*




*Уулум Русландын үй-бүлөөсү*




*Чөбөрөлөрүм*




*Неберем Гулзат жана күйөө балам Улан*



*Карындашым Керез жана күйөө балам Бейшен*



*Досум Кедей менен*



*Неберелерим*



Уулум Руслан 9-класста




2015-жыл, 80 жаш




Неберем Гүлнур, Рашиддин тоюнда



*Кызым Дария, келиним Айнура, күйөө балам Тынчтык*



*Неберем Рашид, Гулнур чөбөрөм Расул*

Алыстан келип турабыз,
Айтылган сөздү угабыз.
Арнаган сөздүн ыргагын,
Астра гүлдөй сунабыз.
Жаман жолго баспа деп,
Балдарды жакшы жакка бурабыз.

Торколуу сиздин тоюңуз,
Тоодой бийик оюбуз.
Алтымыш сага чек эмес,
Токсонго чыгып коюңуз.
Тууган урук эл менен,
Аман эсен болуңуз.

Жамандык элге кылбагын,
Бири-бириңди сыйлагын.
Жашайбыз жакшы десеңер,
Эмгектенгин тынбагын.
Убактылуу бул жашоо,
Жакшы жашап жыргагын.

Чырпыктарың гүлдөсүн,
Чынардай болуп бүрдөсүн.
Чүрпөлөрүң ээрчишип,
Чоң ата деп сүйлөсүн.
Ыймандуу болуп балдарың,
Жакшы жакка үндөсүн.

Тынай биздин атабыз,
Жыргасын бала-чакабыз.
Топтошуп келдик Тынайлар,
Биз кубанып жатабыз.
Тоготпой токсонду тебелеп,
Токсондон ашык жашаңыз.
Бата менен көгөрөт,
Тийсин биздин батабыз.

Туугандарга калыс бол,
Жаман сөздөн алыс бол.
Жапыс болбой, бийик бол,
Кашаң болбой,күлүк бол.
Алгыр куштай кыраан бол,
Тынай уруудан чыгаан бол.
Анара экөөңөргө өмүр берсин, бак берсин,
Бак берсе да саз берсин.
Бир кылым ашык жаш берсин – деп Базар.

**Мугалим билим булагы**

Мугалим билим булагы,
Китеп мугалимдин куралы.
Жыйынтык чыгат эмгектен,
Акыл –ой билимдин ынагы.

Мугалим тарбиялап өстүрөт,
Эс-тутумуңду сездирет.
Талыкпай берип билимди,
Эрезеге жеткирет.

Билимдин жолу ар кандай,
Сүйлөсөң сөздү жазганбай.
Лениндин айткан сөзу бар,
Билим ийне менен кудук казгандай.

Мугалим чынар теректей бүрдөгөн,
Окуучулар кызыл гүл болуп гүлдөгөн.
Салыштырып мен жаздым,
Чечмелеп айта албайт билбеген.

Мугалим түйшүктүү жана ардактуу,
Иштеген иши салмактуу.
Тушүнүктүү адамга,
Келечектүү жана бир жактуу.

Мугалим сабатсызды жойдурат,
Терс көрүнүштү койдурат.
Тилекке жеткирип,
Болбогонду болтурат.

Мугалим жаман иштен сактанат,
Студентти туура сүйлөп башкарат.
Калыс болуп ар дайым,
Мугалим айткан сөзүн аткарат.

Мугалимден нечендер билим алышкан,
Билимдин жогорку чегине барышкан.
Окумуштуу болуп, чыгаан инсан болушуп,
Кыргыз элге унутулгус болуп калышкан.

Мугалимдин айткандарын угушкан,
Илим билимге оюн бурушкан.
Илимдин доктору, академик болушуп,
Ардактуу Юдахин, Карасаевдер чыгышкан.

## Жергиликтүү шайлоого карата

25-ноябрь 2012-жылы жергиликтүү советтердин шайлоо күнү. Буга ат салышкан кандидатуралар 19 адам болуп, көп болду. Негизи эки депутат болуш керек. Шайлоонун жыйынтыгында Дөдөмөлдөн Рахат, Токтогулдун уулу, Ысмаилов Алмаз, Сапарбеков Сүйүндүк төрт адам шайланды.
Ленинден Апал, Бейшенбек, Рахат, Жыргалбек, Таки, Дөөлөт, Бешкемпирдин уулу, Калинбай жети адам шайланды. Ушул он бир депутатка каалоом төмөндөгүчө:

## Ак жолтой болсун мандатың

Бүгүнкү майрам кут болсун,
Кыргыз элге кут консун.
Шайлообуз жакшы өтсө экен,
Эл ичинде тынч болсун.
Шайланып калган депутат,
Бакыт дөөлөткө туш болсун.

Жаркырайбыз жайнайбыз,
Жабылып артта калбайбыз.
Жергиликтүү советке,
Депутатты шайлайбыз.
Шайланып калган жаштарга,
Ак тилекти арнайбыз.
Кут болсун алган мандатыңар,
Биз жакшылап туруп шайлайбыз.

Аттанды жаштар жабыла,
Карашпай шайлоочунун санына.
Өсө берсин жаштарым,
Жакшылык каалайбыз баарына.
Мага добуш бербейт деп,
Калбагыла таарына.

Иштеген ишти баалашат,
Элибиз ошону самашат.
Эмгеги сиңбей элиме,
Айрымдар кызмат талашат.
Элге эмгек кылганды,
Мактасак сөзүм жарашат.

Талыкпай иштеп көнгүлө,
Депутат болуп көргүлө.
Депутат наам ардактуу,

Элиме көңүл бөлгүлө.
Эл талабын аткарып,
Эл үчүн иштеп бергиле.

Аткарылбай калбасын,
Аткарылсын максатың.
Ак эмгек кыл элиңе,
Ак жолтой болсун мандатың.

### Өсө бер, өнүгө бер Кыргызстан мекеним (Уулбү)

Тарыхты карасам, мыкты экен ата бабабыз,
Башка элге салтыбыз менен жагабыз.
Дүйнө элине Кыргызстанды таанытты,
Кыргызстандын чыгаан уулу Чыңгыз атабыз.

Жакшы жерди Алла Таала кыргызга берген,
Дүйнөдө жок, кыргыз элдин пейли кенен.
Башка элде жүрсөм дагы эсимде турат,
Сыймыктанам кыргыз жерим сени менен.

Айланам кооз, теңир тоом асманды тиреген,
Билгизип турат, жатратылыш кыргызды алга сүрөгөн.
Мындай жерди көрүшкөн эмес айрым адамдар,
Бизге келип, сүрдөшүп өзүнөн-өзү жүдөгөн.

Манастын урпактары, ак калпак кийген эли бар,
Келгендерди суктандырган Ысык-Көлдөй көлү бар.
Төрт түлүк малы жайылып турса жарашкан,
Кандай сонун чалкайып жаткан төрү бар.

Жерибиз кооз бейиштей деп сеземин,
Кыргыз эли бактылуу экен деп чечемин.
Ушундай жерде түбөлүккө жашаган,
Атам аман болсун, мен бактылуу экенмин.

Өсө берсин өнүгө берсин мекеним,
Ойлосом мен ойго батып кетемин.
Максатым бар окуумду ийгиликтүү бүтсөм мен,
Талыкпай окуп талабыма жетемин.
(Базарова Уулбү чыгарды 1.02.2003)

**Келиним Айганыштын 7-апрель туулган күнүнө карата чыгарылды. Бугүнкү күнүңдү куттуктайм 7.04.2013-жыл**

Түндүгүңө куш консун,
Туулган күнүң кут болсун.
Жакшылыкта жүрө бер,
Каалаган оюң бүт болсун.

Бак-дөөлөт консун башыңа,
Үч эсе кошулсун жашыңа.
Үй-бүлөң менен аман бол,
Жүрө бергин татына.

Кубанып турат атаңыз,
Төп келсин биздин батабыз.
Токсон жашты тоготпой,
Токсондон ашык жашаңыз.

## Талаш-тартыштан ийгилик жаралат

2013-жылы март апрель айында жергиликтүү советке шайлоо болуп, Көчөрбаев Уландын документи туура болбой, шайлоого кирбей калды. Эки ай өкмөтүбүз шайланбай жүрүп калдык. Кандидатурасын койгон Бейшенбек, Карып уулу, Ырыскулдун уулу шайланбай калды. Ошого карата жащылды.

Өкмөткө өзүм болсомбу,
Же байкени койсомбу.
Белсенип бирөө чыкпаса,
Өкмөттү биротоло жойсомбу.

Бул жорукту жоелу,
Өкмөткө тезирээк коелу.
Жазгы жумуш токтолду,
Ушундай жорук болобу.

Эй өзүн-өзү билгендер,
Өтүгүн төргө илгендер.
Өйдөсүнүп жүрөбүз,
Өкмөтү жок жүргөндөр.
Эми ынтымакты ойлойлу,
Бири-бирибизди колдойлу.
Ырыскы кетет тезектен,
Экинчи мындай болбойлу.

**Аз жерден бала боло жаздадым**

Балдар дайым келишет,
Келгенде салам беришет.
Сүрөт ырды үйрөтүп,
Татыктуу тарбия беришет.

Катар туруп тизилет,
Көргөндө жүрөк эзилет.
Балдардын жүрүм-туруму,
Тарбия алгандан сезилет.

Садигибиз бар болуп,
Бирин-бири күтүшөт.
Очередь менен тамакты,
Кезектешип ичишет.

Балдардын суроо-талабы,
Балдарга садик салабы?
Балдардын сунуш-пикирин,
Жетекчилер көңүлгө алабы?

Балдарыбызды барктайлы,
Эл сунушун актайлы.
Камкорун көрүп балдардын,
Садикти быйыл баштайлы.

Кийген кийимин оңдошот,
Бири-бирин колдошот.
Кол кармашып чуркашып,
Мышык чычкан ойношот.
Бирин-бири сыйлашат,
Гимнди созуп ырдашат.
Балдар биздин келечек,
Ойноп кулүп жыргашат.

Балдардын көрүп басканын,
Бала кез түшөт жаш чагым.
Балдарга мен да кошулуп,
Аз жерден бала боло жаздадым.

Бул ырды Дөдөмөлгө бала бакчага ылайыктуу садик салуу үчүн Тогуз-Торо айыл өкмөтү Көчөрбаев Улан аракет кылып, Нарындан Аристин мүчөсү Манас деген жигитти телевидениеси менен алып келип, садикти жана балдардын бала бакчага тартылуусун тартып, Жалал-Абадка комиссияга көрсөткөн. Област боюнча беш айыл өкмөтү жагып, анын ичинен экинчи орунду ээлеген. Бул аракетке айыл өкмөтү Улан, садиктин жетекчиси Айганыш барган.

Мен дагы садик салууга жардам болобу деген ой менен областтык комиссияга берип кой деп жана калыстарга карата жаздым эле. Бул кагазды калыстарга, комиссияга беришиптир. Жооп жок. Ал төмөндөгүдөй:

**Калыстарга (элдин атынан)**

Кара кылды как жарган,
Калыстык ишин аткарган.
Туура сүйлөп түз жүрүп,
Турпаты менен даңкталган.

Калыстарга айтам саламды,
Учурашсам жаманбы?
Уул кыздарга айтаарым,
Үй-бүлөңөр аманбы?

Жардамды бизге кылгыла,
Бизге көңүл бургула.
Силерге жакшылык кааларым,
Түбөлүк аман эсен тургула.
Чоңдор көңүл бөлбөдү,
Бизге жардам бербеди.
Айылдын жашоо-шарттарын,
Өз көзү менен көрбөдү.

Айылга кылган жардамың,
Садикте ойносо балдарың.
Шартты түзсө балдарга,
Не болот анда арманың.

Калыстар капа болбоңуз,
Калыстык иштн ойлоңуз.
Үмүтүбүздү үзбөйлү,
Жаштарды дайым колдоңуз.

Көйгөйдү сиздерге суналы,
Жагымдуу сөздү угалы.
Колдойт деген ойдобуз,
Биз дагы күтүп туралы.

**1-июнь балдардын күнүнө карата каалоом**

Шаңдуу чыксын үнүңөр,
Президент болгун бириңер.
Силерге менин кааларым,
Кут болсун бүгүнкү күнүңөр.

Садигиңер сопсонун,
Ыр жазып үндү созконмун.
Айлананды көрктөнтүп,
Мен дагы салым кошконмун.

Менин кылган жардамым,
Силерге садик салганым.
Өкмөтүбүз ойго алып,
Улантаар эми калганын.

**Жергиликтүү советте 18-август 2013-жылы шайлоо болду. (шайлоодо Жамангараев Рахат депутат болду, ошого карата)**

Кандидатураңызды койдуңуз,
Алдыңкыдан болдуңуз.
Депутат деген ардактуу,
Кут болсун депутат ордуңуз.

Тогуз-Торо жерибиз,
Топуктуу биздин элибиз.
Туулуп өскөн жериңе,
Тегирмен куруп бериңиз.

Элдин болгон талабын,
Аткарып ишке жарадың.
Эл үчүн иштей бериңиз,
Алгалай берсин кадамың.

Аткара бер эл үчүн,
Артыла берсин арымың.
Сиз депутат болууга,
Менин да бар салымым.

Аракетиң текке кеткен жок,
Аткарылды максатың.
Депутат деген ардактуу,
Ак жолтой болсун мандатың.

## Депутат Кыдыкбаева Бейшегүлгө

Мырзаларды уттуңуз,
Канатыңды күүлөп учтуңуз.
Курманжан Датка сыяктуу,
Аялдардан чыктыңыз.

Эмгекти жакшы сүйөсүң,
Элимдин шартын билесиң.
Жарды менен жалчыга,
Жардамдашып жүрөсүң.

Жүйөөлүү сөздү так айтып,
Сүйлөгөн сөздөн тартынба.
Элге эмгек көп кылсаң,
Атагың калат артыңда.

Так иштеп дайым жүрүңүз,
Жаркылдап ойноп күлүңүз.
Элимде муктаж көп болот,
Күн мурунтан билиңиз.

Алгалап алга барыңыз,
Эл алкышын алыңыз.
Эл ичинде жүрө бер,
Эсен болсун жаныңыз.

## Эстеп жүр уулум Муктарым 23.08.2013-жыл

Атыкан Муктар көп жылдан бери сыртта иштеп жүрөт. Жалал-Абадда милицияда иштейт көрүнөт. 23-августта 2013-жылы Муктар Дөдөмөлгө келип калды. Мени менен ак ниети менен учурашып, дагы эле ыр жазасыңбы деди. Мен ооба дедим. Мен алып жүрөйүн, мага ыр жазып бер деди. Мен макул болуп, ошого карата:

Көп жыл өттү арадан,
Көтөрүлсүн даражаң.
Билинбей өтөт турбайбы,
Бир топ жыл өттү санасам.

Иштеп ишке такшалдың,
Бир топ ишти аткардың.
Жөндөмүң болсо Муктарым,
Областты башкаргын.

Чет элде жүрүп кагылдың,
Ишиңде бар салымың.
Так аткарсаң ишиңди,
Алга жылат арымың.

Орденди алгын атаңдай,
Сүйлөп жүр элден жазганбай.
Бетке айтып жүр дайыма,
Ташка тамга баскандай.

Айтамын сөздүн жөн-жөнүн,
Жакшынын аягын өрнөгүн.
Дос тамырды күтө бер,
Бөлөк эл деп бөлбөгүн.

Сөзүмдү уулум бурасың,
Так иште алга жыласың.

Жакшы менен жанашкын,
Жайылсын алга кулачың.

Жакшы бойдон жүрүңүз,
Жашоонун доорун сүрүңүз.
Үй-бүлөөң менен эсен бол,
Жаркылдап өтсүн күнүңүз.

Акаевтей баш берсин,
Карасаевтай жаш берсин.
Эч нерседен кем болбо,
Таякең Акималиевтей бак берсин.

**Жараткан жардам берсе,**
**Жашартат элем колдон келсе. 26.09.2013-жыл.**

Эмгектенген жашынан,
Эмгекчил болгон башынан.
Даңкталып жүргөн кедейим,
Ленин колхоз атынан.
Беш-Көлгө чыга жайлаган,
Нагулдун малын айдаган.
Эмгеги менен көрүнүп,
Жетекчилерди жандаган.

Ак тилек кылып оюна,
Кетменин алып колуна.
Эмгектенген эл үчүн,
Эмгектин түшүп жолуна.

Алыштын башын чаптырып,
Жыл сайын канал каздырып.
Бак даракты көтөрүп,
Кыштакты сууга бастырып.

Суу жок көчө эскирген,
Көчөнү көркко келтирген.
Аракет кылып суу менен,
Мектепке бакты өстүргөн.

Айтканга сөзүм жарашат,
Ак эмгегин эл баалашат.
Урматтуу Кедей досумду,
Урматтап элим самашат.

Ойлогон оюм жогору,
Бир пикирде бололу.
Чамындынын каналын,
Кедейдин наамынан коелу.

Көгөрүп турса айланаң,
Көңүлгө алып байланам.
Кодон келсе Кедейди,
Жашартат элем кайрадан.

Кедейдин иштеген иши калган жок, кампачы болуп көп жыл иштеди. Жылкы ферма, селолук советке секретарь, Нагулдун малын бакты, шафер болуп иштеди. Өзү тынымы жок дыйканчыл адам карыганда Чамындынын арыгын чаптырып, кыштакты суу менен бастырып, көтөрүп турду. Сугатчы дагы болду. Элибизде урматтуу адамдын бири.

## Эстей берем 28.09.2013-жыл

Көп жылдан бери Дөдөмөл Кош-Булактагы бир курдуу аксакалдар бири-бирибизди чакырышып чай ичишип, шерне катары тамак ичип жүрдүк. Алар Дөдөмөлдөн: Жакып, Калачы, Шеримбек, Эсенгул, Карабагыш, Алабай, Кубаталы, Кедей, Мамет, Койчуман, Жокен, Токтогул, Өмүрбек жана мен Базар, Кош-Булактан Дүйшөналы, Токторбай, Көчкөнбай өтүп кеткен адамдар болсо

ордуна балдары катышып жүрдү. Элдин пейили оң кандай адамдар эле. Мына ушунтип жүрдүк өтүп кеткен замандаштарга оюма түшүп төмөндөгүдөй жаздым.

Суюлуп кетти катарым,
Сумсайып жалгыз басамын.
Замандаш өттү кантейин,
Мен ушуга капамын.
Кече жүргөн бүгүн жок,
Ай өлүм сенин азабың.

Курбалдаш менен сырдаштык,
Ырдашкан жерден ырдаштык.
Чогуу болуп, бир жүрүп,
Жыргаган жерден жыргаштык.

Ынтымак болуп ар дайым,
Бири-бирибизди сыйлаштык.

Эстен кетпейт турбайбы,
Эсиңе түшөт муң-кагы.
Бирге ойноп жүргөн соң,
Билимсиздик кылбайлы.
Эстебей койсоң буларды,
Анда кудай урбайбы.

Жанаша бирге басчу элек,
Жапыбызды жазчу элек.
Шерине жеп жыл сайын,
Даамды бирге татчу элек.
Алыска сапар жол жүрүп,
Ашууну бирге ашчу элек.

Асылдар өттү дүйнөдөн,
Жок го дейм буларды билбеген.

Уккулуктуу сөз менен,
Таамайын айтып сүйлөгөн.
Акылын айтып балдарга,
Алдыны көздөй үндөгөн.

Адамдын жүрүм-туруму,
Өткөндөн кийин байкалат.
Калачы, Шекем, Жакып, Эсешти,
Начар деп кимдер айта алат.
Төрдө отцрса жайкалып,
Өзүнчө эле салтанат.

Сапаш, Какем, Макем, Мекем ким эле,
Балдарына күн эле.
Капаланса балдары,
Капасын алчу гүл эле.
Кемчилдикти бетке айткан,
Тайманбаган жер эле.
Намыстанып эл үчүн,
Балдарына, өз элине туу эле.

## Карылардын күнүнө карата 1.10.2013-жыл

Карылар элдин ардагы,
Карылар бүгүн жайдары.
Бүгүнкү күнүбүз кут болсун,
Анткени карылардын майрамы.

Барды-жокту көргөнбүз,
Эмгекке көңүл бөлгөнбүз.
Оош-кыйыш заманга,
Ошого чыдап келгенбиз.

Айрыкча менин талабым,
Алга жылсын кадамым.

Жылына майрам өткөрүп,
Тынч болсо экен заманым.

Эңкейип баскан карыбыз,
Эңиштеп калды арыбыз.
Эмдиги жылы дагы көрөлү,
Ага чейин кемибесин саныбыз.

Алмадай болгон башыбыз,
Агарды кара чачыбыз.
Мурун Бакс Базаш эле,
Эми абышка болду атыбыз.

## Той тойго улансын (үйлөнүү той боюнча)

Тариелдин уулу Нурбек үйлөнүп, Тынай уруулар көпчүлүктү райондук Макмал кафесине барып, үйлөнүү той өттү. Үйлөнүү тойго Кочкордон Нурбектин таекеси Турпанбеков Конушбек үй-бүлөсү менен тойго катышты. Тойго карата жазылды.

Мен төш таянган убагым,
Сексенге жакын курагым.
Тоодой бакыт болду деп.
Мен кубанып турамын.

Ак той болуп жатканга,
Артыкча көңүл бурамын.
Нурбек менен Мирандага,
Ырымды гүл десте кылып сунамын.

Тоюңар тойго улансын,
Той берген адам кубансын.
Чоң атаң алтын тоюңа,
Тартуулап ырын чыгарсын.
Баш кошуп турган балдарым,
Атаңар ыр жазбай кантип тура алсын.

Тынччылык болсун элиме,
Береке берсин жериме.
Ысык чай ичип келинден,
Такем болсо эмине.

Акылдашып алган соң,
Айтырбай сөздү аткармак.
Ар кимден кеңеш сурабай,
Ак тойду өзү башкармак.

Боло берсин жакшылык,
Балдарым жүрсүн каткырып.
Ынтымак болуп жашашсын,
Көңүлдөрүн шат кылып.

Табышыптыр балдарым,
Бирин-бири жактырып.
Арнап жазган ырымды,
Берейин той ээсине тапшырып
деп ырымды келиним Субайрага бердим.

## Иманберди уулу Иса атындагы орто мектебинин ачылышына карата 12.11.2013-жыл

Жашынан бар болчу жөндөмү,
Айрыкча жаштарга көңүл бөлгөнү.
Эки этаж мектеп куруууда,
Татыктуу Такемдин бар эмгеги.
Келечек үчүн кам көргөн,
Бул жакшы адамдын өрнөгү.

Шаңдуу добуш чар тарап,
Бүгүн бизде салтанат.
Толкунданып турганы,
Окуучулардын маанайынан байкалат.

Балдардын духун жандырган,
Көргөндө көздү талдырган.
Кемчмлмгм жок эч кандай,
Мектепти келиштире салдырган.

Мектептин ачылышына туш келдим,
Учурунда окуучулук күндү өткөрдүм.
Исадай, Тагайбектей чыгаандарды өстүрүп,
Ак жолтой болсун мектебим.

Жетекчилердин элиме кылган жардамы,
Окуучулардын эми жоктур арманы.
Жаштарыбыз билимдүү болуп өссө экен,
Иса акенин, Тагайбектин колдоп жүрсүн арбагы.

Бул мектепти Сатыбалдиев Тагайбек тирүү кезинде дубалын бүтүргөн. Калганын спорт аянтчасы менен Тагайбектин уулу Канат толук ойдогудай сапаттуу бүттү. Эл ыраазы болушуп, Канатка батасын беришти. Алып баруучу болуп Кадыржанова Жеңишгүл, Акматов Жумабайлар ирээти менен элге сөз берип жана окуучулардын чакан концертин жакшы тейлеп турушту. Элдерде алып баруучуларга келечекте жакшы диктор болуусуна ишенич пайда болду.

Бул салтанатка райондун жетекчиси Идирисов Тилек жана мекеме жетекчилери мектептин директорлору, айыл аксакалдары катышып, каалоо сөздөрүн айтышты.

**Эне тилим (эне сүтүм)**

Өз улутуң өзөгүң,
Жериң өлөң төшөгүң.
Жалгыз болсоң жат жерде,
Өрттөй күйөөр өзөгүң.

Өз жериңди барктагың,
Жатка башыңды катпагын.

Өз тилиңди күү чертип,
Өз тилиңди даңктагын.

Унутпагын тилиңди,
Башкага бурба диниңди.
Баска дебей Бакай деп,
Чакыр бири-бириңди.

Бузбай сүйлө тилиңди,
Бурмалаба дилиңди.
Алешка дебей Атай деп,
Чыкыр бири-бириңди.

Жарыгын көр жылдыздын,
Жакшылыгын көр турмуштун.
Куйткуланбай так сүйлөп,
Кусуру тиет кыргыздын.

**Президент Алмаз Атамбаевдин жарлыгы менен 2014-жылды мамлекеттүүлүктү бекемдөө жылы болсун деп жарыялаган, ошого карата.**

**Түбөлүк элим жыргасын!**

Жети дубан калкыбыз,
Ынтымак бололу жалпыбыз.
Мамлекеттүүлүктү бекемдеп,
Оңолсо экен артыбыз.
Эл турмушу оңолуп,
Жакшырсын жашоо-шартыбыз.

Биримдик болсун элимде,
Береке болсун жеримде.
Мамлекеттикти чыңдоого,
Ар дайым болсун көңүлдө.
Чындыкты айтып жүрөлү,
Чыкпасн сөзүбүз төгүнгө.

Улутубузду сактайлы,
Уюшуп ишти баштайлы.
Турмушубуз жакшырсын,
Жакшы жакты мактайлы.
Алдыга жылсын ишибиз,
Жаманды артка таштайлы.

Ынтымак болуп сыйлашып,
Улансын жакшы салтыбыз.
Айтылып жүрсүн башка элге,
Ар дайым болсун баркыбыз.
Жашоо-шартыбыз оңолуп,
Чыга берсин даңкыбыз.

Жалпы кыргыз элибиз,
Бирин-бири сыйласын.
Айрымдар бар эл бузаар,
Каршылык элге кылбасын.
Түпөйүл болбой жашашып,
Түбөлүк элим жыргасын.

**Нан улук**

Айдап алган даныбыз,
Өзүбүз жей турган наныбыз.
Нандан башка улук жок,
Ооз тиели баарыбыз.

Алгалап алга шашалы,
Арнаган нандан таталы.
Арадан чыгып мыктылар,
Алыска кетсин атагы.

Дыйкан адам зор болот,
Жалкоо адам кор болот.

Үйүңдө даның болбосо,
Нанга жетпей зар болот.

Көпчүлүк адам таанybайт,
Данды кор көргөн адам жарыбайт.
Ток пейил болуп ар дайым,
Алгалап ишиң тамырлайт.

Тамакка кесир кылбайлы,
Кенен жеп нанды, жыргайлы,
Эгинге жасап камылга,эмгектенип тынбайлы.

Нан улук баарынан,
Нан жагымдуу абдан.
Мейманга сунулуп наныбыз,
Нан аркылуу улутубуз таанылган.

Нан адамдын танбас тамагы,
Курсак ток болсо, ачык болот кабагы.
Жетекчилер дыйканга көңүл бурушсун,
Элибиздин биринчи койгон талабы.

**Өчүрбө менин атымды 2014-жыл**

Билип жүралыс-жакынды,
Билип жүр менин баркымды.
Ах деген жанга өлүм бар,
Өчүрбө менин атымды.

Атайлап балдарга айтканым,
Айтылган сөздү байкагын.
Алыс жакка мен кетсем,
Ар дайым мени даңктагын.
Ардактуу менин тирегим,
Дайыма ойлоп жүрөмүн.

Балдарым аман болсун деп,
Ар убак менин тилегим.

Оюмду балам бурасың,
Оюмда дайым турасың.
Жакшылык менен жүрө бер,
Жайылса экен кулачың.

**Кыздарыма, келиндериме, балдарыма жана күйөө балдарыма**

Жалтаң болуп чөкпөсүн,
Көз жашын кыздар төкпөсүн.
Бактылуу болуп жүрсө экен,
Көздөгөн максаты өчпөсүн.

Ата эне ардактап багат баланы,
Кыздардын орундалсын талабы.
Ойлогон ойго жетишип,
Дайыма ачык болсун кабагы.

Жылдып сөздү сүйлөгөн,
Чырпыктай болуп бүрдөгөн.
Жадырап-жайнап кыздарым,
Чынардай болуп бүрдөгөн.

Жашоодо капа болбосун,
Сөзүмдү балдар ойлосун.
Тилегин берет жаштардын,
Түбөлүк кудай колдосун.

## Мурункудай жүрөлү Аамат менен Байыкеге

Балдарым болсо жумушта,
Байыке Аамат кымызда.
Ойлобойт экен бул экөө,
Базар суусап жатат ысыкта.

Кийинкилерге айта албайм,
Бул экөө эмнелерди көрбөдү.
Кыштакта Базар жатат деп,
Мага көңүл бөлбөдү.

Болбосун элде муң-кайгы,
Экөө качып кеткен турбайбы.
Бирге жашап, бир жүрдүк,
Кемчилдигин айтып сындайлы.

Ак ичип жүргөн адамдын,
Агарат экен жакасы.
Тийбейт деп айтып күйгүзөт,
Карылардын батасы.

Мурун элдин пейли ток эле,
Мындай жорук жок эле.
Айтчу кишиге айтамын,
Менин оозум шок эле.

Бири-бирибизди билели,
Азил сөз айтып күлөлү.
Эскертип айтып жатамын,
Мурункудай жүрөлү.

**Өнүксүн элим батыраак!**

Көрө албас айрым адамдар,
Түз жолунан адашат.
Эл даңктыгын ойлобой,
Карышып кызмат талашат.
Өскөндү буттан тартышып,
Кыргызым эмне болуп баратат.

Баа кетти бийик асманга,
Жумуш жок акча тапканга.
Жада калса туугандар,
Укук жок сөздү айтканга.
Эми өз жаныңды өзүң бак,
Жашоо жок бекер жатканга.

Ооз барбайт айтканга,
Точка көп арак сатканга.
Зарылдын пулу күйсө да,
Сүйүнөт арак тапканга.
Ыкчыл адам жашашып,
Деги жагат окшойт жакканга.

Чындыгын айттым азыраак,
Чыр адам элге асылат.
Жашырган менен не пайда,
Айтканда черим жазылат.
Өксүктү жеңип кыргызым,
Деги өнүксүн элим батыраак.

**Айыл өкмөт Абдыкадыров Рахатбекке**

Эмгектенип талбаган,
Эмгегин элге арнаган.
Жакшы жүрчү Кыйбатбек,
Жамандык ишке барбаган.

Малчы болду жашынан,
Дыйкан эле башынан.
Мал багып күнүн өткөрдү,
Ленин колхоз атынан.

Көп айтчу эле өткөндү,
Жашоо-турмуш өзгөрдү.
Насаат сөздү көп айтчу,
Кыйбатбектин тилеги төп келди.

Мүнөзүн журт бааласа,
Көпчүлүк эл тараза.
Жетекчи болду Рахатбек,
Бактысына жараша.

Айтууга сөзүм козголду,
Жаштарыбыз топтолду.
Көчө сайын ыр кесе,
Шаан-шөөкөт көп болду.

Өкмөт элибизди башкарды,
Эл талабын аткарды.
Көңүл бөлүп элиме,
Жакшы жөрөлгө башталды.

## Ат салышкан алты айым (элибизде жакшы жөрөлгө башталды)

1-март 2014-жылы Дөдөмөлдө айыл өкмөтүнүн депутаты Кыдыкбаева Бейшегүлдүн демилгеси менен Назгүл, Айзада, Бейшегүл, Уулбү, Нурзадалар элге өз эмгегин тартуулады. Эл көп чогулду, эл ыраазы болуп, куттуктап, кол чаап турушту. Бул салтанатка райондук акимдиктен Гульжамал райондук культурадан Эгешова аялдар советинин төрайымы Теңирбердинин кызы, айыл өкмөттөн Мээркан катышып, катышкандарга каалоо сөзүн айтып, жыйынтыгында баалуу сыйлыктар менен сыйланды. Ушуга карата төмөндөгүдөй.

## Жаштарым ойноп жыргасын

Бейшегүл депутат башкарат,
Элимде болду салтанат.
Кезеги менен ирээттеп,
Бурулча айым алып барат.
Ат салышып айымдар,
Өз өнөрлөрүн аткарат.

Бүгүн бизде жаңылык,
Клубдун ичи жаңырып.
Ыр-бийдм көрүп кетүүгө,
Элим келди агылып.
Мындайды элим көрүшпөй,
Жаштар жүрүшүптүр сагынып.

Бул иш дайым улансын,
Катышып элим кубансын.
Арабызда жүргөн жаш балдар,
Өнөрүн элге чыгарсын.
Өз көзү менен көргөндү,
Базар айтпай кантип тура алсын.

Карылар карап турбасын,
Каршылык элге кылбасын.
Керскйип жүргөн жаштарды,
Кемчилик айтып сындасын.
Жалындар өссүн жаштарым,
Жаркылдап ойноп жыргасын.

**Больницанын катары: үлгүлүү биздин көчөбүз 2014-жыл**

Быйыл жылкы жылыбыз,
Уланып жатат сыйыбыз.
Жеримде күндө салтанат,
Кут болсо экен мунубуз.

**Больница**

Ак халат кийсе жарашкан,
Ооруну жакшы карашкан.
Иштеген ишин бааласак,
Кенже, алгалап алга бараткан.

**Мечит**

Ар кимдин бар оюнда,
Алланын түшүп жолуна.
Ички дүйнө тазарып,
Ишибиз жүрсүн оңуна

**Клуб**

Клубубуз жаңырган,
Клубка элим агылган.
Өнөрлүү балдар ырдашып,
Көпчүлүк элге таанылган.

**Седаалы, Үкү**

Билим алып мектептен,
Окуучулар алыс кетпестен.
Ойноп жүрсө балдарым,
Балалык күндү эстеткен.
Жаштардыною талабы,

Жаңыртып мектеп салабы.
Каражаты аз дешип,
Же ушул боюнча калабы.

Сейдаалы, Үкү агабыз,
Ал кезде биз балабыз.
Ардактуулар өттү деп,
Алар жок биз өкүнүп калабыз.

**Мирланга**

Мирлан тракторун башкарган,
Эл талабын аткарган.
Урмат сыйга бөлөнүп,
Эл ичинде даңкталган.

**Деги**

Дегинин үй-бүлөөсү,
Мээримдин жакшы мүнөзү.
Бактылуу жашап турушат,
Сөзүмдүн бар жүйөөсү.

**Рахат**

Катарлаштын мыктуусу,
Ямаханын ыктуусу.
Өнөрү бар бапаңдын,
Музыкага шыктуусу.

**Калбай**

Калбайдын колдосу арбагы,
Көрүшсүн эми балдары.
Уул үйлөнттү кыз берди,
Жмалкандын чоң жардамы.

**Какы**

Эмгекке чындап берилген,
Жүргүзүп элге тегирмен.
Элге кызмат кылган сон,
Эч качан кетпейт көңүлдөн.

Кадырлап сыйлап сезебиз,
Кайырбүү биздин эжебиз.
Ынтымактуу болушуп,
Үлгүлүү биздин көчөбүз.

**Баку**

Баку бузуку сөзгө кирбеген,
Бейшегүл ушак сөздү билбеген.
Таң калтырды элимди,
Андабеков, Карасартовадай бийлеген.

**Садыбакас, Бейшегүл**

Чаалугу менде болбосун,
Чарбакер менин жолдошум.
Эл үчүн кызмат кылам мен,
Ишимди кудай колдосун.

## Нооруз майрамы 21-март 2014-жыл

Нооруз майрамы байыртадан бери астектеп келген кыргыз элинин улуу майрамы болуп эсептелет. Нооруз деген сөз жаңы күн дегенди түшүндүрөт. Ошондой эле күн менен түндүн теңелиши жыл тогошкон күнгө туура келет. Ноорузда сүмөлөктү 12 саат кайнатат. Сүмөлөккө өндүрүлгөн буудай, эт, сүт ар түрдүү жашылчадан кошуп кайнатат. Буга айыл аксакалдары жакшы тилек менен кырк бир тыйын салып кошо кайнатат. Сүмөлөк даяр болгондо ак сакалдан баштап ар бир адам ооз тиет. Куран окуп, жакшы сөз айтып, бата кылат.

От жагып, кары болобу жаш болобу оттун үстүнөн секирип өтүшөт. Үйдү, короо жайды, айлананы, бешиктин айланасын арча күйгүзүп аластайт.

Алас алас ар балээден алыс болсу, жер жарылып чөп чык, желин айрлып сүт чык делип, жакшылыкты Теңирим берсин, жарык күндү кенен берсин деп айтылат.

Эгин сепкен сайын береке болсун, муну өзүмө, муну үмөткөнгө, муну коңшума, муну канаттууга деген сөздү айтып тилек кылат.

**Сүмөлөк боюнча төмөндөгүдөй**

Абалтан калган сүмөлөк,
Азыркы жаштар биле элек.
Байыртан калган сүмөлөк,
Балдарыбыз биле элек.

Айткан сөздү угуп ал,
Сүмөлөктү билип ал.
Кандай жасоо ыкмасын,
Көкүрөккө түйүп ал.
Нооруздун шартын билишсин,
Каткырып ойноп күлүшсүн.
Бүгүнкү Нооруз майрамды,
Далайга айтып жүрүшсүн.

**Ушул Нооруз майрамы менен бирдикте, ыр кербен куржун уюштурулуп, айыл аксакалы деп ыр куржунду магатапшырды (Жакып көчөсүнө)**

**Ыр кербен**

Утурлап келди ыр кербен,
Улуу деп мага жол берген.
Тогуз-Торонун ичинен,
Жок го дейм бизге тең келген.

Ачылбаса экен арабыз,
Ырды астектеп тосуп алабыз.
Коңшулар менен кеңешип,
Бир айласын табабыз.

Муну байкап көрөбүз,
Бир пикирге келебиз.
Эртелеп эрте камынып,
Татыктуу жооп беребиз.

Салтанат менен баштайбыз,
Ырдагандан качпайбыз.
Биз жооп берген соң,
Бир көчөгө таштайбыз.

## Жакып көчө боюнча

**А. Токтогул**

Көп жылы ишти башкарган,
Иштеп ишке такшалган.
Өз милдетин так билип.
Талаптагыдай аткарган.

**А. Надыр**

Ичине сырын катпаган,
Иш учурунда жатпаган.
Мал дарылоо жагынан,
Жеген нанын актаган.

**Т. Акылбек**

Дайым жүрөт жайдары,
Бузуку ишке барбады.
Кез-кезде келет айылына,
Ээрчитип кеткен алганы.

**Д. Сакы**

Теги жакшы Сакынын,
Саяпкердин бутагы.
Быйыл курулушта көп иштеп,
Акчага толду го кучагы.

**Б. Токтогул**

Санжыраны көп айтып,
Мага тийген жардамы.
Балдарын бүт окутту,
Балдарымдын жоктур арманы.
Чындыгын айтып жатамын,
Сөзүмдүн жок жалганы.

**Аязов Сүйүнбек**

Макмалдын кенин талкалап,
Балдарын багат калкаалап.
Ишинин майын чыгарып,
Жумушун кандай да болсо аткарат.

**Б. Рыс**

Окуучулар мактап жүрүшөт,
Берген сабагын сүйүшөт.
Сабактын берүү ыкмасын,
Балдар толук билишет.

**А. Сашка**

Сашка айылыбыздын мырзасы,
Бир үй-бүлөнүн туткасы.
Ырдайт, чертет чер жазып,
Элдин көңүлүн ачат кыскасы.

**М. Сүйүнбек**

Сүйүнбек элге созү алымдуу,
Түз жүрүп журтка жагымдуу.
Сөз көтөрүү жагынан,
Баардык жерде сабырдуу.

**Т. Адү**

Адүнү айта кетели,
Бала болчу кечеги.
Ыгын таап жашоонун,
Соодага өттү этеги.

**Т. Айбек**

Светтин точкасын караган,
Ай сайын клВатты санаган.
Милдетин алып светтин,
Ар дайым ишибизге жараган.

**Т. Доктурбек**

Доктурбек шаферлукту билесин,
Дайыма айдап жүрөсүн.
Кыянат кылба бирөөгө,
Ар дайым таза жүрөсүн.

**Ж. Бакыт**

Бешгүлдү артист жакка үндөгөн,
Жаман сөздү билбеген.
Эмгеги менен тың жашап,
Жакшы жашап гүлдөгөн.

**Д. Мурат**

Уулум менин Муратым,
Жайыла берсин кулачың.
Эл катары жашай бер,
Оюмда дайым турасын.
Кадыркулов Борукчу
Борукчу ажы ким эле,
Элибизде экинин бири эле.
Жаштарды динге үндөп,
Арабызда жүрдү эле.
Оюн ишке ашырды,
Илимин уулуна тапшырды.

**Т. Абдил**

Чоң милдетти алып Абдил жүрөт,
Арабча окуйт шарияттын жолун билет.
Элиди жакшы жакка үндөп,
Таза жүрүүнү, ак ниет болууну сүйөт.
Кадыркулов Мадан
Намаз окуп тазарган,
Азан айтып жүрдү азадан.
Жакшы адам эле Мадан,
Калбасын дедим көчө катардан.

**Почта**

Көчөгө басып чыгабыз,
Почтаны карап турабыз.
Кассир келээр бекен деп,
Ошого көңүл бурабыз.

**Нүкү (Артур)**

Дөдөмөл жердин сереси,
Соң-Көлдөй бийик элеси.

Калп айткан менен болобу,
Нүкү шаферлордун төрөсү.

Үйдө баатыр жолдо жок,
Коркок адам зор болбойт.
Айдай билгенге караганда,
Оңдой билген кор болбойт.

Нүкүм дайым жүрөт жайдары,
Сөзүмдүн жок жалганы.
Бузулуп калса оңдошуп,
Элге көп эле тийди жардамы.

**К. Улан Замира**

Улан менен Замира,
Үлгүлүү үй дайыма.
Машинени пайдалануу жагынан,
Чыкпайт го Уландын алдына.

Оюмду сага бурамын,
Ырымды арнап турамын.
Арнаган ырды кабыл ал,
Урматтуу менин Уланым.

**Ө. Айганыш**

Айганыш келиним башкарат,
Иштегендер айтканын толук аткарат.
Эл оouна алынып эл журтка,
Коллектив иштери менен даңкталат.

**Садик**

Жазгы гүлдөй жайнаган,
Балдар толо айланам.
Кыжы – кужу сүйлөшсө,
Таранжыдай сайраган.
Кубанамын балдарга,
Мен ошого байланам.

Каткырып ойноп күлүшөт,
Эркин ойноп жүрүшөт.
Кол кармашып чуркашып,
Ойногонду сүйүшөт.
Ар бир баланын мүнөзүн,
Тарбиячылар толук билишет.

Мээримин балдарга төгүшөт,
Түрдүүлөп тамак беришет.
Балдарга түзүлгөн шарттарды,
Эне-ата дайым көрүшөт.
Балдардын жүрүм-турумуна,
Контролдоп көңүл бөлүшөт.

## Түндүк-түштүк авто жол, Тогуз-Торонун келечеги

Жол салынса өнүгөбүз, өсөбүз,
Орундалып максатыбызга жетебиз.
Ынтымак болуп, турмушубуз оңолуп,
Жашоо жактан башкалардан өтөбүз.

Сапаттуу бүтсө бул жолум,
Элдин шарты түзүлөт.
Президенттин бул ишин,
Элим ошондо түшүнөт.

Ынтымакты бузган айрымдар,
Арабыздан жоголсун.
Ушинте берсе эл бузаар,
Кантип ишибиз оңолсун.

Эркине койсо элимдин,
Өз билгенин жасашат.
Биримдик болбой элимде,
Өз жолунан адашат.

Жетекчилер элге көңүл бурса экен,
Толкубай элим аман-эсен турса экен.
Күндө пикет жол баскандар түштүктө,
Бул жагынан Тогуз-Тороом тынч экен.

Түндүк-түштүк авто жолу салынат,
Өйдө-төмөн авто унаа агылат.
Коңшу-колоң теңсинбеген башка элге,
Тогуз-Тороом мына эми таанылат.

## 60 жаш торколуу боюң кут болсун Ташматова Зейнепке 15-август 2014-жыл

Алтымыш жаш курагың,
Акылга толгон убагың.
Тоюңузга мен келип,
Толкунданып турамын.
Каалоомду айтып ыр менен,
Оюмду сизге бурамын.

Татыктуу иштеп статка,
Эмгектин жолун издедиң.
Туура сүйлөп, түз жүрүп,
Кондучаловадай иштедиң.
Эсеп-кысап керектүү,
Статтын түбүн түптөдүң.

Арабызда кыздар көп,
Өз ишин туура кармаган.
Эмгектенип талыкпай,
Эл үчүн ишин арнаган.
Ошонун бири Зейнеп кыз,
Жаман жолго барбаган.

Жаркылдап ойноп күлө бер,
Жакшы бойдон жүрө бер.
Ардагы болуп элимдин,
Жашоонун доорун сүрө бер.
Менин айткан сөзүмдү,
Эсиңе алып түйө көр.

Иштеп иштен тынбадың,
Ишиңдин көрдүң жыргалын.
Ишиңди баалап жогору жак,
Иштеген иштен сыйландың.
Ардактап элим баалашты,
Бул элиме эмгек кылганың.

Эмгектенип иш менен,
Ардагы болдуң элимдин.
Райондун ичинен,
Ат уулу болуп көрүндүң.
Айымдардын атынан,
Алдыңкысы болуп бөлүндүң.

Президенттин колунан,
Алган грамотаң кут болсун.
Ийгилик коштоп дайыма,
Ырыскы жугуп, кут болсун.
Балдарың менен бапырап,
Бакыт-таалай туш болсун.

Сыйлыкка сыйлык улансын,
Сыйлашкан адам кубансын.
Даңкталып турса жээнибиз,
Таекең ыр жазбай кантип тура алсын.
Барктап жазып ыр менен,
Даңктап, ырын чыгарсын.

Чырпыктарың гүлдөсүн,
Чынардай болуп бүрдөсүн.
Чүрпөлөрүң ээрчишип,
Чоң апа, таене деп сүйлөсүн.
Ыймандуу болуп балдарың,
Жакшы жакка үндөсүн.

Торколуу сиздин тоюңуз,
Тоодой биздин оюбуз.
Алтымыш сизге чек эмес,
Токсонго чыгып коюңуз.
Тууган урук эл менен,
Аман-эсен болуңуз.

**Ак тойдун ээсине, ак батабызды берели.**
**Сентябрь 2014-жыл**

Сексен жаш менин курагым,
Төш таянган убагым.
Жакшылыкка келген соң,
Ырымды окуюн деп турамын.

Жакшылык жыкшылыкка улансын,
Жакшы санаалаштар кубансын.
Баш кошуп турса эки жаш,
Атаңар кантип айтпай тура алсын.

Кут болсун алтын тоюңар,
Аткарылды максат оюңар.
Ажырабасын эч качан,
Кармашкан эки колуңар.
Боло берсин жакшылык,
Жүрүшсүн экөө каткырып.

Ынтымак болуп жашашсын,
Көңүлдөрүн шат кылып.
Ачылып жүрсүн көңүлүң,
Арчадай болсун өмүрүң.
Колдоп жүрсүн дайыма,
Алла Таала теңирим.

Жакшылык менин үмүтүм,
Жаркылдап балдар күлүшсүн.
Кол кармашып түбөлүк,
Аман-эсен жүрүшсүн.

Арманым жок жалганга,
Жакшылык каалайм балдарга.
Ойлонуп ичимден өкүнөм,
Кушбегим бүгүн болбой калганга.

Кушбегим кубанып бүгүн сүйлөмөк,
Балдарын жакшы жакка үндөмөк,
Ар кимден акыл сурабай,
Ак тойду өзү бийлемек.

Өткөн өттү эми эмне кылабыз,
Оюбузду жакшы жакка бурабыз.
Ак тоюбуз кут болсун,
Балдардын жакшылыгында турабыз.

Айтамын сөздү оболу,
Ойлогон оюм жогору.
Силер мында, биз анда,
Баарыбыз аман-эсен болобу.
Ак ниет менен жалпыбыз,
Балдарга (оомийн деп) бата берип коелу.

## Уялашым Керезим, атадан жалгыз эмессиң.
## Сентябрь 2014-жыл

Атадан жалгыз калдык, жокчулук кез, артынан кандуу согуш башталып, элдин жашоо-шарты кыйын, ачарчылыкты, жокчулукту кыйналып баштан өткөрүп жаткан учур. Апам Адими өзү тың адам эле. Жокчулукка замандын оор турмушуна карабай, Керезбү экөөбүздү кор кылбай багып өстүрдү. Апам алтымыш жашында 1967-жылы өтүп кетти. Апам жартылуу биздин убайыбызды көргөн жок. Ойлонот экенсиң. Атадан Керезбү экөөбүз эле. Ошондуктан, бир тууганым Керезбүнү туу тутуп жазгым келди.

Канаттуудга кактырбай,
Тумшуктуудга чоктурбай.
Апабыз бизди бакты эле,
Курсагыбызды ач кылбай.

Чоңойтту биз жатабыз,
Жаш кетти биздин апабыз.
Убайыбызды көргөн жок,
Биз ошого капабыз.

Кор кылбай бакты бөпөлөп,
Колубуздан жетелеп.
Согуш жыл болчу ошол кез,
Азыр да эстен кете элек.

Арманым бар дебесмин,
Атадан жалгыз эмесмин.
Улуу тоодой бел мага,
Уялашым Керезим.

Өйдө болсо жөлөгүм,
Ылдый болсо өбөгүм.
Бир тууганым бар, ырысым бар,
Дайыма көңүлүмдү бөлөмүн.

Керезим, балдарынын көрсүн убайын,
Мага уялаш кылган кудайым.
Керезим Чүйдө, мен мында,
Керездин аманын тилеп турайын.

Айланайын бутагым,
Алыста болсоң кусамын.
Больницада жатат дегенде,
Ойлонуп ичтен сызамын.

Уялашым Керез күйөөрүм,
Урматтап сыйлаар түгөйүм.
Алыста жашап жүрсө да,
Алымды сурап билээрим.

**Карындашым дайыма эстен кетпейт.**

Бишкекке барсам кыя салып өтпөйүн,
Уялашым өтүп кетти кантейин.
Бир атадан экөөбүз эле болчуубуз,
Кыял-жоругун өмүр өткүчө эстейин.
Жашоодо биз убактылуу жашап, коногу,
Бул жашоодон өтпөгөн адам болобу.
Канчалаган адам өттү дүйнөдөн,
Же Керезим менен кара топурак толобу.

Капа болуп, айткан сөзүмдү билбедим,
Көңүлүм чөгүп, жарпым жазылбай кирдедим.
Күндүр-түндүр Керезимди ойлонуп,
Керезим жок, көңүлүм ачылып күлбөдүм.
Артымда калып мага кошок кошподуң,
Буркурап ыйлап муңдуу үндү созбодуң.
Туу катары бел байлап мен жүрчү элем,
Күн сайын ыйлап, Керезим сени жоктодум.

Мага күйүп айткан сөзү жылыткан,
Сезилчү мага айдан чыккан булуттан.
Бир эненин эмчегин эмип чоңойдук,
Ошону ойлоп, канткенде мен унутам.

Чындыкты айтам сөзүмдүн жоктур жалганы,
Үй-жайлуу болду балдарыңдын болбойт арманы.
Балдарыңды, жетик кылып өстүрдүң,
Керезим, балдарыңды колдоп жүрсүн арбагың.

Кең пейил элең кейибесин жаныңыз,
Момун элең,бейиштен орун алыңыз.
Унутпайбыз, жүрөгүбүздө турасың,
Арабызда жоксуң, кейип турабыз баарыбыз.
1938-жылы төрөлгөн, 4-ноябрь 2014-жылы көзү өттү.

**Клубдун ачылышына карата 2015-жыл**

Айтууга сөзүм козголду,
Бир топ жыл клуб жок болду.
Чогулуш өтчү жай болбой,
Көйгөйлүү маселе козголду.

Маданий жай болбосо,
Кайдан жаштар катышат.
Жаштарга шарт түзүлбөй,
Үйүндө бекер жатышат.

Клуб болсо шаң болот,
Клубда жаштар бар болот.
Маданий үй болбосо,
Клубу жоктор зар болот.

Элим келди ачылып,
Жаңы клуб салынып.

Ырдайт, бийлейт жаштарым,
Залдын ичи жаңырып.

С. Рахат кемчилдигин алдырдың,
Клубду келиштире салдырдың.
Жаштардын шарты түзүлүп,
Жаштардын отун жандырдың.

Элге көңүл бурдуңуз,
Келтирип клуб курдуңуз.
Келечек үчүн жаштарга,
Элиме эмгек кылдыңыз.

Клубдун жок айыбы,
Алгалай берсин арышы.
Кеч болсо да бүткөрдүң,
Рахаттын бар салымы.

Көйгөйлүү маселе чечилип,
Элдин жоктур арманы.
Инвенторго акча бөлдүрүп,
С. Бейшенбектин тийди жардамы.

Элим ойлоп оюн түйүшөт,
Кимдин ким экенин билишет.
Эми таза суу, мектеп, садик бүтсө деп,
Чыгаан балдардан үмүт кылып жүрүшөт.

Ойлонуп оюмду түйөмүн,
Оюма алып жүрөмүн.
Жаркылдап жаштар жүрүшсүн,
Ошондой менин тилегим.

Сөзүмдү элим укса экен,
Жашоодо өмүр кыска экен.

Ак жолтой болуп клубум,
Татыктуулар чыкса экен.

Элдин сүйгөн адамы,
Өстүрөлү ушундай баланы.
Аристин акчасын бердирип,
Бейшенбек ишке жарады.
Чечилбеген маселе чечилип,
Аткарылды элдин талабы.

Бул маселе бүткөн эмес башынан,
Бейшенбек эл башкарган жашынан.
Рахат, Бейшенбек экөөнө,
Рахмат айтабыз элдин атынан.

## Коңшуга бир ооз асыл сөз

Башынан бери Өмүрбек экөөбүз коңшу болуп жакшы жүрдүк. Эртең менен турганда бири-бирибизге жолугуп, наркы-берки сөздөрдү айтышып, жарпыбызды жазчубуз. Өмүрбек менден көп кичүү болсо дагы мени сыйлап, оюнда болгон сөздү ачык айтып, сырын менден жашырчу эмес.

Мен 2014-жылдын ноябрь айынан 2015-жылдын апрель айына чейин Бишкекте жүрүп келдим. Ошол учурда коңшум Өмүрбек Райымдын жанына жаңы салган тамына көчүп кетиптир. Ошого окуган адам күлсүн деп, төмөндөгүдөй жаздым.

Жаралыптыр Лукашенко,
Бакиевдин багына.
Өмүрбек Бакиевден кем эмес,
Көчүп кетиптир Райымдын жанына.
Чындык сөздү бурбайлы,
Чындыкты айтып ырдайлы.
Көчүп барса Өмүрбек,
Райым Лукашенко болгон турбайбы.
Асыл сөздү айтканым,

Жазылган ырды байкагын.
Окугандар күлсүн деп,
Тамаша кылып жазганмын.

**Ардагер Сыдык аксакалга**

**(асыл сөз аралаш) 9.05.2015-жыл Улуу Жеңиштин 70 жылдыгы**

Тогуз-Торо жеринен,
Тоолуу кыргыз элинен.
Ардагер Сыдык жердешти,
Айтууну көздөп берилем.

Урматтуу Сыдык агабыз,
Урматтап сыйлап калабыз.
Өмүр берсе, биз дагы,
Сиздин жашка барабыз.

Карыга моюн сунбаңыз,
Карыдым деп турбаңыз.
Ден соолукка дем болот,
Кыймыл керек тынбаңыз.

Кемпириң жакшы турбайбы,
Жеңемди мактап ырдайлы.
Кастарлап багуу жарашса,
Карыда болбойт муң-кайгы.

Дурус окшойт дарманың,
Балдарыңа тийип жардамың.
Алпештеп багып турушса,
Аллага жоктур арманың.

Карыганда таяк керек, таянып алга басканга,
Карыганда кемпир жакшы, шымды өйдө тартканга.
Карыганда сөз уккуң келет, айткың келет пикирди,
Карыганда кемпир керек, кеп-кеңешти айтканга.

Сыдык аке сизге ажал келсе көнбөңүз,
Тиги жакка арыз жазып бербеңиз.
Акыл калчап бир пикирге келиңиз,
Менин айткан сөзүмө көңүл бөлүңүз.
Дагы он жылдан кийин болуучу,
Улуу Жеңиштин сексен жылдыгын көрүңүз.

**Уулбү кызыма менин тилегим май айы 2015-жыл**

Туулуп өскөн жериңе,
Кайрымдуу болгун элиңе.
Башынан бери бир жүргөн,
Барктуу болгун теңиңе.

Ар дайым болсун баркыңар,
Жакшырсын жашоо шартыңар.
Эл ичинде аман болуп,
Чыга берсин даңкыңар.

Аталык сөздү айтайын,
Жарык болсун маанайың.
Жанашып бирге жүргүлө,
Артыла берсин таалайың.

Жакшылык силерден кетпесин,
Жамандык кууп жетпесин.
Оюна алып дайыма,
Балдарым мени эстесин.
Аткарылды оюңар,
Кармашып жүрсүн колуңар.

Чырпыгыңар бүрдөсүн,
Чынарыңар гүлдөсүн.
Ала – Тоодой бак берсин,
Бак берсе да бат берсин.

Жараткан ырыс берсин,
Ырыс берсе дурус берсин.

Иштеп иштен талбагын,
Өз теңиңен артта калбагын.
Оюңа кызым түйүп ал,
Силерге айткан жардамым.

Жакшылыгыңар кут болсун,
Үйүңөргө кут консун.
Эмне талап кылсаңар,
Ошонун баары бүт болсун.

**Биздин жаштар эң сонун (ыр кесе)**

Сырдашып адам билбесе,
Сырдашкың келбейт сүйбөсө.
Адамдын чери жазылбайт,
Каткырып ойноп күлбөсө.
Белек кылып тартуулайт,
Бири-бирине гүл десте.
Жаштарыбыз эң сонун,
Ар сайын бизде ыр кесе.

Бирин-бири сыйлашат,
Жанашып бирге сырдашат.
Табышмак кылып сөз менен,
Алым сабак ырдашат.
Сөз учугун чыгарып,
Кеп кезегин тыңдашат.
Көңүлдөрүн шат кылып,
Ырдап бийлеп жыргашат.

Айтканды жаштар эп көрсүн,
Мас болгондорду жек көрсүн.
Өмүр берсин жаштарга,
Жаркылдап күнүн өткөрсүн.
Көз кумарын кандырган,
Кийген кийими бир форум.
Таланттуу жаштар бизде көп,
Биздин жаштар эң сонун.

**Кош эми Кедейим 16.10.2015-жыл**

Жашоонун көрдүң жыргалын,
Элиңе эмгек кылганың.
Бирге жүрүп, бир жүрдүк,
Эсиме түшөт мурдагың.

Кол кармашып бир бастык,
Колтукташып сырдаштык.
Отурушта бир болуп,
Алым сабак ырдаштык.

Башынан бери бир жүрдүк,
Балалык доорду бир сүрдүк.
Купуя сөздү элге айтып,
Каткырып элди күлдүрдүк.

Эмгкекке элди сүйрөдүң,
Элим деп согот жүрөгүң.
Сексенге жашың келсе да,
Колуңдан түшпөй күрөгүң.

Аракет кылып сен жүрдүң,
Жогору жакты көндүрдүң.
Атанын баласы дедирип,
Мектепке атаңдын наамын бердирдиң.

Айтайын сөздүн жай жөнүнүн,
Мектепке көңүл бөлгөнүң.
Жаңы курулган мектепти,
Өз көзүң менен көрбөдүң.

Суу сугарып келдиңиз,
Сугатка көңүл бөлдүңүз.
Мектептин көркүн келтирип,
Бак дарак тигип бердиңиз.

Сексенге чыккан карыбыз,
Сени эстейбиз баарыбыз.
Пейлиң кенен жан элең,
Бейиштен орун алыңыз.

## 2016 – жыл

## Менин максатым аткарылды.

Мен көп жылдан бери китеп жазууга аракет кылганым жана ойлогон – ой максатым быйыл 2016 – жылы январь айында аткарылып,“Тогуз-Торо Мекеним” деген ат менен китебим чыгып, бала-чакам, илик-жаатым, куда-сөөктөрүмө китебим таркатылып берилди, алган адамдар туура түшүнүшүп, бул китебимдин чыгышына кубануу менен мени куттуктап жатышты. Тынай уулунун адамдары өзгөчө кубанышып, жети атабызды китептен окуп, билип алдык дешип, мага ыраазычылыгын айтышты. Айрым балдарым мени жазбай коюптурсуң, айрымдары мен китеп албай калдым деген адамдар дагы болду.

Менин бул китебимдин чыгышына уулум Руслан, Артур, кыздарым Гүлзат, Даки, күйөө балдарым Улан, Тынчтык, Илич, жээним Тилектердин жардамынын аркасында болду десем жаңылышпаймын. Ошондуктан жалпы балдарым, кыздарым өмүрлүү болушуп, балдарынын жакшылыгын көрүп, куда-сөөк күтүп, жашоодо жамандык көрбөй, бардар болуп жакшы жашашсын. Балдарым небере, чебере, кыбыра көрүп, бактылуу болушсун. Балдары ызаттуу, ыймандуу, ата-энесин түбөлүк сыйлаган наркуу-тектүүнүн бутактары делип, эл оозунда айтылып жүрүшсүн.

Мен кагаз жазып көнүп калыптырмын, ден соолукта болсом чыгармамды улантып жазууга оюм бар.

**2016 – жыл эмне жыл (кыргызча) билип ал.**

Токойдо жүрүп эсирген,
Сунса колун жеткирген.
Канчалык алыс болсо да,
Бактан – бакка секирген.

Куйругу узун кийими жок,
Токойдо жүрөт үйү жок.
Сүйлөгөнгө тили жок,
Тынч турбаган, өзү шок.

Бактын бүрүн кемирген,
Ээн жүрүп семирген.
Бирпаска тынч тура албай,
Сууткан аттай элирген.

Кээде күлүп каткырат,
Кээде өзүнчө бакырат.
Кыймылдап жөн тура албай,
Алаксытып адамды азгырат.

Быйыл жакшылыктын жылы болсун,
Чөнтөгүбүз пулга толсун.
Жашоо-шартыбыз жакшырып,
Эл – журтубуз сыйда болсун.

Бири – бирибизде болсун сыйыбыз,
Кут болсун жаңы жылыбыз.
Жаңы жылды куттуктап,
Жаңыра берсин ырыбыз. (Маймыл жылы)

**Менин басылып чыккан китебим 100 – нускада чыккан.**

Элге берилген китебимдин биринчи бетине төмөндөгүдөй жазып, кол коюп бердим.

Турмушту жаздым жөн-жөнүн,
Мен барды – жокту көргөнмүн.

Кийин айтып жүрсүн деп,
Балдарга көңүл бөлгөнмүн.

Алдыга койгон максатты,
Аткарып дайым келгенмин.
Аткарылды деп ойлойм,
Аракет кылган эмгегим.

Айтылып калсын сөзүм деп,
Аракет кылдым көп жылы.
Эстеп дайым жүргүлө,
Арнаймын силерге мен муну.

Өтүп кетсе көзүбүз,
Айтылып калсын сөзүбүз.
Түбөлүккө сыйлашып,
Ынтымак бололу өзүбүз.

Окуп көңүл бөлөлү,
Окуганда тиет кереги.
Ардактап сактап алып жүр,
Бул Базардын берген белеги.

## Ракия эжем уз чебери эле

Ракия эжем эл журтуна алынган, сыйдын үстүндө жүргөн, колунан баардык жумуш келген, ак көңүл, элдин көңүлүн калтырбаган, кадырлуу адамдардын бири эле. Ракия эжемдин жасаган буюмдары, айрыкча шырдактын түрүн жасап, айлыбыздын, өзүнүн жакшы санаалаштарына жана бир туугандарына жасаган көз жоосун алган шырдактары ар биринин үйүндө сакталып турат.

Ракия эжем, кыздарына өзүнүн кол чеберинен буюмдарды жасатып, үйрөткөндүктөн, кыздары дагы апасынын жолун жолдоп, кыздары дагы уз чебери болушту.

## Ракия эжем уз чебери эле

Ак эмгек элге кылганы,
Ишмечи эле мурдагы.
Кастарлап алып жүрүшөт,
Ар бир үйдө шырдагы.

Энеден үлгү алышып,
Ишмечи болду кыздары.
Көздүн жоосун кандырган,
Колунан чыккан уздары.

## Президент Алмазбек Атамбаев 2016 – жылды тарых жана маданият жылы болсун деп жарыялады.

Мына ушуга байланыштуу Тогуз – Торонун жалпы эмгекчилери бул жарыяны туура кабыл алып, эл ичинде ынтымакты, биримдикти бекемдеп, Тогуз – Торо районунун калкы эл арасында түшүндүрүү иштерин колго алып, ар бир адам быйылкы тарыхый жана маданий жылды районубуздун Дөдөмөл айылынын тургундары жакшы жөрөлгө менен баштамай болушту.

Ачыгын айтсак элибиз элди биримдикке, ынтымакка үндөп, спорт оюндарынын бир түрү болгон ат оюнунан көк бөрү оюнун уюштуруп, бул жылы алгачкылардан болуп, Тогуз – Торо айыл – өкмөтүнө караштуу Дөдөмөл айылында, айылыбыздын атактуу балбаны Осмоналиев Алатайдын наамында ат майданы аттуу аянтта 30-январь 2016-жылы эртең мененки саат 9да башталды.

Бул оюнга районубуздун Атай, Арал, Бирдик, Каргалык өкмөтү, Кара-Суу участкаларынан аты менен улак ойной турган жаштар жана коңшу Ак-Талаа районунан Ак-Кыя участкасынан, Көк-Жар айылынан атактуу ырчы Калмураттын небереси мурун Ак-Кыя участкасында айыл өкмөтү болуп иштеген Кадаң баш болгон ондон ашык улакчылар аттары менен катышышты.

Бул көк бөрү оюнунун башталышында Тогуз-Торо айыл өкмөтүнүн башчысы Рахат Абдыкадыров чогулушту ачып, көк

бөрүнүн тынч өтүүсүн, оюндун эрежесин, канча жолу улакчылардын бири-бири менен беттешүүсүн, оюндун убактысын туура пайдалануусун, эрежелерин элге толук түшүндүрдү. Оюнда улак таштоодо 1 2 3 сыйлык уюштурулгандыгын элге айтты жана айрым адамдарга куттуктоо сөзү берилди. Быйылкы жылдын ушундай демилге менен башталганына эл ыраазы болуп, тындырбай куттуктап, кол чаап турушту.

Оюн өткөн жерге боз үй тигилип, сырттан келген адамдарды тамак-аш менен камсыз кылып турду. Оюн тынч өттү. Жыйынтыгында 1-сыйлык 10000 сом Дөдөмөлдөгү улакчыларга берилди, 2-сыйлык 7000 сом Атайдын улакчыларына ыйгарылды. 3-сыйлык 4000 сом Кара-Суу айылынын улакчыларына берилди. Оюн тынч өтүп, келген мейманДарды жакшы коноктоп узатышты. Ак-Талаадан келген меймандарга жол кире берип ыраазы кылышты.

Башка элдер дагы Дөдөмөлдөгү элдин демилгесин колдомой болушту. Жыйынтыгында улак Каргалык айыл өкмөтүнө ташталды.

## Өнүктүрүү элдин колунда

Кейишке түшпөй башыбыз,
Кемибесин ашыбыз.
Ак эмгек кылган элге деп,
Айтылып жүрсүн артыбыз.

Азапка түшпөй башыбыз,
Азайбасын ашыбыз.
Чындыкты айтып элиме,
Чыкса болду даңкыбыз.

Ынтымак болуп эл менен,
Айыл-апага алынгын.
Аллага тообо келтирип,
Эсенин тиле жаныңдын.

Өмүр өтүп кеткиче,
Кетпесе болду баркыбыз.

Күн сайын өсүп-өнүгүп,
Оңолсо болду артыбыз.

Мен саясаттан качамын,
Болгонун болгондой жазамын.
Туурасын жазсам элиме,
Ошондо чыгат атагым.

Кошоматты билбеймин,
Чындык сөздү сүйлөймүн.
Бурмалап айтса кээ бирөө,
Туурасын айтып үндөймүн.

Жалган ишти мактасаң,
Бир балээге каласың.
Так аткарсаң ишиңди,
Ошондо элге жагасың.

Урматта болсун калкыбыз,
Кетпесе болду баркыбыз.
Ыймандуу болуп элибиз,
Улана берсин салтыбыз.

Заманым өнүгүү жолунда,
Айтайын сөздү соңунда.
Көч бара-бара түзөлөт,
Өнүгүү элдин колунда.

**Тынч болсо экен заманым**

Сөзүмө көңүл бургандар,
Айтайын деген сырлар бар.
Араңарда жүрөмүн,
Амансыңбы тууугандар?

Ак сакалдуу карылар,
Кандай деги алыңар?

Онтогон оорудан сак болуп,
Эсен болсун жаныңар!
Уул үйлөнтүп, кыз берип,
Аман болгун баарыңар!

Пейлибизди оңдойлу,
Заманыбызды колдойлу.
Ай ааламга кеп болуп,
Пикетчиден болбойлу.

Өлкөбүздү бекемдеп,
Салымыбызды кошолу.
Быйылкы жылды баарыбыз,
Жакшылык менен тосолу.

Баардык жактан өнүгүп,
Башкалардан озолу.

Алга жылсын кадамым,
Аткарылсын талабым.
Ынтымак болуп элибиз,
Тынч болсо экен заманым.

## Балдар кыздарыма ак жол каалайын.

Ынтымагы башкача,
Жүрүшөт дайым тап-таза.
Таттуу Алтынай кызымды,
Жарашпайбы мактаса.

Бирин-бири сыйлашат,
Безеленип ырдашат.
Бейкапар болуп дайыма,
Күлүп-жайнап жыргашат.

Албина, Луиза дагы бар,
Айтыла турган жагы бар.

Алдыңкы окуучу дайыма,
Сабак окуудан багы бар.

Базар айтпай кантип тура алат,
Аккан арыктан суу агат.
Асема, Элиза ырдап бийлесе,
Токтоназар, Сыйбү кубанат.

Ачык болсун маанайың,
Артыла берсин таалайың.
Аман-эсен жүргүлө,
Баарыңарга ак жол каалайын.

## Кандай жумуш болсо да аткарат,<br>Жеңишгүл эмгеги менен даңкталат.

Кадыржанова Жеңишгүл кызымдын кесиби мугалим, көп жылдан бери Ленинде Иса Иманбердиев атындагы мектепте үзүрлүү эмгектенип келе жатат. Мугалимдердин арасында кадыр-барктуу, жүрүм-туруму, адамга болгон мамилеси жакшы, үлгүлүү мугалимдердин катарын толуктап иштеп келе жатат. Окуучуларга таасири бар, тартипти бекем кармаган, өз милдетин билген, ардактуу мугалимдин катарында болуп эсептелет. Ошондуктан мурун катардагы мугалим болуп жүрүп, өзүнүн кесибин туура алып жүргөнүнөн, азыр орто мектепте завучтук милдетти аткарып, көпчүлүк жумушка активдүү катышып жүрөт. Эл ичинде ишенимдүү түрдө кадыр-баркка ээ.

Эмгеги менен таанылган,
Иши жакшы баарынан.
Урмат-сыйга татыган,
Ар бир адамдын багынан.

Билимин окуучуга арнаган,
Үлгүлүү мугалим талбаган.

Таасири бар балдарга,
Тартипти бекем кармаган.

Тың чыгып калса келинин,
Ага жолтоо кылбагын.
Жеңишгүл митаан дедирбей,
Келиниңди өмүр бою сыйлагын.

Келин алып той берип,
Келечегиңди ойлогун.
Келиндеги кинодой,
Каардуу кайненедей болбогун.

Убайын көрүп балдардын,
Өзүңдүн келечегиңди коргогун.
Балдарың менен аман бол,
Бактылуусуң деген ойдомун.

Сөзгө чечен, сөз түйүнүн чечесиң,
Ишиң менен кесиптешиңди басып өтөсүң.
Аман болгун Жеңишгүлдө ишеним бар,
Акырындык менен жетекчиге жетесиң.

Менин жазганымды билсин деп,
Окуп жатып кулсүн деп.
Тилегим ак сен үчүн,
Эл ичинде аман эсен жүрсүн деп.

## Өз теңимден калышпай

Элиме эмгек кылганмын,
Эсиме түшөт мурдагым.
Экинин бири мен болуп,
Эрдемсинип тургаңмын.
Кадырлуу болуп калкыма,
Өтүптүр ошол жылдарым.
Так иштеп мен жүрүпмүн,
Кызматтан четтеп сынбадым.

Бурмалап иштеп ишимди,
Бузукулук кылбадым.
Убайын көрүп кызматтын,
Убагында жыргадым.

Балээни башка салышпай,
Пейлиңди бузуп жарытпай.
Эл үчүн эмгек кылып мен,
Иштеп жүрдүм талыкпай.
Теминип алдыда мен жүрдүм,
Өз теңимден калышпай.

## Согуш жылдары

### Алаамат учурда эл баккан жетекчи (Илязов Аяз) болгон

Элибиздин көрүнүктүү жана барктуу адамдарынын бири Илязов Аяз согуш жылдарында, элдин башына каатчылык түшүп, элибиздин белдүү эр азаматтары 1941-жылы согуш башталып, кан күйгөн учурда элди, жерди коргош үчүн армияга кетишти. Айрым үй-бүлөөдөн 2-3 төн балдары согушка кетти. Айылда мөгдүрөгөн карыган абышка-кемпирлер, аялдар жана жаш балдар калып, ачарчылыктын, жокчулуктун азабын тартып, күн өткөрүп жүрүштү. Ушундай каатчылык учурда элди уюштуруп жана түшүндүрүп, жан сакташ үчүн жалпы согуштан калган, жүрбөгөн-турбаган адамдарга

багыт берип, ар бир адамдын колунан келген ишти иштетип, элге баш-көз боло турган, элдин ишеничин аткара турган акылдуу адамдардын бири Илязов Аязды өкмөт тарабынан милдеттендирип, колхозго башкарма коюп элдин алдында шайлап берди. Аяз аке мурун Тогуз-Тородон чыгаан адам Азаматов Калдыбайдын кол астында катчы болуп иштеп, эл менен көнүшүп, иштин шартын толук түшүнгөндүктөн, эл менен сүйлөшүп, акылдашып, татаал турмушту жеңүү максатын көздөп, жаз алды менен ат соко менен жер айдадып, бышкан кезде жумушка жарактуу адамдарды жалпы кол орок менен эгинди ордуруп, орулган эгинди коромжуга учуратпай, кырманга жеткирип, молоташ менен бастырып, кызылын тазалап кампага сактап, ченем менен элге эгин таркатып берип, элди эптеп жан сактатып турган.

Бара – бара элдин жашоо-турмушу оңоло баштап, элдин курсагы тоюнуп, турмуш-шарт жакшыра баштады. Колхоздо башкарма болуп, жыл үзүрлүү иштеген. Элдин суроо-талабын учурунда аткарып турган. Тартипти бекем кармап, элди тостурбай ачарчылыктан сактап калган.

Ушул каатчылык учурда Жумгалдан, Кабактан, Сары Камыштан жана коңшу райондон, турмуштун начарлыгынан илик-жаат издеп келип, Дөдөмөлдөн Кош-Булак айылынан жан сактагандар көп болгон.

Согуш учурунда айылдагы элдин турмушунун жакшырышы элди башкарган жетекчиге байланыштуу болоорун ким деле болсо түшүнөт эмеспи. Ошондуктан айылыбыздын башынан өткөргөн улгайган адамдар Аяз акени оозунан түшүрбөй, кийинки жаш балдар түшүнсүн деп айтып жүрүшөт. Кийинки күндөрдө дагы колхоздо кой ферма башчысы болуп иштеп жүрдү.

Элибизде ушундай эл үчүн иштеген адам көп болсо экен дешип балдары Жолдошказы, Сүйүнбектер атасынын жолун жолдосун, эл үчүн кызмат кылган адамдардан болуусун каалашат.

**Эки жакшынын көзү өтсө да, артында айтылып, кыял-жоругу, изи калды. Ашим, Бүайша боюнча.**

Элибиздин белдүү инсандарынын бири эл үчүн ак ниети менен эмгек кылган, кандай гана иш болбосун иштеп, ишинин этегине чыгып, үзүрлүү эмгегинин натыйжасында убагында эл оозуна алынып, айтылып калган экинин бири болуп, өзүнүн журүм-туруму жана майын чыгара иштеген адамдын бири Илязов Ашим өзү жогорку билимдүү, иш тажрыйбасы бар. Ишке көзү жеткен, чынчыл, ишин так аткарып, Районубуздун РДСУ мекемесин көп жылы жетектеп жүрдү. Ал учур союз убагы эле, өз мекемесине тиешелүү техниканын эскиси жетип калгандыктан, жогорку жетекчилерге тынбай кат жазып, элдин сунуш-талабын түшүндүрүп, жетекчини ынандыргандыктан, натыйжасында жаңы техника алып, ошонун негизинде техниканын күчү менен Дөдөмөл менен Өрнөк участкасынын ортосуна жол салып, машина менен эл каттап турду. Ошондой эле Беш-Көлгө көпүрөгө чейин жана көпүрөнүн өйүз-түйүзүн, марал кечүүгө чейин жол салдырган.

Мындан сырткары Казармандын Карачий участкасын машине жолдун жээгине бак-дарак тиктирген. Ошондой эле Кара-Коюн участкасынын орто көлмөгө жолдун жээгине бак-дарак тиктирип, РДСУ өзү көзөмөлгө алып, бүгүнкү күндө бак-дарак дүңгүрөп өсүп, эл Ашимдин эмгегинин натыйжасында болду деп айтылып жүрөт.

Ашим акенин иштеген иши бааланып, жогорку орган тарабынан ардак грамота менен сыйланып, иши менен эл арасында барктуу, кадырлуу болуп жүрдү. Өзгөчө өзүнүн адамгерчилиги, кичипейилдиги, карамагындагы жумушчуларына жакшы шарт түзүп жана тартипти бекем кармагандыктан жана өзү таза иштегендигинин натыйжасында кадыр-баркка жетти. Ашим акенин жакшы эл үчүн иштегендиги эл оозунда айтылып калды.

Ашим биздин агабыз,
Мурункуну ойго салабыз.

Өтүп кетти жашында,
Өкүнүп биз калабыз.

Так иштеп элге жакты эле,
Акыл сөздү айтчу эле.
Өз теңдүүнүн ичинде,
Кадырлуу эле, барктуу эле.

Эмгегин элге сиңирди,
Кужүрмөндүүлүгү билинди.
Учурунда иштеген иши бааланып,
Сүрөтү ардак тактага илинди.

Азат, Нурзат балдары,
Аида, Оки ардагы.
Туурасын айтып жатамын,
Сөзүмдүн жок жалганы.

Иштеп – иштеп талбаган,
Жумушун элге арнаган.
Жумушчуларын колго алып,
Тартипти бекем кармаган.

Тартип бар жерде иш болот,
Баштаган иши түз болот.
Калыс, таза адамдын,
Теңтуштары жүз болот.

Балдары атасынын жолун жолдосун,
Кемчилдик балдарында болбосун.
Үй-бүлөсү аман-эсен жүрүшсүн,
Ашим аке арбагы менен колдосун.

Ашим акенин өмүрлүк жолдошу Садырова Бүбүайша өмүрү өткөнчө урмат-сый менен жүрүп өттү. Өзү теңдүү аялзатка үлгү

көрсөткөн таасирдүү аялзаттын бири эле, өзу жогорку билимдүү союздун учурунда окуган. Мугалимдик кесипти аркалаган, айыл эмес, райондун ичинде авторитеттүү, көрүнүктүү адам эле. Көп жылы мурун Ленин атындагы орто мектепте катардагы мугалим болуп, кийин мектептин жетекчисинде иштеп жүрдү. Окуучуларга сабак өтүүдө талапка ылайык, таасирдүү сабак берип жүргөнүн окуучулар айтып жүргөндүгү, алдыңкы катардагы мугалим экендиги жана адамга жасаган мамилеси дурус болгондугу эл оозунда айтылып жүрдү. Элдин ишенимине ээ болгондуктан, бир топ жыл айыл өкмөттө, жергиликтүү советке депутат болуп, эл шайлап, депутаттык мандатка ээ болду.

Ошондой эле райондук жалпы мугалимдин ичинен тандалып, жогорку агартуу министр тарабынан ардактуу наамга ээ болуп, элдин сүймөнчүлүгүнө татыктуу болуп, элге ишенимдүү таасир калтырды жана эл агартуунун отличниги деген наам алгандыгы бекеринен эместир.

Бүбүайшанын тарбиялаган уул кыздардан райондун жетекчилигинде жана мекеме жетекчилигинде иштеп жүргөндүктөн, калк арасында Бүбүайшадан окуган тарбия-таалим алган деген сөз айтылууда.

Улуу баласы **Азат** жогорку билимдүү механизацияны бүткөн. Азыр Кочкордо иштеп жүрөт. **Нурзат** уулу электрик, Тогуз-Тородо Макмалда иштейт. Кыздары **Аида, Оки** жогорку окуу жайын бүтүп, мугалимдик кесипте иштешет. Аида Бишкекте, Оки Жалал-Абадда университетте мугалим.

Бүбүайша Ленин орто мектепте мугалим болуп иштеп жүргөн кезде көзү өттү. Артында уулдары кыздары жана бир туугандары калды. Бүбүайшанын кыял-жоруктары, мүнөзү жакын санаалаштарынын оюнда дайыма турат.

**Алтын бешик, алтын чөйчөк Тогуз-Торонун 80-жылдагы деген мазмунунда, мырзалардын таймашы.**

Быйылкы жыл эң орчундуу жыл болуп эсептелет. Анткени 2016-жыл тарых жана маданият жылы деп жарыялангандыктан жергиликтүү советтин депутаты Кыдыкбаева Бейшегүлдүн демилгеси менен Тогуз-Торо айыл өкмөтүнө караштуу Дөдөмөл Кош-Булак айылынын жаштарын уюштуруп, элибиздин маанайын көтөрүү максатында жаштарыбыз өз өнөрлөрүн элге тартуулап, элдин алкышына ээ болду. Бул демилгеге районубуздун тиешелүү мекемеден Көчөрбаев Акыл, Жеңишова Чолпон, Базарова Апал жана башка адамдар катышышты. Бул жакшы саамалыктын маанисин баштаардын алдында жергиликтүү советтин депутаты Кыдыкбаева Бейшегүл көпчүлүк элге мырзалардын таймашуусунун маанисин-мазмунун толук түшүндүрүп, ар бир мырзаларга алтыдан тапшырма берилип, убакыт чектелип, түшүндүрүлдү. Районубуздан келген алты адамды калыска шайлап алышты. Жыйынтыгында аткарылган тапшырмага ылайык сыйлык чектемей болушту.

1-тапшырма. Көркөм окуу боюнча.

2-тапшырма. Ар бир мырзанын ырдоосу.

3-тапшырма. Ар бир мырзанын ар түрдүү бийлөөсү.

4-тапшырма. Жоктон бар кылып, керектүү буюм жасоо.

5-тапшырма. Тогуз-Тородон чыгаан адамдар ким болгон, эмнеси менен таанылган?

6-тапшырма. Тогуз-Торо, Дөдөмөл, Саймалуу Таш, Казарман ушул сыяктуу сөздөрдү чечмелеп айтуу.

Бул оюнга Дөдөмөлдөн 1.Айытпай уулу Тыкы, 2. Темирбек уулу Руслан, 3. Мусаев Төрөбек, 4. Бүдүров Төрөбек, Кош Булактан Темирбек уулу Тойчу, Көчкөнбай уулу Дайыр, жалпы алты мырза катышты.

Бул кече эң мыкты өттү десем жаңылышпаймын. Жыйынтыгында алты мырза тең болуп жыйынтыкталды жана тиешелүү сыйлыктар менен сыйланышты. Эл бул кечеге клубга жык толуп, өз көздөрү менен көрүшүп, жалпы эл кубануу менен тындырбай кол чаап элдин сүймөнчүлүгүнө ээ болушту.

Кеченин акырында Казармандан келгендерден жаш айыл тургундардан куттуктап, жакшы сөздөрүн айтышты. Бул жакшы демилгени райондун башка айыл өкмөттөрүндө дагы уюштурушуп, элге жайылтмай болду.

**Жараткандын тийсин жардамы,**

**Жашай берсин Тынайдын балдары!**

Ал муздактан бери айтылып жүргөн чоң уруунун бири Тезек болуп эсептелет. Ушул уруунун ичинен Тынай уруусу бар. Тынай уруунун көпчүлүгү Дөдөмөл айылында жашайт. Тынай уругунун урпактарынын сакалдуусу Аамат, Мамет, Курманбек, Соң-Көл, Сталбек, Абай, Автандил, Урмат, Бекташ, Санташ жана кыздардан Бурулбү, Гүлсайра, Ыкын, Сыйбүлөр болуп эсептелет. Бул сакалдуу адамдарды Тынайдын жаштары урматтайт, сыйлайт. Ошондуктан Тынайлар башынан бери ынтымакта болушуп, жакшылыкта жана жамандыкта тике туруп, ойлорун тең бөлүшүп келишкен. Мындан кийин дагы ушул салтын түбөлүк улантмакчы.

Ушул учурда Тынайдын урпактарынын жашоо-шарты жакшы, ар кимиси мал күтүп, чарбачылык ишке көңүл бөлүп, тынбай эмгектенгендигинин натыйжасында, бирөөнүн көзүн карабай же өкмөттөн талап кылбай, үй-бүлөсүн жакшы тейлеп жашап жаткан учуру. Ушунун натыйжасында эл ичинде барктуу, эмгеги менен даңктуу болуп, түпкү тегин булгабай, элдин арасында кадырлуу, сыйлуу болушуп жашап жатышат.

Бул заманыбыз бара-бара түз жолго түшүп, өнүгүп бара жатканына көзү жетип, аз жылдардын ичинде өнүккөн мамлекетке жетерине толук ишеним бар. Мына ушул заманыбыздын алга жылып бара жатканын көрө албастык кылып, эл ичинде эл бузаар адамдарыбыз, бийликке баруу жолун издеп, айрымдар заманды жаман атты кылып, элди үндөп пикетке чыгып жатканы өкүнүчтүү, буга Тынайдын урпактары жана көпчүлүк эл жаштар жол бербейт.

Тынай уруусунун жаштары мындай эл бузаарларды жек көрөт. Ошондуктан бийлик талашып, элди бөлүп-жарганды ыр түрүндө айтууга туура келди.

Тынай биздин атабыз,
Жакшы жашап жатабыз.
Түз жүрөбүз дайыма,
Пикетке чыкканга капабыз.
Өнүгүү жолуна түшкөн соң,
Өнүксүн деп шашабыз.
Орунсуз ишти жасаса,
Оолактап андан качабыз.

Эл бузганды билбейбиз,
Мындай ишти сүйбөйбүз.
Билип калсак нааданды,
Көргөн жерден тилдейбиз.
Элге жакпайт ишиң деп,
Оң жагына үндөйбүз.
Колдобосок заманды,
Анда өмүр бою кирдейбиз.

Өкмөткө менин тилегим,
Өнүксүн деп жүрөмүн.
Ынтымак болсун элде деп,
Ошону дайым сүйөмүн.

Элге чыккынчылык кылганы,
Үгүттөп элди бузганы.
Бириктирбей элимди,
Ал адам элдин душманы.

Чыкпасын сөзүм төгүнгө,
Ынтымак болсун элимде.
Гүлдөп өссүн Мекеним,
Тынччылык болсун жеримде.

**Дагы эле келет жашагым**

Балдардын көрүп убайын,
Колдосо экен кудайым.
Тиги жактан пенсия бербейт го,
Дагы эле жашап турайын.

Ынтымак болсун дайыма,
Ыдырабасын Тынайым.
Бирин-бири сыйлашат,
Буга тообо кылайын.

Баштадым экинчи китепти,
Этегине чыгып тынайын.
Ден соолук берсе жараткан,
Эми токсон тогузга чыгайын.

Балдарга кайгы салбайын,
Тиги жакка барбайын.
Окуганда күлсүн деп,
Бул сөздү балдарыма арнайын.

**Жайылды менин кулачым,**
**Балдарым оюмду дайым бурасың.**

Жашоодо мен турмуштун оош-кыйыш, жокчулукту барчылыкты башымдан өткөрдүм. Атам Эрмендир, апам Адими, карындашым Керезбү экөөбүздү кор кылбай багуу үчүн турмуштун кыйынчылыгына туш болуп, күн өткөрүп жүрдү. Бирок атам союздун учурунда активге аралашып, апам өз теңдүүлөрдүн тыңы болуп, элге алынып, кадырлуу барктуу болгондуктан, бир жагы согуштун учуру болуп, турмуштун оордугуна карабай, жокчулукка моюн сунбай, тың оокат кылып, Керезбү экөөбүздү кийимден тостурбай, курсакты ач кылбай, кыйналбай багып, бизди эрезеге

жеткирип, үйлүү-жайлуу кылды. Керезбү экөөбүздүн ата энебизге эч бир наарazyчылыгыбыз жок.

Бирок биздин убайыбызды жартылуу көрбөй калганына ушул күндө ойлонуп өкүнөм. Атам 42 жашында, апам 60 жашында өтүп кетти. Мен улгайдым, 80 жаштан өттүм.

Ошондуктан кыздарым, балдарым кийин окуп жүрсүн деген ой менен ушуну жазып турамын. Кыздарым: Сыйбү, Жийдегүл, Апал, Уулбү, Таттыбүбү. Уулдарым: Руслан, Артур.

Байбичем Кадыйча экөөбүз кыздарыбызды, уулдарыбызды эрезеге жеткирип, окутуп-чокутуп, окуусун бүткөндөн кийин кыздарыбызды күйөөгө берип, уулдарыбызды үйлөнтүп, ар кимиси үй-жайлуу болуп, бала-чакалуу болушту. Балдарыбыз аркылуу кунүмдүк эмес, миң жылдык куда-сөөк күттүк. Ушул күндө куда-сөөк менен сыйлашып, жакшы мамиледебиз. Неберелерге таята, чоң ата болуп турабыз. Ошондуктан ушул китепке кудаларды, кудагыйларды дааналап жазып коюну туура деп ойлоймун. Анткени окурмандар окуп алып толук түшүнүүсү туура болот деген ойдомун.

| **Кудалар:** | **Кудагыйлар:** |
|---|---|
| Өмүралы уулу Кадыржан | Сайра |
| Осмоналы уулу Айылчы | Шарипа |
| Султангазы уулу Абалы | Салый |
| Кутунай уулу Калмурат | Назгүл |
| Бекмат уулу Шайхидин | Кеңеш |
| Өзүкан уулу Эсенбек | Мөөркан |

Мындан сырткары Керезбү экөөбүз отузга жакын небере чөбөрөбүз үйлөнүп, куда-сөөк күтүп турабыз. Мына ушундай Азылзат ардактуу куда-сөөк күттүк. Ошондуктан биз бактылуубуз деп жаратканга жалынып, тообо келтирип отурам. Ошондой эле көрүнгөн тоонун алыстыгы жок дегендей балдарым: Камчы, Эльзар, Бакай, Кошой деген мырзалар азыр жогорку окуу жайында окуп жатышат. Окуусун бүтүшсө үйлөнүшөт деген үмүтүм бар. Ушулардын жакшылыгын көрсөм деген ойдо турам.

## Балдарга ак батамды беремин

Артымда айтып жүрсүн деп,
Акылына түйсүн деп.
Ушул сөздү жаздым мен,
Окуп алып билсин деп.
Балдарга ойду бөлөмүн,
Бир пикирге келемин.
Чын ниетим менен балдарга,
Ак батамды беремин.
Балдарым, кыздарым ыймандуу ырыстуу болуп,
Тилеген максатына жетишсин.
Алла Таала бак берсин,
Бак берсе да бат берсин,
Бат берсе да саз берсин.
Ырыс берсин, ырыс берсе да дурус берсин,
Балдарым сөзгө чечен болсун,
Туугандары менен эсен болсун.
Жакшы менен жанашып жүрсүн,
Жамандан адашып жүрсүн.
Ырыскы балдарымдан кетпесин,
Ыймансыздар балдарымдан четтесин.
Агыны катуу селден сактасын,
Ашуусу бийик белден сактасын.
Тополоң болгон элден сактасын,
Мейкин талаа чөлдөн сактасын.
Мелмилдеген көлдөн сактасын.
Балдарымдын ачык болсун маанайы,
Артыла берсин таалайы.
Элге барктуу болсун,
Иши менен даңктуу болсун.
Балдарыма ачык көңүл берсин,
Арчадай өмүр берсин.
Менин сексенден ашкан курагым,
Төш таянган убагым.

Аллага тообо келтирип,
Балдарымдын өмүрүн тилеп турамын.
Ооомийн!

**Русланга!**
Жайылды менин кулачым,
Руслан менин кубатым.
Ойдо тоодо жүрсөм да,
Оюмда балам турасың.

Руслан менин ырысым,
Башка жок менин жумушум.
Баарынан кыйын иш экен,
Балдардан алыс турушуң.

Аталап турат балдарың,
Аллага жок арманым.
Балдарым үчүн ыр жазам,
Жакшы болсо дарманым.

Бузулганды үнүнөн тааныган,
Техниканы билет абдан.
Балдарым шаарда, мен мында,
Сүйлөшпөй калсам сагынам.

Балдарыма кубанам,
Айтпай кантип тура алам.
Бириңди бириң колдоп жүр,
Ынтымак бол деп суранам.

Балдарым шоопурмардын ардагы,
Көп тиет элге жардамы.
Русланымды ар дайым,
Колдоп жүрсүн апасынын арбагы.

Форматы: 60х84/16. Офсет кагазы.
Көлөмү: 11,5 б.т. Нускасы: 200

«Maxprint» басмасында басылды.

ИЗДАТЕЛЬСТВО MAXPRINT БАСМАСЫ

Адрес: 720045, Бишкек шаары, Ялта көчөсү 114
Тел.: (+996 312) 36-92-50
e-mail: maxprint@mail.ru